Кпрг
И
О 97

РОБЕРТ С. О‘БРАЙЕН

# ФРИСБИ АЙЫМ ЖАНА МОУИдеги КЕЛЕМИШТЕР







БД

Роберт С. О'Брайен

# Фрисби айым
# жана
# МОУИдеги келемиштер



РБДЮ им. К. Баялинова
АМЕРИКА БОРБОРУ

«Турар»
Бишкек – 2015

3180

УДК 821.111(73)-93
ББК 84.7
Р 58

Robert C. O'Brien
Mrs. Frisby and the Rats of NIMH

Copyright © 1971 by Robert C. O'Brien
All rights reserved

**Роберт С. О'Брайен.**
К **Фрисби айым жана МОУИдеги келемиштер** / Котор. Т. Мадылбай. – Б.: Турар, 2015. – 232 б.

ISBN 978-9967-15-491-9

Мээни ойлондуруучу улуттук институтунда (МОУИде) үйрөтүлгөн келемиштер тууралу укмуштай жомок. Келемиштер жесир талаа чычканы Фрисби айым менен анын балдарына үйүн дыйкандын буурсунан куткарууга жардам берет. Бул китеп балдар адабиятынын классикасы деп эсептелинет, Роберт С. О'Брайендин ушул чыгармасы Ньюберинин алтын медалына жана эң жогорку «Балдар адабиятына кошкон зор салымы үчүн» сыйлыгына татыктуу болгон. Ошондой эле бул китептин негизинде «Бүткүл замандардын 50 мыкты мультфильми» тизмесине кирген атактуу тасма тартылган.

Сүрөттөрүн тарткан *Злата Коксал*

Р 4804040100 УДК 821.111(73)-93
ББК 84.7

ISBN 978-9967-15-491-9

© Турусбек Мадылбайдын котормосу, 2015
© Басмакерлер менен китеп таратуучулар ассоциациясы, 2015

**БАСЫЛМА АМЕРИКА КОШМО ШТАТТАРЫНАН ЭЛЧИЛИГИ ТАРАБЫНАН КАРЖЫЛАНГАН. САТТЫКА ЭМЕС**



# ТИМОТИ ФРИСБИНИН ООРУСУ

Фрисби айым Фитсгиббон мырза аттуу дыйкандын жемиш багындагы жертөлөдө жашаган талаа чычкандарынын башчысы. Талаа чычкандары кышкысын оокаттан кыйналганда, токой менен жайытта жашоо өтө татаал болгон маалда ушул тамга көчүшөт. Адамдар түшүмдү терип бүткөндөн кийин деле лоя, тобуя жана кушконбос жөөктөрүндөгү жумшак жерде чычкандар үчүн жайнаган жем калат.

Фрисби айым үй-бүлөсү менен тамдын эң ыңгайлуусун тапты. Ал бир аз жарака кеткен, ичи көңдөй, ортосунда эки чоң тешиги бар кыш болчу; аны жайдын бир күнүндө жемиш багына бирөө таштап кетиптир, ошону менен ал топуракка көмүлүп, болгону бир учу жерден сороюп чыгып турган бойдон Фрисби айым таап алды. Кыштын бүтүн тараптары үстүнөн да, астынан да суу өткөрбөй турган чатыр жана таман болуп берип, тешиктери болсо чычкандарга эки чоң бөлмөнүн кызматын аткарчы. Фрисби айым менен балдары чогулткан жалбырак, чөп-чар, кездеменин куракктары, томолоктолгон пахта, канат-куйрук жана башка жумшак нерселер төшөлгөндүктөн үйдүн ичи кышы менен жы-

луу, кургак, ыңгайлуу эле. Чычкандан чоңураак, мышыктын бутунан кичирээк казылган бактын үстүнө жеткирүүчү тешик аркылуу үйгө аба кирип, чоң бөлмөгө жарык да тийип турчу. Экинчи тешикте жайгашкан жатакана бөлмөнүн ичи жылуу, бирок чак түштө дагы караңгы эле. Кыштын аркасындагы кыска тешик эки бөлмөнү кошуп турчу.

Жесир болгонуна карабастан (анын жубайы өткөн жайда өлгөн) Фрисби айымдын жолу ачылып, ал адал эмгеги менен төрт баладан турган үй-бүлөсүн бактылуу, ток кармап багып турган. Январь менен февралда өзгөчө кыйын болду; декабрда башталган кычыраган, катуу суук мартка чейин уланып, тобуя жана лоя куштардын жардамы менен февралда эле түгөндү, кушконбостун тамырлары таштай катып, бериңгит улам тоңуп, кайра эрий бергенинен былжырап эзилип, дааамы ачуу тартып кетти. Ошентсе да Фрисбинин үй-бүлөсү колдо барына топук кылып, ачарчылыктан эптеп сактанды.

Анан бир күнү февралдын соңунда Фрисби айымдын кичүү уулу Тимоти ооруп калды.

Ошол күндүн таңы карсыз, суук, асман чайыттай ачык эле. Фрисби айым демейдегидей эрте турду. Ал балдары менен ар жерден чогултулган түк, жүн, ар кандай кездемелердин жылуу курактарынан салынган төшөктө жатчу.

Балдарын ойготуп албайын деп акырын чыгып, ал кыска тешик менен чоң бөлмөгө кирди. Ал жерде жылуу да эмес, бирок суук да эмес болчу. Ал, кире бериштеги тешикте жылт эткен жарыктан күндүн чыгып, тийип турганын көрдү. Чоң бөлмөнүн аркасында майда таштан тизилген чакан коңул алардын аштымканасы эле, ошол жердеги тамак-ашын карады. Оокат жетиштүү экен, бирок алардын өңү Фрисби айымдын көңүлүн айнытты, анткени акыркы айда алар күнүгө дайым эле бир өңчөй тамактанып жүрөт. Канткенде ал биртике жашылча, кичине бир жумуртка, бир сындырым быштак же нан таап алса болоорун ойлонду. Жакын жердеги тоокканада жумуртка жетиштүү болчу. Бирок тоок менен

жумурткаларга талаа чычканынын алы жетпейт эле, анткени алар өтө чоңдук кылчу; андан тышкары жемиш багы менен тооккананын ортосунда айрымдары өтө бийик куурай менен чөп-чар өскөн ээн жер жатат. Ал – мышыктардын аймагы.

Фрисби айым муруттарын алдыга соройто тешик аркылуу сыртка чыкты да, акырын туш тарабын карады. Аба муздак, токойдун четиндеги жөөктөрдүн жана кургак жалбырактардын үстүндө каткан кар жатты.

Фрисби айым тыкан айдалган топурак менен барып кашаага такалганда оңго бурулду да, балбылдаган тоголок көздөрү менен сабиз, тоңгон жапайы сабиз же эптеп бир жашылча издеп токойдун чегин бойлой жөнөдү. Бирок жылдын ушул мезгилинде карагайдын тикени менен тишбутактын жалбырактарынан башка жашыл эч нерсе жок болчу, ал эми тигинисин да, мунусун да, чынын айтса, чычкан да, башка бир дагы жан жебейт эле.

Ал эми бир аздан кийин ал так алдынан чындап эле жашыл бир нерсени көрө салды. Бактын учуна чейин барып, токой дал кашаага такалган жерден ал дүмүрдү тапты. Анын ичи көңдөй экен, андан жалбыракка окшош бир нерсе сороюп чыгып турду.

Фрисби айым зым кашаадан оңой эле өттү да, акырын көңдөй жерге жакындады. Дүмүр бирөөнүн турак жайы болгон күндө да, ал жерде ким же эмне бар экенин айтып болбойт.

Көңдөйгө жарым кадамдай калганда Фрисби айым дымырап, туш тарабын тиктеп, тыңшап туруп калды. Ал эч нерсени уга албай койду, бирок ордунан жашыл нерсенин эмне экенин көрүп турду. Чынына келгенде ал саргыл-күрөң-жашыл түстүү болчу; ал жүгөрүнүн кабыгы эле. Бирок кабык ал жерде эмне кылып жүрөт? Жүгөрү талаалары чарбанын наркы тарабында, жайыттан алыс турчу. Фрисби айым акырындык менен улам жакындай берди, анан ал дүмүрдүн үстүнө чыгып, көңдөйдүн ичине баш бакты. Караңгыга көздөрү бир аз

көнгөндөн кийин, ал бир чоң кен тапканын түшүндү: кышкыга даярдалган тамак-аш мээнет менен чогултулуп, анан кандайдыр бир себептерден унутулуп же ташталган экен.

Бирок аны ким чогултту? Балким, жануттур? Андай эмес го, суудан өтө алыс экен. Тыйын чычкан же суурдун чогултканы окшойт. Фрисби айым тигилердин жыл бою жүгөрүгө тоё жегенин, алардын ошол жемди ташыганга, кор чогултканга алы жетээрин жакшы билчү.

Бирок кимиси ошентсе да, эмнеге бул корду таштап кетти экен? Анан бир аздан кийин чычкан эстей койду. Ноябрь айында бекинген жаныбарлардын баарын титиреткен коркунучтуу добуш токойдун четинен угулуп жатты, ал добуш аңчылардын мылтыктарынын үнү болчу, бирөөлөрдү от каптап, денесин катуу ооруткан добуш эле. Ошондон кийин айрым жаныбарларга оокат-аштын да кереги жок болуп калган.

Ошентсе да тигил жаныбардын ким экенин таанынбагандан кийин, аты-жөнүн билбегенден кийин Фрисби айым көз жашын төгүп ыйлаган да жок, ошондуктан оокат-аш ага жөн гана жем болду. Ал жашылча деле эмес болчу, бирок чычкан балдары менен жүгөрүнү аябай жакшы көрчү, дүмүрдүн ичинде болсо сегиз килейген сото жатты, алар чычкандын үй-бүлөөсүнө бир кыйла жардам бермек. Жүгөрүнүн астынан чычкан ошол эле чарбанын четинен жаңы терилген бир ууч тобуя, бир нече жаңгак жана кургатылган, буруксуп жыттанган козу карынды тапты. Алдыңкы буттары жана курч тиштери менен ал жүгөрүнүн кабыгынан үзүп алды да, аны баштык катары эки бүктөдү. Андан кийин ага алып кете ала тургандай сары дандардан салып, үйүн карай шашты. Калгандарын ал бала-чакасы менен тамактангандан кийин келип алып кетет.

Чычкан жүгөрүнү сүйрөгөн бойдон үйүнө кирди. Кирээри менен ал сүйүнүп кыйкырды:

– Балдарым! Ойгонгула! Тамакка мен эмнени алып келгенимди карагылачы! Сүйүнчү!

Балдары шашып-бушуп, кубанганынан көздөрүн сүртүнүп чуркап келди, анткени ушундай кычыраган суукта ар бир тамактын түрү сейрек жана жыргал болчу. Эң улуусу Тереза биринчи жүгүрүп келди; артынан эле эң чоң, күчтүү жана шамдагай, байкуш атасына окшош жүндөрү кара, сулуу мөндөлөй Мартин кууп жетти. Алардан соң Синтиа көрүндү, ал эң кичүү, сымбаттуу, жүнү сары, татынакай эле, чынчынына келгенде ал жеңил-желпи болчу, бийлегенди өтө жакшы көрчү.

– Кана? – деп сурады ал. – Бу эмне? Кана сүйүнчү?

– Тимоти кана? – деп сурады Фрисби айым.

– Апаке, – деди Тереза кабатырланып. – Ал ооруп атам, тура албайм дейт.

– Болбогон кеп. Мартин, иниңди тезирээк тургун дечи, болбосо оокатсыз калат.

Мартин жатакана бөлмөгө чуркаган бойдон кетти да, анан бир паста келип калды.

– Ал аябай катуу оруп атам деди, тамак ичпейт экен, сүйүнчүнүн да кереги жок имиш. Мен маңдайына колуму тийгизсем, тим эле оттой жалындайт.

– Кокуй! – деди Фрисби айым. – Чындап эле ооруп калса керек. – Тимотинин соо болсо да, мезгил-мезгили менен оорумуш болуп жүргөнүн бардыгы эле билчү, – Мынакей, жей бергиле, Тимотиге да калтырып койгула, мен барып, анын эмне болгонун көрүп келейин.

Ал жашыл баштыгын ачып, дасторконго жүгөрүдөн салды да, аны тепетең бешке бөлүп койду. Дасторкону – эки учунан ташка карматылган кашаанын сыныгы эле.

– Жүгөрү! – деп кыйкырып жиберди Мартин. – Апаке! Муну каяктан таптың?

– Жегиле, – деди Фрисби айым. – Кийинчерээк мен силерге ал жерди көрсөтөм, анткени ал жакта жүгөрү жайнайт.

Ошону менен ал жатакана бөлмөгө бара турган чакан далисти бойлоп жоголуп кетти.

– Мындан көбүрөөк экен, – деп кайталады Мартин эки эжесинин жанына отуруп. – Бизге ал көчкөнгө чейин жете тургандай.

– Ошондой эле болсо экен, – деди Синтиа. – Биз качан көчөбүз?

– Эки аптадан кийин, – билгенсип жооп берди Мартин. – Мүмкүн, үч аптадан кийин.

– Мартин, сен муну кантип билдиң, йа? – деп каршы чыкты Тереза. – Суук түшүп калсачы? Тимоти дагы түзүк болбой калсачы?

Кайдан келгени белгисиз, ушул дүмөктүү ойдон бардыгы кабатырланып, бир топко унчукпай калышты. Анан Синтиа кошумчалады:

– Тереза, көңүлүңдү чөктүрбөчү. Көрөсүң го, ал оңолуп кетет. Ага болгону суук тийиптир. Ошол эле.

Анан ал жүгөрүсүн жеп бүттү, калгандары да түгөттү.

Жатакана бөлмөдө Фрисби айым Тимотинин маңдайын басып көрдү. Чын эле ысык экен, тер басып калыптыр. Тамырын кармап көрүп, ал жаман оюнан чочуп, билегин силкип жиберди.

– Ичиң оруп атабы?

– Жок, апа. Бардыгы жакшы эле, болгону чыйрыгып атам, анан отурайын дегенде, жүрөгүм айланып кетип атат. Демим да кыстыгат.

Фрисби айым анын өңүн кабатырлана карады, ал Тимотинин тилин деле карап чыкмак, бирок күңүрт бөлмөдөн тигинин башынын сөлөкөтүн гана чала-була көрдү. Тигил анын балдарынын эң арыгы болчу, атасы менен агасындай ирени кара эле. Анын тумшугу кууш, көздөрү демейдегиден чоң жана жалтырап турчу, ал сүйлөгөндө көздөрүнөн куттуу ойлор чачырай түшчү. Фрисби айым балдарынын ичинен анын эң акылдуу жана эстүү экенин билчү, бирок бул жөнүндө эч

качан ачык айтчы эмес. Анткени менен Тимоти ошондой эле эң чабалы да болчу: суук тийип, тумоо тараган маалда, ал биринчи болуп ооруп, эң акырында айыкчу. Балким, ошондондур, ал сарсанаага көп батчу. Бирок бул жолу шек жок, ал чындап эле ооруп калыптыр. Эти аябай ысып, деми катуу кыстыгып турду.

– Байкуш Тимоти. Жамынып жат.

Фрисби айым уулун төшөк ордуна пайдаланган чүпүрөк менен кабаттап жаап салды.

– Жакында биз сени жарык жерге жаткыра тургандай төшөк ырастап беребиз. Мен бүгүн эртең менен кыштын аягына чейин түгөнбөй турган жүгөрү таап алдым, жейсиңби?

– Жок, рахмат. Мен ачка болгон жокмун. Азырынча жебейм.

Ал көздөрүн жумуп, бир аздан кийин уктап калды. Бирок анын уйкусу тынчсыз болду, ал улам онтоп, ордунан оодарыла берди.

Кийинчерээк эртең менен Фрисби айым, Мартин жана Синтиа дүмүргө барып, дагы бир аз жүгөрү, тобуя жана козу карындан үйгө алып келди. Жаңгакка алар тийген жок, анткени чычкандардын тиши ага өтмөк эмес, ал эми кажый берип алар чарчап кетмек. Үйдө Тереза гана калды, ал мейманкана бөлмөдө жаңы орнотулган төшөктөгү Тимотини карап турмак. Түшкүгө тамак-ашты бир топ жүктөп келген алар тигинин коркуп ыйлап алганын көрүштү.

Тимотинин акыбалы начарлап кетиптир. Эти ысыганынан көздөрү бир башкача, ар бир дем алган сайын ал жан талашкансып солкулдап, титирейт.

– Апаке, сиздин келгениңиз жакшы болбодубу,– деди Тереза. – Ал улам чоочуп атат, кайдагы бир мокочо менен мышыктарды айтып атат, ал эми мен бирдеме десем, мени укпайт.

Бирок Тимоти эч нерсени укмак түгүл, ал көздөрүн бакырайта ачканы менен эч нерсени көрбөй, ал эми көрсө да,

эч нерсени таанызбай калды. Апасы аны менен сүйлөшмөк болуп, колунан алганда, анын акыбалын сураганда, Тимоти аны көрбөгөндөй акшыйып карап жатты. Анан ал узакка онтоп, бир нерсени айтымыш болду, бирок анын жөөлүгөнү түшүнүксүз эле.

Калган балдары аны корко тиктеп турушту. Акырында Мартин сурады:

– Апа, эмне болду? Ага эмне болду, йа?

– Ал катуу ооруп калыптыр. Анын эти аябай ысып, жөөлүп атат. Буга эч нерсе жардам бере албайт, мен Эйжис мырзага барып келейин. Тимотиге дары керек.



# ЭЙЖИС МЫРЗА

Эйжис мырза деген ак чычкан чарбанын наркы четиндеги кыштан салынган дубалдын бир бөлүгүн там кылып жашачу. Дубал болсо дыйкандын тамындагы жертөлөнүн бир бөлүгү болчу. Там болсо илгери бир кезде өрттөнүп кеткен, ошондуктан анын кандай экенин да, анда ким жашаганын да эч ким эстей алчы эмес. Жертөлө жердин астындагы килейген төрт чарчы аң болуп кала берген; шамал менен кардан коргогон анын жаракалуу дубалында көптөгөн жаныбарлар жашачу. Жайкысын ал жерде Фрисби айым үчүн коркунуч туудурган жыландар жайгашчу, бирок кышкысын алардан коркпосо деле болмок.

Өткөндөгүдөй эле саякат узак, татаал жана өтө абайлабаса опурталдуу да болчу. Чынында эле алыска барыш керек болчу, бөлөк күндөрү Фрисби айым ал жакка күндүзү барбайт эле, анткени ал кайтып келгенче караңгы кирип кетеби деп корккон. Бирок Тимоти эртеңкиге чейин күтө албай турган. Ошондуктан бир пастан кийин ал кеттим деди да, жолуна түштү.

Эгерде ал тумшугу менен сезип жүрүп отурганда, анын Эйжис мырзага сапары кый-

ла эле жеңилдей түшмөк десе болмок. Бирок анда дыйкандын үйү менен кампаны да аралап өтүүгө туура келмек, ал эми ошол жерде мышык аны тынымсыз аңдып отурганын эске алып, ал чарбанын бурч-булуңдарынан буйтай качып, токойдун четинен алыстабай жүрүүгө аргасыз болду.

Чычкандар изин жашыраарда колдонуучу текирең баскан атка окшоп секирип, ал ылдам жүгүрө берди. Ал дегеле дабышсыз жылып отурду; такыр же чөп өскөн жерден гана басып, өзү кичинекей болсо дагы салмагы менен басканда тырс дей түшүп же сынып кете турган кургак жалбырактардан оолак жүрдү. Эгерде өзүнөн чоңураак бир кас жаныбарды көрсө, бекине кала тургандай дөңгөч, тамыр, таштарды ал көздөрүнүн кыры менен байкап кетип бара жатты. Мышык алардын эң биринчи душманы болгону менен токойдо чычканды кууй турган башка дагы жырткычтар көп эле.

Ушунун бардыгын кылып жатып ал Тимоти тууралу кабатырланды да, Эйжис мырза ага жардам берсе экен деп үмүттөндү.

Эки сааттан кийин ал тигинин жашаган кыш дубалына жакын калганын көрдү. Жубайы Эйжис мырзанын жакшы досу болуп, аныкына тез-тез барып турганына карабастан Фрисби айым өзү тигинин үйүнө бир гана жолу жайында барган. Ошентсе да ал ошол жерди жакшы эстеп калган. Токойдун кызыктуу бир чети бар болчу. Илгери там өрттөнө электе кишилер жашап жатканда, анын тегерегинде чоң бир жайыт болсо керек. Жылдар өтүп, токойдун четин бийик, калың чөп, чытырман чырмоок, жемиш жана жапайы гүл басып кетти. Жайкысын бул жак чакчайган гүлдөр, буруксуган карагаттар жана пушту беде баскан жапайы, бирок кооз жер болчу. Ал жерде тикенектүү уйгак менен уулуу кара куурай сыяктуу баңги заттар да өсчү, тегеректин баардыгы аарычаяндан гүүлдөп турчу.

Бирок кышкысын анын көркү томсоруп жана бозоруп калчу, анткени гүл менен жашыл жалбырактар жоголуп, бол-

гону чырмооктордун кууraган сөңгөктөрүнөн уруктары самсаалап, жер үстүндө сербейет, ал эми гүл менен алардын тамырынан Эйжис мырза оорулууну өлүмдөн да сактап кала турган ар кандай дары-дармек даярдачу.

Эйжис мырзага анын акыркы сапары дагы Тимотиге байланыштуу болчу, анда тигил кичинекей топко окшогон торсойгон мөндөлөй болчу. Башка балдар менен ойноп жүрүп ал тигилерден бөлүнүп кетиптир, ошондо аны уулуу бир нерсе чагып алыптыр. Алар ким же эмне чакканын билбей да калышты. Калган гана балдар аны тапканда, тигил бүкчүйүп жатыптыр, денеси бүт кыймылдабайт, өзү зорго дем чыгарат.

Анда Фрисби мырза тирүү эле, алар экөөлөп эптеп Тимотини Эйжис мырзага жеткирген. Ал саякаты өтө кайгылуу, өтө коркунучтуу болчу, анткени алар жеткенде да, баласы өлүп калдыбы деп коркушкан. Эйжис мырза мөндөлөйдү карап чыгып, тилин бир сыйра көрдү, тамырынан кармады да, мойнундагы чакан кызыл шишикти тапты.

– Жөргөмүш, – деди ал. – Уусу өтө күчтүү эмес, бирок баланын абалы баары-бир оор.

Эптеп ал Тимотинин оозуна сүттөй ак суюктуктан эки-үч тамчылатты да, дары тамагына кетсин деп башын бир аз чалкалата кармап турду, анткени Тимоти өзү жута албайт эле. Бир пастан кийин баланын булчуңдары бир аз бошой түштү, акыры ал колу-бутун кыймылдата баштады.

– Оңолуп кетет, – деди Эйжис мырза. – Бирок бир нече убакыт алсырап турат.

Үйгө алар сүйүнүп барышты, калган балдары да тирүү Тимотини кубанып тосуп алды. Анткени менен Фрисби айым баласынын чабалдыгы ошондон башталды деп ойлойт. Ошол күндөн кийин ал басканда бир аз аксай баштады, өзгөчө чарчаганда; ошол бойдон Тимоти агасы Мартинге окшоп күчтүү да болгон жок, эч чоңойбой да койду. Бирок ал абдан акылдуу эле, анысы – атасын тартканы.

Эми ал Эйжис мырзанын үйүнө жетти, ал калың такта менен жабылган кыштын дубалдагы тешиги болчу. Анын тамы дубалдын кырынан беш-алты карыштай төмөн жерде жайгашкан, ага жетүүүчүн кыштын сыныктарынан эптеп жасалган тепкичтер менен түшүү керек эле. Фрисби айым жыгачтын чамындысы менен каалганы тыкылдатты. «Ылайым эле үйүндө болуп калса экен», – деп ойлоду ал, бирок тигил жок экен. Эч кандай жооп болгон жок, ошондуктан ал эшиктин алдында сороюп чыгып турган кыштын үстүнө отурду.

Жарым саат өттү, батыштагы күн улам төмөндөй берди, ошондо гана ал үстү жактан тырмалаган бир добушту укту, анан тигил өзү дагы көрүндү, аркасында чүпүрөктөн жасалган дүңкүйгөн бир капты көтөрүп алыптыр. Анын жүнү жумшак, агыш, күйүп жаткансып жылтырап турчу. Фрисби айым Эйжис мырзанын табиятынан ак эместигин укканы бар, көрсө, анын жүнү карыганынан агарган турбайбы. Чын эле ошондойбу, муну ал билчи эмес. Албетте, тигил кары дагы, акылдуу дагы көрүнчү, бирок өтө эле тез кыймылдачу.

– Ии, Эйжис мырза, келгениңиз жакшы болбодубу, – деди ал. – Мени тааныйсызбы, билбейм. Мен – Фрисби айыммын.

– Албетте, мен сени тааныйм. Байкуш Фрисби мырза тууралуу угуп алып өтө капа болдум. Кенже балаң кандай, аты Тимоти беле?

– Мен сизге дал ошол балам үчүн келдим. Ал катуу ооруп атат.

– Ошондойбу? Мен аны башкалардай кубаттуу болбой калабы деп санаркагам.

– Сиз жардам бере аласыз го деп үмүттөнөм.

– Балким. Кире гой, мен кабымды салыштырайын.

Эйжис мырзанын тамы бут кийим салган кутудан кичине эле чоң, бирок түзүлүшү дал ошондой, тарки дүйнө сүргөн адамдыкындай болчу. Анын ичинде эмерек жокко эсе эле, болгону бурчта төшөк, отургуч катары пайдаланган жана дагы дарысын жанчый турган кыштын сыныктары бар экен.

Дубалдын биринин түбүндө тамыр, урук, кургатылган жалбырак, талдын кабыктары менен кургатылган козу карындардын тегиз жыйылган керектүү чийки заттары жатты.

Алардын үстүнө ал кабындагыларды кошту. Анын арасында тамыры ничке, жалбызга окшоп жалбырактарынын кылдары кара бир өңчөй майда чөптүн бир тобу бар экен.

– Зимолюбка, – деди Эйжис мырза. – Илимий аты. Бул кышы менен көктөй берет, мындан пайдалуу жазгы сергитүүчү суусундук даярдаса болот. Көпчүлүгү жалбырагын эле пайдаланат, бирок мен мунун тамыры андан да пайдалуу экенин таптым.

Ал өсүмдүктөрдү текши жыйды.

– Бирок сен буга келген жоксуң. Тимотиге эмне болду?

– Эти ысып атат. Жөөлүйт. Эмне кылаарымды билбей койдум.

– Эти канчалык ысыйт?

– Кол тийгизип болбойт, тер кетет, бирок ошол эле маалда чыйрыгып турат.

– Төшөккө ороп кой.

– Мен ошенттим.

– Кан тамыры кандай согот?

– Бирин биринен айырмалата албай тургандай тез согот.

– Тиличи?

– Сыдай көгөрүп турат.

– Деми кандай?

– Энтигип, көкүрөгү чыйылдайт. Ириде ал бир калыпта дем алалбайм деп койгон.

– Бирок жөтөлбөйт.

– Жок.

– Өпкөсүнө суук тийиптир, – деди Эйжис мырза. – Менде ага жардам бере турган дары бар. Бирок эң негизгиси – аны үшүбөй турган кылгыла. Анан дагы ал төшөктө жатсын.

Ал тамдын башка бурчуна барды да, кыштан орнотулган текчеден татынакай аппак кагазга оролгон үч баштыкча дарыны алды.

РБДЮ им. К. Баялинова
АМЕРИКА БОРБОРУ

– Бирөөнү ага бүгүн бер. Суута чылап, ичирип кой. Эгер жөөлүй берсе, анда анын мурдун бекем кысып кой, дарыны жутуп жиберсин. Экинчисин эртең менен бер, үчүнчүсүн бүрсүгүнү эртең менен бер.

Фрисби айым баштыкчаларды алды.

– Ал оңолуп кетеби? – деп сурады ал өзү жооптон коркуп.

– Бул жолу ал оңолот. Экинчи күнү анын эти ысыганы басылат, үчүнчү күнү ал дарыны ичип бүткөндө, оорусу басылат. Бирок анысы оорусу биротоло токтоду дегенди билдирбейт; анын өпкөсү дагы эле өтө алсыз жана сезимтал болот. Эгерде ал кичине эле үшүсө же муздак абадан дем алса, бир-эки дем алганы эле оорусун өтө татаалдаштырып жиберет. Экинчи жолу ал айыга албай калышы мүмкүн. Жок дегенде үч апта, мүмкүн болсо бир ай өзгөчө этияттташыңар керек.

– Андан кийинчи?

-Андан кийин деле ал абдан абайлашы керек, аба ырайы эле оңолуп кетпесе...

Эми батыштагы күн өтө эле төмөндөп кеткен, ал токойдон кийинки тоолордун артына кирип бара жаткан. Фрисби айым Эйжис мырзага ыраазылыгын билдирип, үйүн карай алы жетишинче шашыла жөнөдү.



## КАРГА МЕНЕН МЫШЫК

Фрисби айым кайрадан күндү карады да, өзүнө жагымсыз бир жолду тандашы керектигин түшүндү. Үйүнө ал баягы эле келген жолун айланып өтө алмак, бирок андай учурда ал так караңгыда токойду жалгыз аралап өтүшү керек болчу, бул багыттан ал абдан коркчу, анткени түнкүсүн токойдун ичинде ар кандай коркунуч көп. Жапалактар аңга чыгат, ал эми түлкү, суусар жана ар кыл жапайы мышыктар дарактардын арасында жашырынып жүрөт.

Экинчи багыты да коркунучтуу эле, бирок иши оңунан чыкса ал караңгы киргиче үйүнө жетип калат. Анын жолу жөнөкөйүрөөк болот, чарбаны аралап, кампа менен тооккананын ортосунан өтүп, дыйкандын үйүнө өтө жакындабай кетет, бирок өзүнүн үйүнө чейин жолу эки эсе кыскарат. Бир жерде мышык жүрөт, бирок чычкан жаңгелге жакындабай, ачык жакта, күндүн жарыгында болсо, анда ал мышыкты мурун байкап калат эле.

Мышыктын аты Ажыдаар болчу. Дыйкан Фитсгиббондун аялы анын кичинекейинде кыжырланганын көрүп, тамашалап ага ушундай ат коюп салган. Бирок ал чоңойгондо, аты

өзүнө жарашып калды. Ал килейген мышык эле, казандай чоң башы бар, челектей жайылган оозунда ийнедей шиш, арсайган азуулары бар. Анын буттарында жетиден тырмак сороёт, барпайган куйругу нары-бери каардуу шыйпаңдайт. Ажыдаар кызгылт-ак болчу, сапсары көздөрү жалтылдап күйүп турчу, бирөөнү өлтүрө турган болуп баса калганда, ал ичинен ачууланган бир чыңырык чыгарчу, тигиниси тирүү туруп эле эси ооп калчу.

Бирок Фрисби айымдын бул жөнүндө ойлогусу келген жок. Анын ордуна ал токойдогу Эйжис мырзанын үйүнөн чыгып, чарбанын короосуна жеткенче Тимоти жөнүндө ойлоп келе жатты. Апасынын эстегени эле улам бир майда-чүйдө тамашаны ойлоп тапканда баласынын көздөрү дайыма шатка толуп жанганы эле, кичинекей шайкелең карындашы Синтиага карата анын чексиз боорукерлиги эле. Калган балдары кызын жаңылган сайын шылдыңдачы, ал дайыма бир нерсесин жогото бергендиктен анын үстүнөн күлө беришчү, бирок Тимоти эч качан андай кылчу эмес. Ал эми суук тийип Синтиа төшөктө жатканда, тигил анын жанынан эч кетпей отуруп, ар кандай кызыктуу окуяларды айтып берчи. Окуялардын баарын ал өзү ойлоп тапчу, ошондуктан алар эч түгөнгүс сезилчү.

Дары салынган баштыкчаларды колуна бекем кысып алып Фрисби айым кашаанын астынан өттү да, чарбанын короосун карай жөнөдү. Анын ириде эле узун созулган жайыттан чуркап өтүшү керек болчу; төрт чарчы кызыл, чоң кампа болсо ал жайыттан четкерээк оңдо; андан нарагыраак солдо тооккана жайгашкан.

Бир нече убакыттан кийин кампага жакындаганда ал бир жайытты экинчисинен ажыраткан мал үчүн зымдан тартылган кашааны көрдү; жакындап барып ал күтүлбөгөн ызы-чуудан бир маалда токтой калды. Алгач бул короодон чыгып кеткен аток болсо керек деди, мүмкүн, аны түлкү кармап алдыбы? Чычкан кашаа тарапты сыдыра карады, эч кандай

тоок көрүнбөйт, болгону бир карга чөптүн үстүндө канаттарын кызыктай бир тыпыратып жатты. Чычкан тиктеп турган маалда карга зым кашаанын үстүнө учуп чыгып, бир оокумга ал жерде катып калды. Анан ал канаттарын жайып, катуу каккылады да, учуп жөнөдү, бирок эки-үч кадам учуп барып күтүлбөгөн жерден токтоду да, абага кара канаттарынан бир ууч чачыратып, катуу каркылдап кайрадан жерге кулап түштү.

Карга кашаага байлануу экен. Зымга окшош жылтырак бир нерсе анын бир бутунан салаңдап, экинчи учу кашаага байланыптыр. Фрисби айым ага жакын барды, ошондо ал тигинин зым эмес, балким, жаңы жылдык майрамдын белегин орогондон калган жылтырак жип экенин көрдү.

Карга өзүнчө жай күдүңдөп-каркылдап, жипти алсыз чокуп кашаанын үстүндө отурду. Бир пастан кийин ал кайрадан канатын жайды, ошондо Фрисби айым карганын дагы бир мертебе учууга аракет кылаарын түшүндү.

– Коё тур, – деди Фрисби айым.

Карга ылдый жагын карап, анын чөптүн үстүндө турганын көрдү.

– Коё туруп эмне кылам? Менин байланганымы көрбөй турасыңбы? Мен бошонушум керек.

– Бирок сен ызы-чуу салсаң, анда мышык сени угуп калат да. Мүмкүн, эмгиче деле уккандыр.

– Түнү сени бир түрмөк жип менен кашаага байлап койсо, сен деле ызы-чуу салмаксың.

– Мен антпейт элем, – деп жооп берди Фрисби айым. – Бир аз акылым болсо, жака белде мышык бар экенин билсем, мен антпейт элем. Сени ким байлады?

Ал жүрөгү түшүп калган карганы сооротууга аракет кылды.

Карга таңыркап, өзүнүн буттарын бир сыйра карады.

– Мен жипти алмак болдум эле, ал бутума оролуп калды. Мен кашаага отуруп алып, аны чечмек болдум, бирок анда ал кашаага оролуп калды.

– Жипти эмнеге алдың?

Ал чынында эле бозбаш карга экен, болгону бир жашка чыкса керек, ал чарчаңкы жооп кайтарды:

– Анткени ал жылтырак экен да.

– Өзүң билесиң дечи.

– Мага ошентип айтышкан да.

«Тоок мээ», – деп ойлоду Фрисби айым, анан ал мээнин көлөмү анын жөндөмүнө таасир этпей турганы жөнүндө күйөөсүнүн мурда айткандарын эстей койду. Анын эсинде мунун жакшы сакталып калганы – карганын башы анын башына караганда эки эсе чоң болчу.

– Тынч отур, – деди ал. – Там жакты карап, мышык жокпу байкап тур.

– Мен аны көргөн жокмун. Бирок куурайдын артынан көрө албайм да. Ии, эгер мен бийик уча алсам го...

– Кереги жок, – деди Фрисби айым.

Ал күн тарапты карады, күн токойдун артына батып бара жатты. Ал Тимоти менен ага алып бара жаткан дарылар тууралуу эстеди. Ошентсе да ал ушул келесоо карганы өлүмгө таштап кете албастыгын түшүнүп турду, аны кечке чейин өлтүрүп коёру так, ага көп деле убакыт кетпейт. Эгер бир аз шамдагай болсо, анда ал күн батканча үлгүрүп калышы ыктымал.

– Бери түш, – деди ал. – Мен жипти чечейин.

– Кантип? – деп таңыркады карга.

– Акыйлашпа. Менин убактым аз.

Анын үнү ушунчалык өктөм чыкты, карга ошол замат түшүп келди.

– Бирок мышык келип калсачы...

– Эгер мышык келсе, ал бир секиргенде сени кашаадан алып түшөт да, экинчи секириги менен мени илип кетет. Тынч тур.

Ал курч тиштери менен жипти тиштегилеп, алы жетишинче иш-аракетин көрүп жатты. Карганын оң бутуна бир

нече жолу кайталай карап, тигини бошотуш үчүн жипти үч жеринен кырча тиштеши керектигин түшүндү.

Экинчи түрмөгүн бүтүргөндөн кийин үй тарапты карап турган карга бир маалда кыйкырып калды:

– Мышыкты көрдүм!

– Тынч! – деп шыбырады Фрисби айым. – Ал бизди көрдүбү?

– Билбейм. Ооба. Ал мени карап турат. Бирок ал сени көрбөсө керек.

– Дегеле тынч тур. Кайсалактаба.

Ал башын көтөрбөстөн үчүнчү түрмөккө киришти.

– Ал бизди карай келатат.

– Жайбы же тезби?

– Орточо. Менимче, ал менин эмне кылып атканымы түшүнө албай турат.

Чычкан акыркы түрмөктү кырча тиштеди эле, жип үзүлүп кетти.

– Мына, сен бошодуң. Тез учкун.

– Сенчи?

– Ал мени көрбөсө керек.

– Бирок көрөт да, ал жакындап келатат.

Фрисби айым туш тарабын шашыла карады. Жакын жерде бир да жашырына турган нерсе жок экен; тээ, тоокканага чейин же таш, же уя, же дөңгөч көрүнбөйт, анын үстүнө мышык дал ошол тараптан келди, ошондуктан ал жакка качуу өтө алыс.

– Бери кара, – деди карга. – Үстүмө мин. Бол. Бекем карма.

Фрисби айым айтканындай кылды, бирок алгач ал баалуу баштыкчаларын бекем тиштеп алды.

– Болдуңбу?

– Ооба.

Ал карганын жонундагы жүндөрүнөн кармады да, анын кубаттуу кара канаттарынын жайылганын, абага сызгандан

кийин башынын айланганын сезип, көздөрүн жумп жиберди.

– Убагында учуп кеттик, – деди карга, эмеле алар турган жерде кыжырлана секирген мышыктын ачуу мыёологонун угуп. – Сен ушунчалык жеңил экенсиң, мен сенин салмагыңды сезген да жокмун.

«Чынында эле жакшы болду, – деп ойлоду Фрисби айым. – Сенин келесоолугуң болбогондо, мен бул каргашага учурамак эмесмин». Анткени менен азыркы шартында ал унчукпай эле коюуну чечти.

– Сен каерде жашайсың? – деп сурады карга.

– Жемиш багынын жөөгүндө. Чоң таштын жанында.

– Мен сени ошоерге таштай кетем.

Ошол замат ал ылдыйлай баштады эле, Фрисби айым карга чындап эле аны таштап жибереби деп коркту. Бирок бир пастан кийин (карганын ылдамдыгы ушундай) алардын тамынан бир кадам аралыкка барып конуп калышты.

– Чоң рахмат! – деди Фрисби айым, жерге секирип түшүп.

– Сага чоң рахмат! – деп жооп кайтарды карга. – Сен менин өмүрүмү сактадың.

– Сен дагы меникин.

– Жок, экөө эки башка иш. Эгер мен... бир түрмөк жип менен болбогондо, сенин өмүрүң өлүмгө дуушар болмок эмес.

Фрисби айым дагы дал ушуну ойлогондуктан, ал башка талашкан жок.

– Мышыкка каршы биз баарыбыз бири бирибизге жардамдашабыз. Эгер менин сага керегим тийип калса, сен мени чакырат болушуң керек. Менин атым Жереми. Токойдогу кайсы каргадан сурасаң да, мени таап берет.

– Рахмат, – деди Фрисби айым. – Мен эстей жүрөм.

Жереми токойго учуп кетти, ал эми чычкан болсо үч баштыкча дарысы менен үйүнө кирди.



## ФИТСГИББОН МЫРЗАНЫН БУУРСУНУ

Фрисби айым үйгө киргенде, Тимоти уктап жатыптыр, ал эми калган балдары коркуп, капаланып, мүңкүрөп аны күтүп отурушкан экен.

– Сиз кеткенден кийин эле ал уктап калды, – деди Тереза. – Эки жолу ойгонду, экинчисинде жөөлүгөн жок. Ал башым ооруп, көкүрөгүм кысталып атат деди. Бирок, апаке, Тимоти өтө алсырап, араң эле сүйлөдү. Ал сизди кана деп сурады, мен айттым эле ал кайра уктап калды.

Фрисби айым Тимоти чүпүрөк төшөктүн алдындагы суу болгон бир кичинекей түктүү топко окшоп жаткан жерине барды. Баягыда алар Фрисби мырза менен кошо аны Эйжис мырзага алып бара жаткан кибиреген баладан азыр анын эч айырмасы жок болчу, ошондуктан Фрисби айым күйөөсү тирилип, балдарын сооротсо экен деп тиледи. Бирок күйөөсү жок, ошондуктан эми ал бардыгын өзү жасашы керек.

– Кабатыр болбогула, – деди ал. – Эйжис мырза дары берди, ал Тимоти эми айыгат деди.

Ал бир баштыкчадагы жашылыраак дарыны сууга чылап, анан акырын Тимотини ойготмок болду.

Тигил жылмайды.

– Келдиңизби? – деди ал угулаар-угулбас үнү менен.

– Ооба, келдим, сага дары апкелдим. Эйжис мырза сени андан айыгат деди.

Ал баласынын башын колуна алды эле, тигил дарыны жутуп жиберди.

– Мен аны өтө ачуу болсо керек дегем, – деди апасы.

– Анчалык деле ачуу эмес, – деди баласы. – Калемпирдей экен.

Ошентип Тимоти уктап калды.

Эртеси эртең менен, айткандай эле, этинин ысыганы басыла түштү да, жеңил дем алып калды, жүрөгүнүн какканы дагы оңолду; анткени менен ал ошол күнү дегеле ойгонгон жок. Кийинки күнү да көпкө уктабай жатты, ал эми үчүнчү күнү Эйжис мырза айткандай эти эч ысыган жок. Эгерде Эйжис мырза бүт туура айткан болсо, анда анын калган сөздөрү да туура болушу керек: Тимоти дагы эле алсыз болчу. Анын жылуу төшөктө дагы жата турушу керек, жылуу аба менен гана дем алышы зарыл.

Акыркы үч күн бою апасы анын жанында болду, бирок төртүнчү күнү ал сейилдеп чыгып, дүмүрдөгү жүгөрүдөн кечки тамакка биртикесин алып келгенге үлгүрдү.

Ал үйүнөн ачык асмандуу сыртка чыгып, аны сыртта чайыттай жазгы күн күтүп турганына таңыркады. Ал үйүнөн чыкпай отурган маалда, күн жылуурак болуп калыптыр; февраль аяктап, элде айтмакчы, козучасынан март айы күтүлбөгөн жерден жетип келиптир. Аба ным тартып турду, анткени жердин тоңу чыгып, көктөмдүн жыты буруксуп жатты. Чычкан абдан кубанып, бактын ичин көңүлдүү аралап чыкты.

Ошентсе да бул күндүн жылуулугу анын ичин уйгутуйгуга салган кабатыр бир ойдон кутулууга жардам бере албай койду. Ал көчүү күнкү сарсанаасы болчу.

Бардыгы эле билет, кышы менен уктап жаткан суур терең уясынан чыгат да, туш тарабын карап, анан эгер алигиче суук экен деп ойлосо, кайрадан дагы алты аптага уйкуга кирет. Фрисби айым сыяктуу талаа чычкандарына эле жаман болду. Кыш соңуна чыкканда алар кайрадан шалбаага же жайыт-ка өтүп барышы керек. Аба ырайы жагымдуу болоору менен дыйкан Фитсгиббондун трактору келип, курч тиштүү буурсу-ну менен ар бир чарчы аралыктын жерин аңтара салып ай-дап кирет. Ошол күнү жемиш багында кала берген бир да ай-банат аман калбайт, ошондуктан бүт тамдар, тешилип жана чырпыктан жасалган уялар, пиллалар бошой түшөт. Буур-сундан кийин оор, кыйчылдаган такталардан жасалган мала калчу, алардын артынан үрөн сээп, кетменчен кишилер ке-лет.

Албетте, талаа чычкандарынын бүт эле кышкысын бак-тын ичине көчүп келбейт. Кээ бирлери жогорудагы кампа-дан орун алат; айрымдары адамдардын үйлөрүнө кирип, кап-канга түшүү коркунучуна дуушар болуп, курбу же чатырлар-дын астында жашайт. Бирок Фрисби салыштырмалуу кооп-суздукта жашап, эркин жүрүү максатында дайыма бактын ичине кирип кетчү.

Демек, көчүү күнкү аба ырайына байланыштуу, ага ачык күн жакканы менен Фрисби айымды бир нерсе түпөйүл тол-кундантты. Жердин тоңу чыгаары менен буурсун пайда бо-лот, ал эми аба ырайына байланыштуу мындай окуя бир ай мурда же кеч да болушу мүмкүн.

Маселе мындай болчу: эгерде күн демейдегиден эрте жылыса, Тимотини алып кете албай калышат. Анын болсо төшөктө дагы жатышы керек, ал эми көчүү Фрисбинин жай-кы тамы турган суунун боюна дөбөдөн күздүк буудай өскөн талаа аркылуу өйдө-төмөн узак жол жүрүшү керек болот. Ан-дан тышкары үйдүн ичи биринчи апталарда нымдуу жана салкын болот (жайкысын дайыма ушундай), ал эми эрте жаз кечиксе, түнкүсүн чындап жылуу боло баштайт. Буга Фрис-

би айым менен балдары демейде эч көңүл бурчу эмес: Көчүү күнү чынында кубанычтуу болчу, анткени ал жаман аба ырайы менен үшүктүн аякташынын белгиси эле. Ал деген жайкы эс алуулардай болчу.

Бирок быйылчы? Фрисби айым санааларга барып такалганда, ал жакында болбосо экен деп гана үмүттөнгөндөн башка бир да айла таппады. Эйжис мырзанын айтымында, бир айдан кийин гана Тимоти күчүнө кирет. Балким, Фрисби айым жөн эле кабатырланып жаткандыр. Бир күн жылыса эле, жай боло бербейт да, деди ал өзүнчө. Жок, атүгүл жаз да боло элек.

Ал, бакты аралап өтүп, алдынан тааныш, кибиреген карaанды көрдү. Тигил жер казгыч болчу, тобуядан бир аз эле чоң, бирок тиштериндей эле курч акылы бар кибиреген чычкан. Анын жер астындагы уясы Фрисби айымдыкынан бир аз аралыкта эле жайгашкан; тигил ага тез-тез жолугуп, жер казгычтарды башкалар кежирлиги менен ач көздүгү үчүн жаман көрсө да, баары-бир аны менен жакшы мамиледе болчу.

– Кутмандуу таңың менен! – деди Фрисби айым.

– А-а, Фрисби айым, таң чынында эле абдан жакшы. Менимче, өтө эле жакшы.

Жер казгычтын колунда чий бар экен, аны ал жерге сайып койду. Чий ийилгенинче эле беш эли жерге кирип кетти.

– Карасаң, жердин тоңу биротоло чыгып калыптыр. Дагы бир нече күн ушундай болсо бүттү. Анан баягы трактор келип, бүт талкалайт.

– Ошончо эртеби? Чын эле ошондой болот дейсиңби? – деп сурады Фрисби айым, кайрадан кабатырлана түшүп.

– Жердин тоңу чыкса эле, ал жер айдайт. Алтымыш бешинчи жылдагы кыш эсиңдеби? Ошо жылы ал марттын он биринде ишемби күнү жер айдаган. Ал түнү мен токойду карай качып, бир болбогон көңдөй дөңгөчтүн ичинде аз жер-

ден тоңуп кала жаздагам. Анда дагы азыркыдай күн чайыттай тийген аптадан кийин болчу.

Фрисби айымдын эсинде, анын үй-бүлөсү дагы ошол түндөрү сууктан үшүп отурган. Чын-чынына келгенде, Көчүү күнкүдөй жылуулук канчалык эрте келсе, ошол түндөрү дагы ошончолук суук болот.

– О кудай! – деди ал. – Быйыл андай болбосо экен. Байкуш Тимотинин көчүүгө дарманы жок.

– Дарманы жок? Аны Эйжи мырзага алып барбайсыңбы.

– Мен өзүм барып келдим. Балам өзү басканга жарабайт болчу, азыр деле жарабайт.

– Өтө өкүнүчтүү. Андай болсо суук түшүп же трактордун бузулушун тилеш керек. Бирөө трактору менен анын өзүнүн үйүн тепсеп кетсе, ошондо ага жагат беле, көрмөкбүз.

Жер казгыч күңкүлдөгөн бойдон басып кетти, Фрисби айым болсо бакты аралап жөнөдү. Сунуштары, албетте, оңбогудай эле, анткени Фитсгиббондун буурсуну жетпеген жашай турган жерди алар дегеле тапмак эмес, алардын тамын бузбай туруп тигил бир да жерди айдай алмак эмес.

Же тапмак беле? Жер казгычтын сөзүнө караганда, ал болгону көңүл гана улап, бирок жардам бере албайт экен. Анын оюндагысын Фрисби айым түшүндү: тигил дагы эч айла таба албайт. Ал күйөөсү Фрисби мырзанын айтканын эстеди: эгер ачкыч болбосо, бардык эшикти ачуу кыйын. Кош. Анда анын ачкычты табышы керек. Бирок кайдан? Кимден сураса болот?

Анан кычашкансып, анын бүт денесине дүмөк салган бир добуш чыкты. Ал катуу күрүлдөгөн добуш чарбанын короосундагы кашаанын артынан угулду. Фитсгиббон мырза тракторун от алдырып жаткан.



## БЕШ КҮН

Трактордун үнү сөзсүз эле Фитсгиббон жер айдай турганын билдирчи эмес. Ал тракторун башка иштерде деле пайдаланчу: мисалы, чөп-чар да, отун да ташычу, жайкысын эгин экчи же кышкысын кар тазалачу. Фрисби айым ушуну этей салып, бурчтагы мамыны карай чуркады.

Чарба менен трактор турган сарайдын бурчунда кашаанын жоон бир мамысы бар эле. Аны ал илгертен билет, анын бир-эки карыш сыртка чыгып турган жеринде ылайыктуу бир тешик бар, керек маалда Фрисби айым анын ичине бекинип алып, короодо эмне болуп жатканын ошол жактан карап турчу. Ажыдаар деген мышык дагы ал тешиктин барын билчү, ошондуктан чыгаарда чычкан өтө кылдаат болушу керек эле.

Мамынын артына акырын өтүп барып ал наркы-бери жагын бүт карап чыкты да, тешикке секирип кирди. Баары жакшы.

Фитсгиббон мырза тракторун койгон чоң, ичи толо сарайдан аны айдап чыкты. Өчүрбөй туруп трактордон чыкты да, балдарын чакырды. Бир пастан кийин артынан калганы жак-

шылап жаап анын улуу уулу Пол чыкты. Он беш жашар Пол жоош, эмгекчил бала болчу, бир кыйла копол, бирок карылуу жана үйдөгү иштерди кылдат аткарчу. Көп өтпөй ага иниси Билли кошулду, ал он экиде болсо дагы агасынан итабар шум эле, чөптүн шырт эткен доошун уккан сайын таш ыргытмай жаман бир адат таап алган. Фрисби айымга Билли эч жакчы эмес.

– Ко-ош, балдар, – деди Фитсгиббон мырза. – Келгилечи, дөңгөлөктүн бурамасын чыгарып, бир сыйра карайлы.

– Былтыр күзүндө ал биротоло жешилип калган болушу керек эле, – деди Пол.

Балдар сарайга кирип кетти, ал эми Фитсгиббон мырза кайрадан тракторуна отурду; аны буруп, арты Фрисби айымга көрүнбөгөндөй сарайды көздөй жай жылдырды.

Фитсгиббон мырза аркасын улам карап, тракторду буруп жаткан маалда сарайдын ичинен тарак-турак деген доош угулуп турду.

– Болдубу?

Ал ылдамдыкты которду эле, трактор кайрадан алга жөнөдү. Анын артына топурактан тазаланган буурсун чиркелген болчу.

Фрисби айым чочулап калды. Фитсгиббон мырза азыр жер айдаганы турабы?

Бирок буурсун күнөстүү жерге чыгаары менен Фитсгиббон мырза кыймылдаткычты өчүрдү. Трактор кырылдап-шырылдап токтоп калды, ошондо бардыгы чиркелген буурсундун жанына чогулду.

– Түшүнүктүү, – деди Фитсгиббон мырза. – Биротоло талкаланыптыр. Пол, муну эстегениңе кубанычтамын. Эгерде мен бүгүн жаңысын апкелүүгө буюрсам, Хендерсон аны үч-төрт күндүн ичинде жеткирет.

– Мурункусун беш күндө апкелген, – деп тактады Пол.

– Беш? Анысы деле жакшы, дал өзүнүн убагында болот. Айдаганга азыр жер ылай болуп турат, беш күндөн кийин

жер тоборсуп калат. Муну эшикке чыгаргандан кийин эми биротоло майлап деле коёлу. Билли, майлагычты апкелчи.

Бекинген жеринде отуруп Фрисби айым жеңил үшкүрүндү да, анан ошол замат кайра толкунданып кетти. Беш күн деген бир аз жеңил эле, бирок анчалык эмес. Эйжис мырза айткандай, жок эле дегенде үч аптадан кийин Тимоти бутуна турат, ошондо гана анын өпкөсүнө суук тийбей, ал суук түндөргө чыдайт. Фрисби айым үшкүрүнүп, аз жерден ыйлап жибере жаздады. Жайкы тамда кыштан курулган тамдагыдай эле жылуу болсо кана? Бирок андай эмес болчу, анын үстүнө баласы баары-бир алыска баса албайт эле. Алар аны жеткирип көрсө болмок, бирок андан не пайда? Ал жерде бир түнөп, баласы кайрадан ооруп калат.

Ал кайрадан Эйжис мырзага барып, андан кеңеш сурооону ойлоду. Тимотинин тезирээк оңолушу үчүн деги дары бар болду бекен? Ал күмөн санады, эгерде андай дары болгондо, анда тигил ага аны дароо эле бермек да. Муну ал тигил бекинген жеринен түшүп келе жатып мышыкка бир кадам калганда ойлонду.

Ажыдаар күнгө какталып, бирок уктабай жаткан. Анын башы өйдө карап, саргайган көздөрү ачык бойдон чычкан тарапты тиктеп турган. Чоочуганынан демин токтото коюп Фрисби айым мышыктан далдаланыш үчүн мамынын артына кире качты. Андан кийин ал токтобостон бакты аралап жүгүрдү да, мына азыр мышыктын чыңырыгын уга тургансып, мына азыр тигинин тырмактары анын жонуна матырыла тургандай алы жетишинче безип жөнөдү. Ал жер казгычтын уясына жете барды да, бир нерсе болсо ошол жакка бекине калса боло турганын ойлоду, бирок уя өтө кичинекей болчу.

Фрисби айым артын улам кылчактап келатканда анын көз алдына бир укмуштай көрүнүш тартыла калды. Мышык ордунан туруп да койгон жок! Ал мурдагыдай эле жата берди, болгону эми анын бир көзү жабык болчу. Ошол эле маал-

да экинчи көзү дагы ага тигилген бойдон эле, ошондуктан чычкан күтүп отурбай жолун улай берди.

Бактын үчтөн бир бөлүгүн басып өтүп, үйүнө жакындап акыры коопсуз аралыкка жеткенде, ал токтоду да, акырындык менен кайрадан артын бир кылчак карап алды. Мышык дагы эле тынч бойдон, уктап калгандай өңдөнөт. Кызык, мурда мындай болчу эмес, чычкан ага ишенип-ишенген жок. Өзүнүн коопсуздугун сезгенденден кийин ал таңыркап алды да, көзү көргөндүн бардыгын жакшылап түшүнүү үчүн өзүнө ыңгайлуу жай издеди. Чынында анын азыр бекем жашынышы керек эле, ошондуктан кандайдыр бир укмуштуудай жол менен эптеп кутулуп кеткенине карабастан ал өзүнүн бейгамдыгы үчүн бир сыйра жемелеп алды. Эгер аны мышык жеп салганда, балдарын ким карамак эле?

Ал бутактары сейрек талга окшош куурап, какчыйып катып калган узун кушконбосту карады. Чычкан анын үстүнө чыгып алды да, дыйкандын короосун байкап отурду. Фитсгиббон мырза уулдары менен кошо тракторду майлап бүтүп, дагы бир жакка кетти. Бирок мышык дагы эле чөптүн үстүндө жатат, уктап калса керек. Эмнеге ал анын артынан кубалаган жок? Мүмкүн, ал жакын жатканы менен аны көрбөй калгандыр? Ага да ишеңкиреген жок. Муну ал бир гана нерсе менен түшүндүрдү: мышык эмеле кардын тойгузуп алып, ток пейил жана жалкоолуктан туруп отургусу келген жок. Бирок чынында андай болушу да мүмкүн эмес эле; мурда эч качан мындай болгон эмес. Балким, ал ооруп калгандыр?

Андан кийин таңгалычтуу жана дүрбөлөңдүү күнү ал дагы бир топ аң-таң болчу нерселерди байкады. Мышыктын нары жагынан бир кыйла алыс жерде, кампа менен тамдын ортосунда катар тизилип, жылып бара жаткан бозоргон бир караандардын катарын көрдү. Каз катар тизилип? Катарга деле окшобостур, бирок алар жай, биринин артынан бири бара жаткан болчу.

Алар келемиштер эле.

Алар он чакты экен, Фрисби айым ириде алардын эмне кылып жатканын түшүнгөн жок. Бир аздан кийин ал тигилердин бири-бирине бир нерселерди берип жатканын көрдү. Эки кулачтай узун, жоон арканга окшойт. Жок, аркандан да катуу бир нерсе. Ал сыртта пайдалана турган оор, кара электр жана телефон зымы экен. Келемиштер аны чөптүн үстүнөн алы жетишинче тарткылап, короонун четки бурчундагы килейген жапан розанын түбүн карай сүйрөп алышыптыр. Фрисби айым зымдын аларга эмне кереги бар деп ойлоду, бирок эч түшүнө алган жок. Ошол роза түбүндө келемиштердин шиш тикендер менен абдан курчалып жашырылган уясы бар болчу. Муну айбанаттардын бардыгы билчү, бирок ага жакындачу эмес.

Бирок келемиштерге мындай узун зымдын кереги эмне? Фрисби айым муну билчи эмес. Аны эң кызыктырганы – күндүзгү жарыкта, мышыктын көз алдынан алар кантип зымды сүйрөп бара жатышат?

Келемиштер Фрисби айымга караганда чоң болчу, керек учурда каршылык да көрсөтө алмак, бирок алар баары бир Ажыдаарга тең келе алмак эмес.

Чычкан келемиштерди көпкө байкап турду. Тигилердин өз ишин жакшы билгени даана көрүнүп турду, келемиштер жакшылап машыккан жоокерлерге окшош болчу. Розанын түбүнө жетүүгө аларга жыйырма-отуз кадамдай бар болчу; угулбаса дагы кандайдыр бир белги боюнча алар зымды алып, аны бир кадамдан алыс жерге сүйрөп жатты. Анан алар бир паска токтоп эс алып, кайрадан зымды сүйрөй берди. Жарым саатка жетпей биринчи келемиш розанын түбүнө кирип кетти. Андан кийинчерээк ничке кара жыландай зымдын учу ийинге кирип кетти, ошондо гана Фрисби айым кушконбостон түштү.

Ошол маалда мышык дагы эле уктап жаткан.



## ЖЕРЕМИНИН ЖАРДАМЫ

Көчүү күнү түйшүктөнүп, трактор, мышык, эң акырында келемиштердин артынан аңдып жүрүп, Фрисби айым эң алгач ал кечки тамакка жүгөрү издеп чыкканын унутуп коюптур. Анысын эми эстеди, ошондон улам үйүнө баргандын ордуна бакчанын эң четки бурчуна, токойдун четиндеги дүмүргө жөнөдү. Мышыктан качып жүрүп ал бир аз чарчап калган, ошондуктан күндүн жылуусуна жана салкын желге маашыркап жай басты.

Куураган жалбырактар эрте жаздын салкынын алып келген бул айдарым желден нары-бери шуудурап, кашааны бойлоп күнгө чагылышкан бир нерсе жылып келе жатты. Фрисби айымдын көңүлүн ошол нерсе бурду; аны карап, болгону кайдандыр учурулуп келген бир кесим тунуке же калайдын үзүгү экенин көрдү. Чычкан артына улам кылчактады, дал ошол учурда асмандан капкара бир нерсе учуп келди, ошондо гана Фрисби айым ал – өзүнүн досу Жереми-карганы тааный койду.

Фрисби айымга бир ой келе калды. Ал дароо артына бурулуп, Жереми тарапка шашып

жөнөдү. Тигил жанагы жылтырак кагазды тегеренип, аны бирде оң, бирде сол көзү менен карап жүрүптүр.

Фрисби айым бир нерсени түшүндү: анын тааныштарынын арасынан эң акылдуусу болбосо да, жаш болгону менен Жереми чычкандын эч түшүнүгү жок, көптөгөн нерселер менен жерлерди билет. Фрисби айым жакындаганда карга жылтырак кагазды тумшугуна илип алып, учмак болуп канатын жайып камданып калган болчу.

– Коё турчу, суранам, – деди чычкан ага.

Карга артына бурулуп, канаттарын жыйнады да, жылтырак кагазды жерге акырын койду.

– Саламатсыңбы, – деди ал.

– Мени эстедиңби?

– Албетте. Сен мени мышыктан сактап калгансың. – деп, дагы кошумчалады. – Бу жылтырак кагаз жагабы?

Фрисби айым аны эч кызыгуусуз тиктеди.

– Бу деген жылтырак бир кагаз эле, – деди ал. – Өтө чоң деле эмес.

– Ооба, бирок жылтырак да, өзгөчө мына мындай болуп күн чагылышып турганда.

– Эмнеге эле сени жылтырак нерселер кызыктырат?

– Чынында мени анчалык деле кызыктырбайт. Өтө эмес. Бирок менин бир досум бар, ага абдан жагат, ошондуктан мен бирдемени алсам, ошо үчүн алам.

– Түшүнүктүү. Абдан акылдуу ой. Анан досуң, албетте, ургаачы да, а?

– Кызык, аның ырас. Ал ургаачы. Аны кантип билдиң?

– Жөн эле болжолдодум да, – деп жооп берди Фрисби айым. – Эсиңдеби, сен бир жолу эгер жардам керек болсо, мага кайрыл дегенсиң?

– Ооба. Каалаган маалыңда. Жөн эле Жеремини сурасаң, ар бир карга айтып берет. Азырынча, капа этпесең...

Карга жылтырак кагазын алмак болуп эңкейди.

– Кетпей турчу, суранам, – деди Фрисби айым. – Мен азыр сенин жардамыңа муктажмын.

– А-а, – деди Жереми. – Кандай жардам керек? Ачка болдуңбу? Мен сага кампанын үстүнөн жем апкелейин. Мен анын каерде экенин билем.

– Жок, рахмат, – деди Фрисби айым. – Жемибиз жетиштүү эле.

Анан ал каргага мүмкүн болушунча кыскараак кылып, Тимоти, анын оорусу, көчүүчү күндүн дагы эле эсинде экенин айтып берди. Көчүүчү күн жөнүндө Жереми билет экен: каргаларга көчүп кереги жок, алар жер айдоо менен үрөн себүү сыяктуу иштерди аңдып турушат; алар буурсундун астынан качып чыгып жаткан майда жаныбарларды курч көздөрү менен көрүп турат.

Фрисби айымдын окуясын угуп, карга өкүнө каркылдады, башын кыйшайта бир пас ойлонуп калды. Катуу ойлонгондуктан анын көздөрү жумула түштү.

– Сага эмне кылышты билбей турам, – деди ал акырында, – Өкүнөм. Бирок мен баары-бир сага бир жардам берем. Болбоду дегенде мен сага биздин айлабыз кеткенде эмне кылаарыбызды айтып берем.

– Биз дейсиңби?

– Биз, каргалар. Куштардын баары.

– Эмне кыласыңар ошондо силер?

– Тээтиги жакта, – Жереми кашаанын артында көрүнгөн токойдун чытырманы менен алыскы тоолор тарапты көрсөттү. – Бир жарым чакырым алыстыкта токойдогу эң чоң, килейген эмен багы өсөт. Ал бактын чокусуна жакын жерде бир дүмүр бар. Анда бир үкү жашайт, ал токойдогу, кээ бирөөлөр дүйнөдөгү деп да айтат, эң картаң жан. Эмне кылаарыбызды билбей айлабыз кеткенде, биз ага кайрылабыз. Кээде ал бизге жооп берет, кээде унчукпай коёт. Акыбалына жараша жооп берет. Же, атам бир кезде айткандай, көңүлүнө жараша.

Же, балким, жообун тапканына же таппаганына жараша, деп ойлоду Фрисби айым.

– Анда сен сурап бербейсиңби, мүмкүн, ал мага жардам бере алаттыр.

Ал сөзүнө тигинин сөзүнө ишене бербеди.

– Жо-жок, – деди Жереми. – андай болбойт. Айтайын дегеним, мен сурап көрөм, бирок үкү бу жөнүндө укпай коёбу дейм. Карга келип чычкандын баласына жардам берчи деп суранып атса. Ал ишенбейт да.

– Анда эмне кылсак?

– Эмне кылсак? Сен өзүң барып, андан сурап көрбөйсүңбү.

– Бирок мен ал талды табалбайм да. Тапсам деле мен анчалык бийикке чыгалбайм да.

– А, кокуй! Анда мен, мурда айткандай эле, мунуңа жардам бере алам. Баягыдай эле мен сени жонума кондуруп жеткирип коём. Албетте, анан кайра үйүңө да жеткирем.

Фрисби айым күмөн санап калды. Мышык үч кадам аттаса жете тургандай чукул келип калса, карганын жонуна секирип мингениң башка, ал эми атайылап учкашып, караңгы, бейтааныш токойдо кетип бара жатканың башкача да.

Бирок анан ал Тимоти менен килейген болот буурсунду эстей койду. Ал өзүн өзү жоошутту: «Башка айлам жок. Эгер үкү мага кеңеши менен жардам берсе, мен тобокелге салышым керек». Анан ал Жеремиге жооп кайтарды:

– Чоң рахмат! Эгер мени жеткирсең, мен үкү менен сүйлөшүп көрөйүн. Бу сенин чоң жардамың болот.

– Анчалык арзыбас иш, – деди Жереми. – Бирок биз дароо учалбайбыз.

– Эмнеге?

– Күн тийип турган жарыкта үкү дүмүргө бекинип алып уктайт. Тагыраак айтканда, ошондой кылат дешет, бирок мен ага ишенбейм. Ошончо да көп уктамак беле? Менимче, ал канчадыр бир убакыт бою дүмүрдүн ичинде отуруп ойлонот болушу керек. Ошондуктан анан ал акылдуу да. Кандай гана болбосун, ал күндүз эч ким менен сүйлөшпөйт. Түнкүсүн ал учуп, аң улоого чыгат...

– Билем, – деди Фрисби айым. – Мен ошондон улам кабатырлангам.

– Ага күн батканда барыш керек. Анан иңир киргенде ал дүмүрдүн оозуна чыгып алып, караңгыны күтөт. Дал ошондо ага суроолорду берсе болот.

– Түшүндүм, – деди Фрисби айым. – Бүгүн кечинде учалыбы?

– Саат беште, – деди Жереми. – Мен сенин үйүңө барам.

Ал тумшугуна жылтырак баракты илип алып, кош айта канаттарын сермеди да, учуп кетти.



# ҮКҮ

Убадалашкандай эле Жереми күндүн алсыз жарыгы шалбаанын нары жагындагы тоолордун аркасына жоголуп кеткенде келди. Фрисби айым чыдамсыздык менен күтүп, каны кайнап жатты, ал эми үч баласы аны байкап турду: Тереза менен Мартин чогуу, каргадан корккон Синтиа мончоктой майда көздөрүн жылтыратып үйдүн босогосунан жөн эле карай берди. Тимоти ылдый жакта уктап жаткан, апасынын тобокелдикке бара жатканын көрүп кабатыр болбосун деп, ага сапар жөнүндө эчтеке айтышкан жок. Чынында көчүүчү күн жөнүндө анын көзүнчө бир да сөз айтылчы эмес. Фрисби айым башка балдарына деле бүт-баарын айта берген жок, аларга ал беш күн эле калганын, Фитсгиббон мырза, трактор тууралуу унчуккан жок. Ал тигилерди дагы көп чоочутпайын деди.

Жереми зуулдап, балким, мактангансып келип конду да, Фрисби айым жана балдарга баш ийкеп койду.

– Салам, – деди ал. – Мынакей мен.

Фрисби айым Мартин менен Терезаны (жана Синтианын көздөрүн эле) тааныштыр-

ды. Өзү кошо учкусу келип турган Мартин суктанып Жеремиден сурады:

– Кандай бийикке учаласың?

– Э-э, мен тагын билбейм, – деп жооп берди Жереми. – Үч чакырымдай болсо керек дейм.

– Апа, уктуңузбу? Сиз жер үстүнөн үч чакырым бийик учасыз.

– Мартин, биз бара турган жерге жетүү үчүн бизге анчалык бийик көтөрүлүүнүн кереги деле жок.

Жереми шерденип кетти:

– Кереги жок, бирок эгер кааласаң, мен көтөрүлө алам.

– Жок, рахмат. Убара болбой эле кой.

Ал коркконун көрсөтпөйүн деди эле, Мартин аны колдобой койду. Бирок Жереми бир маалда тигинин титиреп турганын байкады да, коркуп жатыптыр деп түшүндү.

– Баары жакшы болот, – деп сооротту ал. – Коркуп кереги жок. Мен токойдо күнүнө жыйырма жолу учам.

«Ооба, – деп ойлоду Фрисби айым. – Бирок сен бирөөнүн жонуна отурбайсың да, сен кулабайсың».

– Макул, – деди ал мүмкүн болушунча коркпогонун көрсөтүп. – Мен даярмын. Тереза менен Мартин, келгенимче Тимотини жакшылап карагыла. Абайлагыла, менин каякка кеткеними ага айтпагыла.

Бир аттап ал Жереминин жонуна минди, ат секирээрде чабендес анын жалын кучактагандай алынын жетишинче канаттарынан бекем кармап суналып калды. Мартин менен Тереза кош айтып кол булгашты, бирок апасы аны көргөн жок, анткени ал бетин канаттардын арасына катып, көздөрүн бекем жумуп алган.

Карганын килейген канаттары абаны жиреп жатканда чычкандын делебеси кайрадан толкуду; мурункуга караганда алыс учуп бара жаткандыктан бул жолу алар көпкө көтөрүлдү. Анан канаттардын кагышы жайыраак чыгып,

бара-бара ар кылка тарткан соң биротоло токтоп калгансып, чычканды кабатырлантты. Эмне болду? Анын бүрүшө түшкөнүн карга сезди көрүнөт, анткени бир маалда алды жактан анын үнү угулду:

– Абанын агымы, – деди ал. – Биз калкып баратабыз. Демейде ал ушул жактан, токойдун үстүнөн кечкисин өтөт.

Токой жактан көтөрүлгөн жылуу желдин агымы аларды алып жөнөдү. Жылгандары тынч болгондуктан алар кыймылдабагансып турду, ошондо Фрисби айым көзүн ачып, башын бир аз көтөрүүгө батынды. Ылдый жагын ал түз карай алган жок, анткени ал жакта Жереминин жону бар болчу, ал болгону оң жагын жана бир аз артын карады, бирок почто белгисиндей гана бозомтук күрөң төрт чарчы аянтчаны көрдү. Оозу ачылып, тиги жөөктөр экенин түшүндү, ал эми Мартин менен Тереза эгер дагы эле ошол жерде турган болсо, анда алар баары бир кибиреп көрүнмөк эмес.

– Сол жагыңы карачы, – деди Жереми, аркасына мойнун бура ага карап.

Чычкан ал жакты карады да, көгүш тарткан, токойду аралап ийреңдеген чоң, коркунучтуу жыланга окшош бир нерсени көрдү.

– Ал эмне? – деп таңгалды ал.

– Чындап эле сен билбейсиңби? Ал дайра.

– Ой-уй, – деди Фрисби айым, анан өзүнүн акылсыздыгынан уялып кетти.

Дайра тууралу ал уккан, бирок анын жыланга окшош экенин билген эмес. Чычкан ал жакта болбосо кантсин, анткени ал жерге жетиш үчүн токойду бүт аралап өтүш керек эле. Куш болгондун өзүнчө бир өзгөчөлүгү бар турбайбы.

Бир пастан кийин алар агымдан чыгып кетишти, ошондо Жереминин канаттары кайрадан өйдө-ылдый кага баштады. Экөө жогору көтөрүлдү, Фрисби айым дагы көздөрүн жумуп алды. Көздөрүн кайрадан ачканда ылдый, алыста кал-

ган жөөктөр көздөн кайым болду, Жереми болсо астындагы тал-дарактарга көз чаптырып, узакка төмөндөй баштады. Ал чукул ичинде ылдыйлаганда Фрисби айым анын канатынын астындагы көгөргөн бийик карагайлардын арасындагы бозомтук күрөң такты көрдү; бийиктен тигил бутактуу боз бир куурайга окшоп кетти, бирок улам төмөндөгөн сайын ал тигинин килейген, бариксиз, сүлдөргө окшоп куураган, килейген тал экенин көрүп калды. Чоң бир бутагы сынып, кулап калыптыр, калган үч бутагы болсо анын салмагы менен ийилген экен. Бул жер боз тумандын караңгысында көрүнбөй, ага эч ким тийбеген бойдон кала бериптир. Жереми ал талды дагы бир жолу айланып өттү, ал жердин үстүнөн төрттөн бир бөлүгү соройгон сөңгөктөн белгиленген бир тамганы издеди. Белгинин так астында карагайлардын чокусунан бийик, кадыресе даракттай килейген бутак бар экен, Жереми эс алганы дал ошонун үстүнө конду. Алар негизги сөңгөктөн үч кадам аралыкта турду, ошондо Фрисби айым так эле дарак менен бутак кошулган жерде табактай чоң дүмүр бар экенин көрдү.

– Биз келдик, – деп акырын сүйлөдү Жереми. – Мына ушуерде жашайт.

– Мен түшөйүнбү? – Фрисби айым дагы тигини туурап шыбырады.

– Тиякта. Биз жакын барышыбыз керек. Бирок акырын. Ал катуу чыккан дабышты жактырбайт.

– Аябай бийик экен.

Чычкан дагы эле карганын жонуна асылып турду.

– Бирок бутактын үстү кең да. Коркпой эле койсоң болот.

Чынында эле бутактын үстү жолдой кең экен. Фрисби айым бардык күчүн чогултуп ылдый түштү да, буттары менен даракка асылды; анткени менен ал жерден бийик экенин эч эстен чыгарган жок.

– Тигине ал, – деди Жереми дүмүрдү карап. – Дал убагында келиптирбиз.

Алар бутактын үстүндө келе жатышты, сыйгаланып кетпейин деп Фрисби айым калың кабыкты бекем кармап алган, анан алар жакындаганда чычкан талдын дүмүрүндө отурган кичине кумганга окшош бир нерсени көрө койду. Кумгандын чокусунда биринен бири алыс жайгашкан эки тегерек сары көз караңгыда жанып турду.

– Ал бизди көргөн жок, – деп шыбырады Жереми. – Күн али өтө жарык.

Чын эле көрбөгөндүр, бирок уккандай болду, анткени дүмүрдөн бир маалда аргендикиндей коңур жаңырган үн чыкты:

– Үйүмдүн алдында ким турат?

Жереми жооп берди:

– Мырза, мен каргамын. Менин атым Жереми. Мен сизге досуму ээрчитип келдим. Сизди кабатыр кылып койгон жокпузбу. Досума сиздин кеңешиңиз керек болуп турат.

– Түшүнүктүү. Досуңуз эмне, өзү сүйлөй албайбы?

– Мырза, досум ургаачы. Ал чычкан.

– Чычкан? – сүрдүү үн ишенбегендей көрүндү. – Карга кантип чычканга дос болсун?

– Мен тузакка түшүп калгам мырза, ал болсо мени куткарып алды. Ал мени мышыктан сактап калды.

– Андай болушу мүмкүн, – деди үкү. – Бирок кызык. Мындайды мен мурда да уккам. Биз баарыбыз мышыкка каршыбыз.

– Ооба. Эми болсо, мырза, досумун өзүнө жардам керек болуп калыптыр.

– Түшүнүп турам, – деди үкү дүмүрдүн оозуна жакындап келип. – Чычкан айым, мен сизди көрбөй атам, анткени күндүн нуру өтө жарык болуп турат. Бирок сиз үйүмө кирсеңиз, анда мен сиз айткандын баарын угам.

Фрисби айым эмне кылаарын билбей калды. Ал үкүлөрдүн кандай тамак жегени тууралу уккан, ошондуктан анын үйүндө камалып калуу ага анча жакмак эмес. Акыры ал акырын үн катты:

– Мырза, сиздин тынчыңызды алгым келбейт. Мен сизди ушуерден деле жакшы угам.

– Чычкан айым, түшүнүңүзчү, чычкандардын маселесин чечүүгө көмөктөшүү дегеле менин кызыкчылыгыма кирбейт. Бирок эгер сиз чын эле кушту мышыктан сактаган болсоңуз, анда мен сизге бир аз убактымы бөлөм. Ал эми мен көрүнбөгөндөр менен маселени талкуулабайм. Же ичкери кириңиз, же досуңуздан кайра үйүңүзгө жеткирип коюуну сураныңыз.

Фрисби айым аркасынан Жереминин өтө назик үн менен шыбыраганын укту:

– Баары жакшы. Ал өз үйүндө сага жамандык кылбайт.

Чычкан да жооп катары шыбырады:

– Ошондой эле болсо экен.

Фрисби айым бутак аркылуу дүмүргө барды, босогосун аттады да, ичине кирди.

Жакындан үкү өтө чоң көрүндү. Үрпөйгөн ар бир бутунда кыйла узун, жаркыраган бештен тырмагы бар эле. Тумшугу ийилген, учтуу жана дүмөктүү болчу. Үкү сары көздөрүн ирмеп мындай деди:

– Бөлмөнүн жарык эмес жерине өтүңүзчү.

Фрисби айым анын айтканындай кылды. Караңгыга көнгөндөн кийин ал эки жагын карады. Кирген бөлмөсү кенен жана таза экен, ушул деңгээлде килейген сөңгөктүн жарымына жакыны көңдөй, ал эми түбү өтө быдыракай болчу. Бул тамдын таманы деле эмес, жөн эле үңкүрдүн таштарындай өйдө оркоюп турган араланган жыгачтын кырлары эле, ошондуктан Фрисби айым бөлмөнүн ичинен баскандын ордуна белестерди ашкансыды. Бурчка окшогон арткы дубалга үкү чырпык менен жалбырактан уя салып алыптыр, анысы

челектей килейип турду; үстү жактан канаттардын талдары сороёт, үкү алар менен ичин төшөптүр.

Уяга жакындап барып чычкан токтоду да, эшиктен тийген жарыкка далысын салып, килейген сары көздөрү менен аны тиктеп турган үкүгө бурулду. Жереми эч жерде көрүнбөйт. Ал сыртта, бутактын үстүндө күтүп турат деген анын жалгыз үмүтү гана калды.

– Эми, – деди үкү. – Сиз маселеңизди айта берсеңиз болот.



## «КЕЛЕМИШТЕРГЕ БАР»

Толкунданган Фрисби айым ойлорун тартипке келтирмек болуп айта баштады:

– Бу менин кенже уулум Тимотиге тийешелүү. Ал оору, төшөктөн туралбагыдай катуу оору. Ал эми Көчүү күнү беш күндөн кийин эле башталат.

– Шашпаңыз, – деди үкү. – Каяктан көчүү? Каякка көчүү?

– Биз жашаган жемиштер жөөгүнөн суунун боюндагы жайыттын наркы учуна.

– Кайсы жөөк?

Көптөгөн чакырымдарга оңой каттап жүргөн куш далай эле жөөктөрдү көргөнүн Фрисби айым эми баамдады.

– Ал Фитсгиббон мырзанын жөөктөрү.

– Тиги... килейген ташы барбы?

– Ооба. Менин үйүм ошонун түбүндө.

– Көчүү күнү беш күндөн кийин эле башталаарын кайдан билесиз?

Фрисби айым ага трактор тууралу, андан тышкары дагы Фитсгиббон айткан айдоого беш күн калганы тууралу баяндап берди.

– Албетте, – деп кошумчалады ал. – Балким, кайрадан суук түшүшү мүмкүн же атүгүл кар жаап коёт...

– Жок, – билгенсип сүйлөдү үкү. – Жаабайт. Жайыттарда согон өсүп калды.

Үкү чычкандын кайсыл тамда жашаганын, тактап айтканда, тамы чоң таштын кайсыл жеринде турганын сурамжылады; ошол жерди ал жакшы билсе керек.

Бирок аны менен канчалык көп сүйлөшкөн сайын, Фрисби айым тигинин ага эч жардам бере албастыгын ошончолук түшүнө баштады. Анын колунан келет деген ой, бул жерге келүүнүн өзү келесоолук болчу. Анткени, деп ойлоду ал, анын маселеси чечилгис. Акыры ал унчукпай калды, үкү болсо суроолорун токтотту. Эң соңунда ал мындай деди:

– Жерди айдаган маалда тамыңар турган жеринен сөзсүз талкаланат да, майдаланып бөлүнөт болушу керек. Муну токтотууга болбойт. Менин бир гана кеңешим: үйдө калууга силерге болбойт. Демек, тобокелге салып көчүп көргүлө. Уулуңуз Тимотини калың ороп алгыла, жолдо ага мүмкүн болушунча жардам бергиле да, Көчүү күнү аба ырайы жакшы болсо экен деп тилегиле. Ошондо сиз жок эле дегенде өзүңүздү да, балдарыңызды да аман сактап каласыз.

Үкү унчукпай, тескери бурулду да, кайрадан көңдөйдүн кире беришине карады; күндүн нуру бара-бара күңүрттөнө берди.

– Эми, уруксат берсеңиздер, түн болду, ошондуктан менин башка убакытым жок. Маселеңиздерди чечкенге мага мындан түзүк ой келбегенине өкүнөм. Түнүңөр бейпил болсун, айым... – ал бир аз унчукпай калды. – Мага атыңызды айтканыңызды эстей албай турам.

– Фрисби айым.

Байкуш чычкандын үнү дирилдеп кетти, анткени үкү анын чоочуркап күткөн жообун айтты. Тимотинин үмүтү деле калган жок. Үкүнүн так айтканы ушул болду: же Тимоти өлүшү керек, же алар бардыгы өлөт. Көчүү күнү күтүлбөгөндөй жылуу болгондо да, түнкүсүн сөзсүз суук болот, ал эми анда иш-

тин бүткөнү. Анткени менен чычкан сылыктыкты сакташы керек, ошондуктан ал кобуранды:

– Рахмат, мырза, мени уккандыгыңыз үчүн рахмат...

Бирок ал атын айткан маалда үкү бир кызыктай боло түштү. Ал кайрадан бурулуп, аны тигиле карады. Чынында ал толкундана канаттарын каккылады да, учуппу же секирип келдиби, тумшугун өтө жакындатып эңкейе берди. Фрисби айым корккон кетенчиктей берди. Дагы эмнени ал туура эмес кылды?

– Фрисби айым дедиңизби?

– Ооба. Сиз атымы сурабадыңызбы.

– Жонатан Фрисбиге тийешеси барбы?

– Ооба. Ал менин жубайым, Тимотинин атасы болчу. Жонатан былтыр жайында дүйнөдөн кайткан. Бирок сиз аны кайдан таанийсыз?

– Кеп анда эмес, – деди үкү бир аз кетенчиктеп, аны кандайдыр бир жаңыча, бир башкача карап. – Бирдемени гана айтам: анын аты ушул токойдо жакшы таанымал болчу. Ошондуктан эгер сиз анын жесири болсоңуз, анда кеп башка.

Тигинин ушинтип айтканы Фрисби айымды кандайдыр бир үмүттөндүрүп койду.

– Ал эмне дегениңиз?

– Айтайын дегеним, айым, уулуңуздун өмүрү, балким, сакталып калат. Муну айтпаганымын себеби – мен бу маселени кандай чечишти билген эмесмин, ошондуктан сизди жөн эле үмүттөндүрбөйүн дегем. Ал эми сиз Жонатан Фрисбинин жесири болгондон кийин анда, мүмкүн, аракет кылып көрөбүз.

– Мен сизди анчалык түшүнбөй турам, – деди Фрисби айым. – Эмне кылыш керек?

– Муну мен өзүм кылалбайм. Сиз келемиштерге барышыңыз керек.

– Келемиштерге? Бирок мен келемиштерди таанибайм. Биздин эч кандай байланышыбыз жок.

– Андан эч күмөн санабаңыз. Алардын ич ара гана байланышы болбосо, башка эч кимге тийешеси жок. Ошентсе да алар сизге жардам берет го деп ойлойм, ал эми жардам берүү алардын колунан келет.

– Бирок колунан эмне келет?

– Сиздин тамыңызды буурсун жетпей турган жерге жеткириши керек.

Эми Фрисби айымдын көңүлү чөгө түштү, ошондуктан ал ачууланып кетти:

– Сиз тамашалап атасызбы, мырза, же чын сүйлөбөйсүзбү. Тамымды бир да келемиш көчүрө албайт. Ал оор да, чоң да.

– Фитсгиббон мырзанын чарбасындагы келемиштердин өз ыкмалары бар, алар тууралу сиз эчтеке билбейсиз. Алар биздей эмес. Менимче, алар башка келемиштердей дагы эмес. Алар түнкүсүн иштейт. Фрисби айым, алардын негизги эшиги каерде экенин билесизби?

– Роза түбүнүн ичиндеби? Ооба.

– Ошоерге барыңыз. Кире бериште күзөтчү турат. Анын аты Жастин. Ага өзүңүздүн ким экениңизди айтып, мени жиберди деңиз. Никодемус деген келемишке жолугушуңуз керектигин айтыңыз. Менимче, алар сизди киргизет, бирок сыр сактаңыз деши мүмкүн. Эгер алар ошондой десе, албетте, сиздин өз эркиңиз, бирок менин кеңешим: алар айткандай кылып коюңуз.

Фрисби айым аң-таң эле болуп калды.

– Сыр? – деп сурады ал. – Эмненин сыры?

– Мен сизге айталбайм, мен да сыр сактап жүрөм. Мен билбеген дагы көп нерсе бар, ошентсе да бир нече долбоору боюнча мен аларга кеңеш бергем.

– Мен дегеле эчтекени түшүнгөн жокмун. Бирок эгер Тимотиге жардам бере турган болсо, анда мен алардын айтканын кылам.

– Аларга айткын, – деп кошумчалады үкү. – Менин кеңешим: тамды таштын шамалга каршы тарабына көчүр-

гүлө. Ошондой эле тигилердин аттарын унутпа: Жастин менен Никодемус.

– Жастин. Никодемус. Таштын шамалга каршы тарабы, – деп кайталады Фрисби айым.

Анын башы айланып калгандыктан, ал тигинин айтканы эмнени билдирээрин сураганды да унутуп калды. Келемиштер өздөрү билсе керек.

– Анан дагы, Фрисби айым, – деди үкү көңдөйдүн оозун карай жылып бара жатып, – Түшүнүп коюңуз, сиздин жубайыңызды жекече таанымасам дагы мен аны өтө сыйлачымын. Сизге жакшылыктардын баарын каалайм. Уулуңузду сактап каларына толук ишенем. Билесизби, мен сиздин муктаждыгыңызды түшүнөм, анткени мен өзүм да ушундай маселени башыман өткөргөм.

– Сизби? – деп таңгалды Фрисби айым. – Бирок сиздердин Көчүү күнүңүз жок да.

– Мен ушул даракта, ушул көңдөйдө жашаганыма канча убакыт болду, билбей деле калдым, – деди үкү.– Бирок азыр шамал катуураак болуп токойду чайпаганда, мен ушул караңгыда отуруп, сөңгөктүн тээ түп-тамырынан жаңы үндү угам. Жыгачтын тутамдары кыйчылдап, биринин артынан бири сууктан жарылат. Бутактары кулап, картаң тал өлгөнү турат. Ошентсе да мен ушунча жылдан бери кете албай, жаңы там таап, ал жакка көчүп барып, аны коргогонго да акыбалым келбей жүрөм. Мен да карыдым. Кайсы бир күнү, кайсы бир жылы тал кулайт, ошондо эгер мен тирүү болсом, мен да кошо кулайм.

Ушул кайгылуу жоромолдон кийин үкү босогону аттап, канаттарын жайды да, асты жактагы саялуу токойго жай, кайкып учуп кетти.

Фрисби айым бутак менен артынан жөнөдү. Бактысына Жереми аны калтырган жеринде чыдамсыздык мене күтүп туруптур.

– Шашылыш керек, – деди ал. – Караңгы кирип калды. Мага токойдо мынчалык кеч жүрүүгө болбойт.

Анын сөздөрүнө толугу менен макул болгоң Фрисби айым жонуна чыгып отурду, бул жолу ал эки себептен анчалык корккон жок: биринчиси, абадагы саякатка ал көнө баштады, экинчиси, токойдун ичи караңгы болгондо ал жердин канчалык алыста экенин көрбөй калды.

– Ал сени менен көпкө сүйлөштү, – деди Жереми учуп бара жатканда. – Ал сага пайдалуу бир нерсени айттыбы?

– Билбейм, – деди Фрисби айым.

Үкү сыр жөнүндө баяндап, жада калса, өзү дагы бир сыр катканын айткандан кийин чычкан буларды Жеремиге айта берсе болобу билбей калды.

– Эмнеге билбейсиң?

– Тактап айтканда, ал мага бирдемени айтты, бирок мен ал жардам береби, билбейм.

Ал суроо менен жооп бермек болду:

– «Шамалга каршы» деген эмне?

Бардык куштардай эле шамал жөнүндө бүт билген Жереми анын суроосуна жооп тапты.

– Ал деген тынч тарап, шамал тийбеген тарап. Катуу шамал болгондо дубалга урунбас үчүн сен кампадан шамалга каршы тарабынан учуп түшөсүң. Мени буга атам үйрөткөн.

– Түшүнүктүү, – деди Фрисби айым мурдагыдан да таңыркап. Шамалдын анын үйүнө кандай тиешеси бар? – Ал мага минтти: анчалык деле зыян болбостур деп кобуранды. Келемиштерге бар деди.

– Келемиштерге? – Жереми аң-таң болду. – Бирок биздин аларга эч кандай тиешебиз жок да.

– Билбейм. Алар жардам берет деди го.

– Бирок алар эмне кылалат?

– Анын оюнча, келемиштер менин тамымды толугу менен көчүрүп кетет имиш. Бирок алар аны кантип жасайт, билбейм.

– Мен андан эч күмөн санабайм, – деди Жереми. – Баары эле билет, мисалы, куштар келемиштердин колунан көп нерсе келээрин билет. Алар бирдеме менен алектенет; эмне менен экенин тагын эч ким билбейт. Бирок алар тоонун түбүндөгү токойдо өздөрүнө там салып атканы анык. Анын тегерегин бүт тазалап коюшкан. Мен сага аны көргөзмөк элем, бирок азыр өтө караңгы болуп калды.

– Алар мурда бизге окшоп эле тамак-аш ташычу. Бирок биз азыр алардын башка буюмдарды ташып баратканын көрөбүз: темир-тезек, тетик жана мен билбеген немелерди ташыйт. Аларды тигилер тээтиги розанын түбүнө ташып барат, анан эмне болот белгисиз. Бирок үкү баарынан да көп билет. Менимче, ал да келемиштер менен бирге болсо керек. Анан дагы өздөрүнөн башка бирөөгө алардын жардам бергенин мен эч угалекмин.

– Мен деле. Бирок мен баары бир алардан сурайм. Башка айлам жок.

Алар бактын ичине жеткенче айлана биротоло караңгы болуп калды, Жеремиге кечигүүгө эч болбойт эле.

– Түнүң бейкут болсун, Жереми, – сүймөнчүк менен жакшылык каалады ал каргага. – Мени жеткирип, күтүп, кайра апкелгениң үчүн рахмат.

– Эчтеке эмес, – деди Жереми. – Эгер дагы керегим тийсе, жөн эле айтып кой. Чынын айтканда, эгер сен болбогондо, азыр менден эчтекени сурап да болбойт эле.

Ошону менен ал караңгыда жоголуп кетти, ушул түнү ал каргалардан эң кечигип уясына жетти.



# РОЗА ГҮЛҮНҮН АЛДЫНДА

Эрисби айым үйүнө келгенде Тереза, Мартин жана Синтиа да кайтканымча кеч кирип кетсе, тамактана бергиле деп өзү дайындагандай эле дасторкон артында отурушкан экен. Тешикке сактана карап тигилердин бөлмөдө сүйлөшүп отурганын укту, эмне деп жатышты болду экен деп акырын тыңшады. Синтиа кабатырлангандай эле, Тереза аны сооротуп отуруптур.

– Апабыз ушул убактан эрте кайталбайт болчу, Синти. Эсиңде барбы? Дарак бир чакырым аралыкта дебеди беле карга. Балким, андан дагы көбүрөөктүр.

– Ооба, бирок каргалар катуу учат да.

– Ал чын, эгерде ал эки чакырымга чейин бийик көтөрүлсө, – бул Мартиндин үнү болчу. – Анда бардыгы үч чакырым болот да.

– Алты, – деди Тереза. – Үч чакырым барганда, үч чакырым кайра келгенге.

– Туура. Ошон үчүн ал алигиче кайта элек да.

– Бирок үкүчү? Анын кандай экенин билесиңер да.

– Алар жеткенде жарык болчу да. Аны тигил көрмөк эмес.

– Бирок азыр караңгы болуп калбадыбы, – деди Синтиа. – Тезирээк эле кайтып келсе экен. Коркуп атам.

– Акырын, – деди Тереза. – Тимоти угуп коёт.

– Мен келдим, – деп үнүн катуу чыгарды Фрисби айым ийиндин ичинде тез басып.

Эми гана алардын канчалык бири-бирин сагынганы билинди, анткени бардыгы апасына чуркап келишти, атүгүл мындай опур-топурду анча жактыра бербеген Мартин дагы аны кучактай калды.

– Апаке, – деп безилдеп жиберди Синтиа көз жашын шорголотуп. – Мен аябай кабатырландым.

– Байкуш Синтиам. Баары жакшы болот.

– Сиз канчалык бийик учтуңуз? – деп сурады Мартин тез эле эсине келип.

– Тал-дарактар куурайдай, бактар да караан болуп калгандай, ал эми дайра болсо жыландай көрүнүп калганча бийик учтум.

– Үкүнү көрдүңүзбү? Ал эмне деди?

– Мен ага жолуктум. Баарын кийин айтып берем. Алгач Тимотини көрүп коёюн. Анын акыбалы кандай? Эмнеге анын төшөгүн чогуу жылдырып албадыңар?

Тереза сөзгө кошулду:

– Мен жылдырайын дегем, бирок ал тийбегиле деди. Менимче, анын акыбалы мурункудан да начар.

Фрисби айым аны көргөнү барганда, ал төшөгүндө отуруптур, маңдайы ысыбаптыр деле.

– Табым жакшы эле, – деди ал. – Мен биерге бир аз ойлонуп жатайын деп эле келе калгам.

– Эмне жөнүндө ойлоноюн дедиң эле?

– Көчүү күнү жөнүндө.

– Көчүү күнү? Бирок анын азыр кереги эмне, йа?

Алардын башка балдары менен сүйлөшкөнүн угуп койсо керек. Анын үкүгө учуп барганын укту бекен? Көрсө андай эмес экен, ал жөн-жайды түшүндүрүп жатты.

– Ооруганыман бери мен көчөгө да чыкпай калдым, ошондуктан мен ал жакты жакшы билбейм. Аба ырайын айтып атам. Бирок бүгүн күндүзү мен бирдемени байкап калдым.

– Эмнени?

– Абанын жытын, ал жылуу, нымдуу жыт экен. Жакшылап жыттаса, азыр деле сезсе болот, бирок ал азыр анчалык билинбейт.

Абанын жытын Фрисби айым, албетте, эшиктен да, үйдөн да сезди.

– Бу эриген кардын жыты, – деп сөзүн улантты Тимоти. – Мен аны былтыртан бери билем. Ошондон кийин дароо эле биз көчүп кеттик. Апаке, быйыл биз качан көчөбүз?

– Э-э, балам жакында эмес, – Фрисби айым жөнөкөйүрөөк сүйлөгөнгө аракеттенди. – Азырынча дале суук, аны ойлогонго али эрте.

– Мен аны ойлоп коюшум керек, – деди Тимоти, сүрдүү, бирок бейкапар жана жоош көрүндү. – Эгер Көчүү күнү эрте болсо, анда мен бутума туруп баса аламбы билбейм. Башкалар сыртта жүргөндө мен үйдүн ичинен бир аз басып көрдүм.

– Тимоти, сен төшөгүңдө жатышың керек! Антпесең кайра ооруп каласың.

– Билем, билем. Бирок аны мен өзүм түшүнүшүм керек. Эгерде көп баспасам, анда эртерээк баса албайм. Бир нече кадам эле шилтейинчи , бирок башым айланып, кайрадан төшөгүмө жатууга аргасыз болуп турам.

– Албетте. Сен али айыга элексиң да.

– Ошондой го, ошону үчүн мен ойлоноюн дедим да.

– Тимоти, сен ага кабатырланба. Антсең ого бетер кыйналасың.

– Мен дегеле кабатырланган жокмун. Керек го деп ойлогом, бирок чамам келбей турат, же көрсөмбү, бирок алым жетпей турат. Чынында эле жайкысын ал жакта суунун боюнда укмуш деп, ошоякка баргым келет. Бирок мен коркпойм.

Мен сизди коркпосун же коркот дебесин деп чочуп тургам. Мына мен сизге ушуну айтайын дегем. Эми мен эмне болоорун жөн эле күтүп отура берем. Ошондуктан сиз да мен тууралуу кабатырланбаңыз.

Фрисби айым алардын орундары негедир алмашып калганын түшүндү. Тимоти жакынкы коркунучту сезип, Көчүү күнү жакындап келе жатканын, ошондо, балким, ал өлүп калаарын баамдап тургансыды. Ошентсе да ал апасын сооротуп жатты. Апасынын ага үкү менен келемиштер тууралуу, дагы бир нерсе кылса боло турганын айткысы келди. Бирок айтпай эле коёюн деди; келемиштердин чын эле колунан келээрине ал ишенбей турду. Тигилер менен көрүшкөнчө күтө туруу керек.

Ошентип анын ордуна Фрисби айым бир аз кекечтенип мындай деди:

– Тимоти, бу жөнүндө ойлонбой эле кой. Убагы келгенде акыбалың кандай экенин көрөбүз, анан эмне кылыш керекти ойлонобуз.

Эртеси ал таң азандан келемиштерге жөнөдү. Фрисби айым мурда розанын алдына кирип көргөн эмес, жакын дагы жологон эмес эле, азыр болсо ага улам жакындаган сайын көбүрөөк кыжалат боло берди. Аны тааныгандардын бири да түптөн алысыраак жүр деп эч качан айткан эмес. Бардыгы муну жөн эле билчү. Фитсгиббон мырзанын чарбасындагы келемиштер обочолонуп турчу. Алардын жерине эч ким кирчи эмес.

Бакка чыгардан мурда ал Ажыдаар көрүнбөйбү деп туш тарабын жакшылап карап алды. Бирок келемиштерди түпкө чейин кууп барганы менен Ажыдаар деле андан нары эч качан өтчү эмес.

Тикендер, албетте, чакырылбаган коноктордү айдаганга жардам берчи. Түптүн жанына барганча Фрисби айым анын чоң, калың жана тикендүү экенин түшүнчү эмес. Ал трактор турган сарайдан дагы чоң болчу, ал эми бутактарынын

бардыгы ушунчалык калың эле, ошондуктан тегеренип өтсө дагы Фрисби айым кичинекейлигине карабай ичине кире албай койду. Ал келемиштердин кирген жерин болжолдоп билчү, андыктан ал түптүн ошол бөлүгүн кылдат карап чыкты. Алар муну кантип ишке ашырат?

Ал жерге жакын жаткан бутактын тикендери араалանып калганын көрдү, ошондуктан колу менен кармай турган бир нече жери аябай жылмакай экен. Фрисби айым бутакты түрттү, тиги каалга сыңары жеңил ачылды, ал андан нары түптүн ичи тешикке окшош жол экенин көрдү, анын кеңдигинен чычкан тикендерге урунбай эле өтө тургандай. Алдыга өтүп, бутакты коё берди эле, ал анын артынан акырын жабылып калды. Түптүн ичи караңгы экен.

Фрисби айым күүгүмдү тиктеп алдыга жөнөдү да, түптүн ортосуна буйтап барган чыйырды ээрчиди, топурак майда тамандар менен катуу тапталыптыр. Андан кийин бет маңдайынан каалганы көрдү.

Анын күткөнү эмне эле? Ылайдын арасындагы тегерек тешикти күткөн, бирок азыркы көргөнүн эч күткөн эмес. Бардыгынан мурда түптүн ортосу бир жарым кадамга жакын бүт жакшынакай тазаланыптыр. Үстү жактагы бутактар дагы чокусуна чейин, бирок күндүн жарыгы ичине жеңил жете тургандай кыркылган экен. Жерде жумшак бакмал чөп өсүп турат. Ушул килейген ачык көк түстүү үңкүрдүн ортосунда чакан дөбө бар болчу, эки карыштай бийик, чокусунда таштан тыкан салынган догоо сымал, каалгасы жок чакан кире беришке окшогонсуйт.

Кире бериштен нары тешик бар экен, анын таманына таш төшөлүп, төмөн түшүп кетчү.

Кире бериште ирмелбеген кара көздөрүн ага кадап чычкандын өмүрүндө биринчи жолуктурган эң чоң келемиш турду.



## БРУТУС

– Турган жериңе токто, – деди дароо эле келемиш. – Биерге сен кантип кирдиң?

– Кадимкидей, жөн эле кирдим, – деди Фрисби айым жай сүйлөөгө аракеттенип. – Мен тикени жок бутакты таап алдым. Аны басып алып түшүндүм...

– Билем, – келемиш анын сөзүн орой буза күңкүлдөдү. – Эми кайра артка тарт. Сага биерде болгон жарабайт.

Келемиш жолду тосуп алдыга бир нече кадам шилтеди. Чычкан анын жалтыраган терисинин алдында жоон булчуңдар ойноктогонун байкап турду. Келемиш дээрлик Ажыдаарга окшош экен, бирок биротоло эмес.

– Бар, – деп кайталады ал.

– Бирок менин бир себебим бар...

– Эмнең бар экени менен ишим жок. Жогол. Сен кичинекейсиң, ошондуктан сенин бир жериңди оорутуп албайын.

– Сиз Жастин эмессизби?

Келемиш алдыга кадам таштаганда Фрисби айым артка бир кадам кетенчиктеди.

– Мен Брутусмун. Жастин биерде жок.

Түшүнүп эле турам, деп ойлоду Фрисби айым. Брутус аттуу келемиш сөзүнө дагы кошумчалады:

– Сен Жастинди тааныйсыңбы?

– Жок-, деди Фрисби айым. – Тактап айтканда, анча деле эмес.

– Эгер сен аны тааныбасаң, анда анын атын кайдан билесиң?

Брутус таңыркагандай боло түштү, ошондо Фрисби айым тигинин чоң жана булчуңдуу, көздөрү абдан жалтырак болгону менен, жапжаш көрүнөрүн түшүндү.

– Ал жөнүндө мага бир досум айтып берген. Мен ага жолуксам болобу?

– Жастин мененби? Жок. Ал чогулушта. Мен анын ордунда турам. Менден башкасынын баары чогулушта.

Ыңгайсыз маалда келиптирмин, деп ойлоду Фрисби айым. Бу орунбасары экен. Чычкан ошондо:

– Анда мен күтө турам.– деди.

– Жок, – деди Брутус. – Сага биерде калганга болбойт. Мага буйрук кылышкан. Эми кеткин, болбосо мен сени күч менен чыгарып коём.

Тигил кайрадан жакындап келди да.

– Менин атым, – айласы кете сүйлөдү чычкан. – Жонатан Фрисби айым. Мен Никодемуска жолугушум керек.

Антсе да тигил болбой койду.

– Атың ким болсо мага баары-бир, сен Никодемусту көралбайсың, чынын айтам.

Брутус таңыркап жана кыжаалат болуп алыптыр.

– Биерден жогол, тезирээк.

– Мейли, – деди Фрисби айым. – Мени кыйнаба, мен өзүм эле кетем.

Ал акырын бурулуп, артына кайтты. Анын ыйлагысы келип кетти: бардык аракеттеринен кийин, үкүгө учуп баргандан кийин кайра артка тартуу кыйын да. Түптүн караңгы жерине бара жатып ал жөн эле бир саатча же ошонун тегерегинде чогулуштун бүткөнүн (эмне деген чогулуш?) күтөт болушу керек деп ойлоду, анан кайра келем, ошондо, балким,

Жастин деген келемиш эмкиде эшикти кайтарып калат болушу керек деди. Бирок Жастин ага Брутустан артык көңүл бурабы? Ал, акыры дал ошондой болоорун сезип турду.

Бирок ал токтой калып, артынан бирөө келе жатканын укту. Кайрылып, артынан Брутус келе жатканын көрдү, ошондуктан ал тигинин көзүнө көрүнбөй жоголоюн деп шашылды. Бир пастан кийин ал токтоп, эмненидир тыңшап калды. Бул жолу эч нерсе угулган жок. Тигил кайра ордуна кетсе керек. Чычкан жерге отура кетти.

Андан кийин өзү түптүн ичине кирген тараптан шуудурапкытыраган бир үндү укту. Ал кирээрде басып алган бутак эле. Дагы бирөө ошол бутакка асылды. Бирөө кирип, аны карай тар жол менен келе жатты. Дагы бир келемиш болсо керек. Бир маалда ал чоочуп кетти. Күүгүмдө аны көрүп калса, эмне кылат болду экен?

Чычкан четке бекинип, ким болсо да аны көрбөй өтүп кетээр бекен деп тикен дубалга мүмкүн болушунча жабышып алды.

Анан тигил ийри-буйру жол менен өттү да, ошондо анын көргөнү эски досу ак чычкан Эйжис экенин тааныды.

Тигил өтө жай бара жатты, ошондо Фрисби айым анын аябай аксап калганын байкады. Анын бир буту сынык экен; анысы шакшак коюлуп таңылыптыр.

– Эйжис мырза, – деп чакырды ал акырын. – Бу мен, Фрисби айым.

– Ким? – тигил караңгыны тигиле карады. – Мен сизди көрбөй турам.

– Фрисби айыммын.

Ал жолдун ортосунда так бет маңдайынан чыкты.

– Чын эле, Фрисби айым экенсиз. Иштериңиз кандай? – тигил абдан кубангандай, бирок аң-таң кала карады. – Билбептирмин, сиздин... Сиз биерге кантип келип калдыңыз?

– Бул узак окуя.

– Анда мен бир аз эс алганча айтып берчи. Менин чогулушка катышуум керек эле, бирок мен кечигип калдым, бир пастан кийин чогулуш бүтөт. Көрдүңбү, мен калпыс басып алып куладым да, кызыл ашыгымды сындырып алдым.

– Өкүнүчтүү. Өтө катуу оорубаса керек дейм.

– Айыгып кетет. Бирок мен жай басып калдым, улам эс алып турам, – Эйжис мырза үшкүрүнүп отурду. – Эми келемиштердин түпкүрүндө эмне кылып жүргөнүңү айт.

Өзү дагы ушул суроону берейин деп жаткан Фрисби айым мүмкүн болушунча кыскараак Тимоти, Жереми, үкү жана Брутус тууралу баяндап берди. Бир жолу гана сөзүн бөлүп Эйжис мырза унчукпай угуп турду.

– Сен үкүнүн оюгунун ичине кирдиңби?

– Ооба. Бирок мен чынында эле корктум.

– Аның туура. Кириш үчүн эр жүрөк керек.

– Менин ошентишим керек эле.

Фрисби айым кебин айтып бүткөндөн кийин Эйжис мырза бир пас тынчып, ойго туна түштү..

– Байкуш Тимоти, – деди ал акырында. – Муну мен өзүм да ойлошум керек эле. Бирок, албетте, мен сага дарыны бергенде али суук болчу. Андан кийин мен жыгылып, бутуму сындырып алдым да, ал жөнүндө биротоло унутуп калыптырмын.

Ошентти да ордунан турду.

– Менимче, сен мени менен кошо кайра эшикке барышың керек.

– Бирок мен анте албайм. Брутус дале ошоерде.

– Фрисби айым, ушунча жол басып келип, сен эми багынбайсың да. Мен Брутус менен сүйлөшүп коём.

– Сиз аны тааныйсызбы?

– Мен аны төрөлгөнүнөн бери билем. Билесиңби, ал анчалык картаң эмес. Менимче, ал менин суранчымы аткарат.

Тигинин айтканына караганда, ал жөн эле ошондой ойлобостон, так билет көрүнөт. Бирок кантип?

– Мейли, – күмөн санай сүйлөдү ал. Мен дагы бир көрөйүн. Бирок түшүнбөй турам. Сиз Брутусту кайдан таанyйсыз?

– Биз андан көрө шашылалы.

Алар кайрадан кире беришке жөнөдү, Эйжис мырзанын аксаганынан гана алар жай басышты.

– Менин Брутусту кайдан тааныганым боюнча окуя сеникине караганда бир кыйла узак болот, ошондуктан аны сага мен айтып беришим керекпи деп сарсанаага батып турам. Муну Никодемус жакшыраак аткарат. Бирок сага айтаарым бу: эгер сен жардам бериңиз деп сурансаң, биз анда кире алабыз, ошондо көргөнүңдү да, уккандарыңы да эч качан, эч кимге айтпайм деп убада беришиң керек.

– Убада берем, – деди Фрисби айым, анан кайрадан андан башка айласы жогун ойлоду. – Үкү дагы мага ушуну айткан.

Алар кире беришке жакындаганда Фрисби айым Брутустун мурдагыдай эле ордунда турганын байкады, бирок жанында дагы бир келемиш туруптур. «Экөө экен, – деп ойлоду ал. – Эйжис мырза экөөнү тең тааныйт болушу керек». Жаңы кошулган келемиш тигилердин келе жатканын көрдү. Ал баарыга даяр турду, Брутустай чоң болбосо да карала түстүү жана абдан сулуу экен.

– Эйжис мырза, – деди ал. – Бутуңуз кандай?

– Түзүк. Бирок кайрадан чуркап жүрүү үчүн дагы көп убакыт керек.

– Жастин, – деди Брутус Фрисби айымды карап. – Мынакей ал, жанагы мен айткан неме.

– Ошондойбу?

Жастин аны абайлай карады. Ал эч толкунданбагандай көрүндү.

– Фрисби айым, – деп сыпайы сүйлөдү Эйжис мырза. – Сизге менин досторум Жастин менен Брутусту тааныштырсам болобу?

– Кандайсыздар?

Брутус олку-солку болуп турду.

– Фрисби айым? – деп сурады Жастин. – Жонатан Фрисби айым эмеспи?

– Ооба, Жонатан Фрисби айым, – деп тактады Эйжис мырза. – Анын жесир экенин билсеңер керек.

– Айым, – Жастин сыпайы жүгүнүп сүйлөндү. – Сиз менен таанышуу мен үчүн чоң урмат.

Брутус ага таңгала карады.

– Силер экөөңөр тең тааныйт экенсиңер, бу ким?

– Брутус, – деди Эйжис мырза назик үнү менен. – Жонатан мырза эсиңде эмеспи?

Брутус кашын сермеди.

– Жонатан мырзабы? Баягы Ажыдаардын колунан...

– Ооба, – деп шашып кетти Жастин. – Ал эми бу болсо Жонатан айым.

– Йа? – деп таңгалды Брутус, анан Фрисби айымга кайрыла кетти. – Эмнеге дароо эле айткан жоксуз, мен сизди куубайт элем.

– Тиги... мен жакшы эле аракет кылдым го, – деди Фрисби айым. – Бирок эчтеке эмес.

– Жок, – деп кошумчалады Эйжис мырза. – Анткени ал үйүнө баратып мага жолугуп калды. Анын Никодемус менен сүйлөшүшү керек, тезирээк.

Брутус кайрадан күмөн санай баштады.

– Никодемус? Буга да болобу? Айтайын дегеним, эрежелерчи? Жобо кандай болот?

Эйжис мырза:

– Бу да ойлонуштурулган.– деди,– Бу чычкан ант берген болчу, ага толугу менен ишене берсе болот. Мен өз кепилдигимди берем. Жок дегенде мунун ким экенин эстебейсиңерби...

Анан бир аздан кийин кошумчалады:

– ...балдары да ким экенин.

Таңыркаган Фрисби айым өзүнө-өзү суроо берди: «Анда мен киммин? Муну да мен Никодемустан сурап билет окшойм».

Эйжис мырза Жастинден сурады:

– Чогулуш эмне болду? Ал бүтө элек да.

– Ал убактылуу токтотулду, – деп жооп берди Жастин. – Биз сизди күтүп калдык. Чынын айтсам, мен сизди издеп чыккам.

– Анда биздин киргенибиз оң го дейм.

Жастин аларды кире бериштин догоосунан өткөрдү, Фрисби айым менен Эйжис мырза анын артынан ээрчиди. Брутус өз ордунда, сыртта калды.



# КИТЕПКАНАДА

Көңүл кыйгачынан ылдыйлап барып, бир нече кадамдан кийин алар караңгыга жетти. Фрисби айым болсо дегеле эч нерсе көрбөй калды. Анын артынан Эйжис мырза аксап бара жатты; алдыда Жастиндин баскан кадамы угулат. Фрисби айым дабышты эле ээрчий берди. Анан ал тигинин үнүн укту.

– Жөн эле түз баса бериңиз, Фрисби айым. Биерде чалына да, уруна да турган эчтеке жок. Жолдон адашсаңыз, дубалга барып такаласыз, – анан кошумчалады. – Караңгы жер өтө узак эмес.

Мунусу менен анын эмнени айткысы келди? Фрисби айым басып бара жатып бир паска ушунтип ойлонду, анан сурайын деди эле, бир маалда алдынан таңгалычтуу, мунарыктап күйгөн бир нерсени көрө койду. Жарык! Бирок ушундай тереңде кайдан жарык болот?

– Мына, биз келдик, – деп кубанычтуу жарыялады Жастин. – Алгач караңгылыктын кыжалат кыларын билем, бирок ал да керек.

– Биз жердин астында эмеспизби?

– Ооба. Менимче, үч кадамдай жер астындабыз.

– Анда биерде кантип жарык болсун?

– Мен сизге айтып берем, – деди Жастин. – Бирок эгер бир аз күтө турсаңыз, баарын өзүңүз көрөсүз.

Коңулда бир нече кадам баскандан кийин Фрисби айым мунарыктанган сөлөкөттөр менен багытын айырмалай баштады, алар оңго бурулду, ошондо ал чынында эле бүт өзү көрдү. Көргөндөрүнө оозу ачылып ал токтой калды.

Алардын алдында узун, жапжарык далис турду. Анын шыбы менен дубалдары тегиз ийилген догоону түзүп, ортосунда жумшак килеми бар жердин таманы катуу жана түз болчу. Жарык дубалдардан келип жатты, ар бир кадам сайын кичинекей шам чырактар орнотулуптур, алардын орнотулган жерлеринде көк, жашыл же сары түстүү айнектер менен капталган. Күндүн нурунда чагылышкан шишеге окшош экен.

Жастин аны карап жылмайып турду.

– Жактыбы? Килем менен түстүү айнектин бизге кереги жок. Айрым айымдар коoздук үчүн эле өздөрү жасап алды. Ишенесизби, аны алар эски шишелерден кесип алды. Килемибиз болсо алардын бир жерден тапкан көйнөктөн жасалган.

– Татынакай экен, – деди Фрисби айым. – Бирок кандайча...

– Төрт жылдан бери бизде электр бар.

– Бешинчи жыл болду, – деп түзөдү аны Эйжис мырза.

– Бешинчи жыл, – деп макул болду Жастин. – Бу кибиреген шам чырактарды биз талдардын арасынан таптык. Албетте, Иса пайгамбардын туулган күнүнө эмес, Жаңы жылга жакын таптык. Чоң шам чырактарга алыбыз жетпейт эле.

Фрисби айым электр тууралу уккан, бүт-бардыгын аздап билген жубайы бир жолу ага айтып берген. Түнкүсүн ал Фитсгиббон мырзанын үйүндөгү шам чырактарды көрчү, ал эми Исанын туулган күнү анын балдары тамдын жанындагы карагайларга оюнчуктарды илчү.

– Жөн эле алдык дейсизби? – деп сурады ал.

– Биз этияттык менен ар бир талдан кичинеден алдык, – деп түшүндүрдү Эйжис мырза.

– Мөмө тергендей болгонбуз, – кыялданып кирди Жастин. – Жылыга шам чырактардан түшүм терчибиз. Алардан жетиштүү топтогончо бир кыйла алыс жерлерге барып жүрдүк. Ошондон кийин дагы Исанын эки туулган күнү өттү.

– Жастин – деди Эйжис мырза. – Биз алдыга жыла берсек жакшы болмок дейм.

Алар улам оңго акырын кыйшайган далисти бойлоп жөнөштү, ошондуктан Фрисби айым анын канчалык узун экенин так айта албай койду. Далис ылдыйга чукул кете баштады. Фрисби айымдын байкаганы: жер астындагы ушунчалык тереңдиктин абасы оор жана нымдуу болушу керек эле, бирок ал тескерисинче таза жана жеңил сезилди; алар жылып бара жатканда, жада калса, ал кулактарынын учун желпип өткөн айдарымды байкап калды.

Бир пастан кийин чоң далис килейген сүйрү бөлмөгө окшоп тез кеңейе баштады. Бул жердин шам чырактары шыпта жайгашкан экен; бөлмөнүн алыскы учунан Фрисби айым тешиктин созула бергенин көрдү, дагы бир кире беришкеби, арткы эшиккеби ал кайрадан өйдө көтөрүлгөнсүйт. Алардын бара турган жери келемиштердин негизги чоң далиси беле? Бирок андай болсо, калган келемиштер кана? Бөлмө ээн болчу, анда эмерек да жок эле.

– Аштымкана, – деди Жастин. – Кээде толо, азыр бош.

Андан кийин ал бөлмөнүн жанындагы ылдый кеткен тепкичти, анын жанындагы кичинекей каалганы көрдү. Жастин аларды каалганын түбүнө алып келди.

– Жүк ташыганга гана болот, – ал Эйжис мырзаны карап күлүмсүрөдү. – Бирок сиздин аксаганыңызды эске алып, уруксат берип койсок болот. Тепкичтен басканыңыз кыйын болот.

Фрисби айым имерилип ылдый кеткен тепкичти карады: ар бир тепкичтин татынакай болуп сырты капталган. Теп-

кичтен ылдыйга канчалык узак жүрөөрүн ал айта албайт болчу, анткени бир имерилгенден кийин эле көздөрүнө эч нерсе көрүнбөй калды, бирок алар бир кыйла жол жүрөөрүн ал сезип турду. Эйжис мырзага төмөн түшүү өтө оор болоорун Жастин эскертти.

Жастин эшикти ачты. Анысы жабанга окшош төрт чарчы бөлмөгө алып барат экен.

– Сиздерден кийин гана, – деди ал.

Фрисби айым кирип жөнөдү, калгандары анын артынан ээрчиди, анан каалга жабылды. Дубалда эки баскычы бар экен. Жастин бирөөнү басты эле, алардын бут алдындагы жер ылдый түшүп кеткенде, лифт дегенди көрбөгөн Фрисби айым кыйкырып жиберди да, кулап түштү. Жастин аны кармай коём деп колун сунду.

– Баары жайында, – деди ал. – Мен сизди эскерткенди унутуп калыптырмын.

– Бирок биз кулап баратпайбызбы!

– Андай эмес. Ылдый түшүп баратабыз, бирок бизди эки жоон зым менен электр кыймылдаткычы кармап турат.

Ошентсе да төмөн түшкөнчө Фрисби айым бир нече убакытка демин ичине кармап турду, ал ортодо кичинекей лифт акырындап барып токтоп, Жастин эшикти ачты. Андан кийин Фрисби айым кайрадан үшкүрүп, сыртка баш бакты.

Анын алдындагы бөлмө азыр эле алар кеткен бөлмөдөн жок дегенде үч эсе чоң болчу; далистер андан гүлдүн жалбырактарындай туш тарапка жайылып кетчи. Лифттин алдындагы ачык догоо жыйындар бөлмөсүнө окшош жакка алып барчы, этегинде сахна жайгашыптыр.

Мына, эми келемиштер келди. Жайнаган эле келемиштер: алар экиден, үчтөн, төрттөн болуп алып сүйлөшүп, шашып, кагаз ташып, жай басып жүрдү. Фрисби айым лифттен чыкканда бул жерде бейтааныштар өтө сейрек кездешерин түшүндү, анткени он чакты кобур-собур заматта токтоду да, тигилердин баштары аны карай бурулду. Келемиштер жаман

көрүп же жактырбай караган жок, анткени бардыгы анын жанындагыларды таанычу, бирок аларга өтө кызык болчу. Андан кийин канчалык тез токтосо, ошончолук кайрадан дуу-дуу кеп башталды, себеби келемиштер аларды тиктеп туруу үчүн өтө адептүү эле. Бирок алардан бирөө, бетинде тырыгы бар арык чырай бир келемиш тобунан бөлүнүп чыгып, аларга жакын келди.

– Жастин. Эйжис мырза. Коногубуз да бар экен.

Ал өтө сылык, байкатпас ариет менен сүйлөдү, ал эми Фрисби айым дагы бир нерселерди байкады. Биринчиси: бетиндеги тырыгы анын сол көз жагынан өткөн экен, ошондуктан анын үстүн ал кара чүпүрөк менен жаап, жип менен башына байлап алыптыр. Экинчиси: ал бокчону баштыктай кылып аркасына илип коюптур.

– Мейманыбыздын аты сага тааныш, – деди Жастин. – Бул Жонатан Фрисби айым. Фрисби айым, бу Никодемус.

– Бул ат чын эле мага тааныш экен, – деп жооп берди Никодемус аттуу келемиш. – Фрисби айым, балким, сиз билбесеңиз керек, сиздин ыраматылык жолдошуңуз биздин мыкты достордон болгон. Сизге биерде дайыма кубанычтабыз.

– Рахмат, – деди Фрисби айым таңыркагандан таңыркап. – Менин жубайым менен тааныштыгыңарды чынында эле билбептирмин. Бирок муну укканыма кубанычтамын, анткени мен сиздерден жардам сурап келдим.

– Фрисби айымдын бир маселеси бар экен, – деди Эйжис мырза. – Өтө шашылыш маселе.

– Эгер колубуздан келсе эле, албетте, көмөк көрсөтөбүз, – деди Никодемус, анан Эйжис мырзадан сурады. – Чогулуш бүткөнгө чейин күтө алабы? Бир саат? Биз чогулушту улантмак болуп калганбыз.

Эйжис мырза ойлонуп калды.

– Бир саат эчтеке болбостур.

Никодемус мындай деди:

– Жастин, Фрисби айымды китепканага узатып койчу, чогулуш бүткөнчө ал жерде кенен отуруп турсун.

Ошол маалда келемиштердин акыркылары чоң жыйын бөлмөсүнө кирип, орун ээлеп сахнага карай отурушту. Никодемус алардын артынан кирди да, шашып-бушуп баштыгынан бир нече кагаз жана окуганга көз айнегин алып чыкты.

Жастин Фрисби айымды башка тарапка, далис менен солго, ылдый ээрчитип жөнөдү, ошондо ал кайрадан бетке урган муздак айдарымды сезди. Ал өзүнүн эми эле келгени кирүүчү далис экенин түшүндү, демек, калгандары келемиштердин турак жайларына алып барса керек. Жастин ээрчитип келген далистин көптөгөн эшиги бар болчу, ал ошонун бирөөнү ачты.

– Биякка, – деди ал.

Алар кирген бөлмө чоң, төрт чарчы, жарык экен, абасы таза эместиги сезилип турду.

– Окуганды жакшы көрсөңүз, бул жер өтө ыңгайлуу.

Ал дубалдарды көрсөттү. Жерден шыпка чейин дубалдарда текчелер турду, текчелерде... Фрисби айым эстөөгө аракет кылды.

– Китептер, – деди ал. – Булар китеп.

– Ооба, – деди Жастин. – Сиз көп окуйсузбу?

– Жок, – деди Фрисби айым. – Жубайым үйрөткөн. Ал эми балдарым...

Ал тигиге айтып берди. Топурактын үстүн чиймелөө... ушунун бардыгы тээ илгери болгонсуду...

– Кечиресиз, менин чогулушка барышым керек. Жыйындарды жек көрөм, бирок бу болсо өтө маанилүү. Биз Жобонун эрежесин түзүп атабыз.

Ал бу сөздү өтө олуттуу айтты.

– Жобонун?

Бирок тигил каалганы акырын жаап, сыртка чыгып кетти.

Фрисби айым туш тарабын карады. Бөлмөдө (Никодемус айткандай, китепканада) китеп текчелеринен тышкары бир нече жозу турду, аларда андан көп китеп жайылып, кээ бирлери ачылып жатты.

Китептер. Жубайы Жонатан алар жөнүндө айтып берген. Ал балдарын да, аны да окуганга үйрөткөн. Балдары тез эле үйрөндү, ал эми Фрисби айым жөнөкөй сөздөрдү эптеп кошуп жүрдү; муну ал курагына байланыштырчы. Ошондой эле ал электр тууралу да айтып берчү. Жонатан ушунчалык көптү билчү, анын ою боюнча, келемиштер деле ошончо билсе керек. Буга чейин Фрисби айым буларды ал каяктан үйрөнүп алган дечү. Билимдүүлүгүн ал адаттагыдай эле кабыл алчу. Бирок ага окуганды ким үйрөттү экен? Ал келемиштер менен тааныш турбайбы, ошолор үйрөттүбү? Алар кандайча байланышта эле? Эйжис мырзага анын көп барганын эстей койду. Эйжис мырза дагы келемиштерди тааныйт турбайбы.

Фрисби айым үшкүрүндү. Чогулуш бүткөндө, балким, ал Никодемус менен сүйлөшкөнгө мүмкүнчүлүк алат, ал тигиге Тимоти жана Көчүү күнү жөнүндө айтып берет; мүмкүн, бардыгы өз жайына келгенде, тигил ага бүт баяндап түшүндүрөт.

Бөлмөнүн эң этегиндеги дубалдын бир четинде китеп текчелери жок эле. Алардын ордунда ак бор менен кайсыл бир сөздөр жана сандар жазылган такта илинип турат. Астындагы текчеде сынган бор менен чүпүрөк жатат. Такта эң узун жозунун жанына илинген. Китепкананы окууга пайдаланышканбы? Чычкан тактаны тиктеп, жазууларды эптеп окуганда, ал иштин жайы башкада экенин түшүндү. Көбүнчө бул кеңешмелер бөлмөсү болсо керек.

Тактанын үстүнө чоң тамгалар менен:

МОУИДЕГИ* КЕЛЕМИШТЕРДИН ЖОБОСУ – деп жазылган экен.

---

* МОУИ – Мээни ойлондуруучу улуттук институт



## ИЗАБЕЛЛА

Фрисби айым шашпай окуду: «МОУИдеги келемиштердин Жобосу». МОУИ дегени эмне? Же каерде? Аты бир кызыктай жана түшүнүксүз көрүндү. Анда келемиштер дагы бир жактан келдиби? Аларда китеп, шам чырак, зым жана кыймылдаткычтардын болушу ошол себептенби? Ошентсе да анын эсинде калганы: алар ушул жерде эле, же жок дегенде келемиштер ушул жерде эле. Анткени менен бул анча узак мөөнөт эмес.

Тигилердин дагы эмнеси бар эле деп ал ойлонуп калды. Бир маалда анын тегерегин карап, башка эшиктердин артында жана башка далистерде эмне бар экенин көргүсү келди. Ал каалганын жанына барып, аны ачты да, чоң бөлмөгө баш бакты. Бардыгы ээн жана тынч болчу, кулак салып тыңшап гана ал алыстагы түгөл гүүлдөп, шатыра-шатман иштеп жаткандай бир калыптагы дабышты укту, дагы бир кыймылдаткычпы?

Ал чоң бөлмөгө баш багып, анан кайра чыккысы келбей калды. Кереги жок болчу. Никодемус дос пейил (алардын бардыгы дос пейил эле), бирок так болчу. Ал аны китепка-

нада күт деди. Чычкан болсо бул жерге ар нерсеге көз артканы эмес, жардам сураганы келген. Ал китепканага кайтып, каалганы жапты да, орундуктардын бирине отурду. Келемиштер аларды окуганга үлгүрсүн деп китептер негизинен жумшак кагаз мукабалуу жана кыйла кичине, бирок чычкандар үчүн чоң экен, ошондуктан ал тактанын алдына отуруп, аны дагы бир сыйра карап алды.

Аты турган жерден төмөнүрөөк сөздөр жана сандар тыкан жазылыптыр:

**Жадыбал**

Январь:

1-топ (10): Сулу 30 таңгак = 2 бушел[1]
2-топ (10): Буудай 30 таңгак = 2 бушел
3-топ (10): Жүгөрү 20 таңгак = 1,5 бушел
4-топ (10): Ар кыл үрөн. Жалпысынан 10 таңгакка жакын.

Тактанын калган жагы да сандарга толгон, ар бири жылдын айлары менен аталган: февраль, март, апрель, май, ошентип июлга чейин. Ылдыйда төрт бурчтук тартылган:

Айдоо (Артурдун тобу) (14)
Айдоо №2. 1-январда аяктаган
Айдоо №3. 10-февралда аяктаган
Айдоо №4. 20-мартта аяктаган

Фрисби айым тактаны тиктеп, аны түшүнүүгө умтулду, бирок болбоду.

Ал дагы эле ошону менен алектенип отурганда эшик ачылып, бир келемиш кирди. Ал кыз экен, кичинекей, өңүнө караганда өтө жаш. Анын колунда калем менен кагаздары бар экен, ал басып келе жатып да аларды карай берди, ошондук-

[1] Бушел – Иңглистан жана АКШта суюк, талкаланган нерселердин өлчөмү (35-36 литрге барабар).

тан Фрисби айымды дароо көргөн жок. Көргөндө ал чочуп кетип, кагаздарды чачып алды, алары жерге жайылып калды. Тигинин көздөрү алайып кетти.

– Сиз кимсиз? – деп сурады ал. – Мен сизди таанбайт экем, биерге кантип кирдиңиз?

Ал эшикке кетенчиктеди.

– Баары өз жайында, – деди Фрисби айым. – Мен Эйжис мырзанын досу болом.

Келемиш чынында эле жаш экен, тим эле баладай.

– Бирок сиз биерге эмнеге келдиңиз? Сизди ким коё берди?

– Никодемус. Ал мени ушуерде күтө тур деди.

Кичинекей келемиш анын айткандарына ишенбеди.

– Сиз тыңчы болуп жүрбөңүз?

– Тыңчы? Кантип, кандайча? Каерден тыңчы?

– Билбейм. Сырттан. Мүмкүн, МОУИден.

– МОУИ деген эмне экенин билбейм.

– Сиз айтып аткан эле неме.

– Бирок мен билбейм да. Ал эмне? – деп сурады Фрисби айым саал кыжырлана.

– Ал жердин аты.

Толкунданганы бир аз басылгандан кийин келемиш жерден кагаздарды тере баштады.

– Менин окуп, машыгышым керек.

– Кайсы жерди айтып жатасың?

– Биз келген жер. Аны мен чала билем. Аерде эч бололекмин.

– Аерде болбосоңуз, анан кантип ал жактан келдиңиз?

– Апам менен атам ошол жакта болушкан. Мен кийинчерээк төрөлгөм. Менимче, ал ак болушу керек го. Кандай болсо да бирдемени билем: биздин кайткыбыз келбейт. Алардын бизди кармап алганын каалабайбыз.

Ошондуктан Фрисби айым тигинин сөздөрүнө таянып, МОУИ эмне гана болбосун, ал жерден келемиштер ушул жак-

ка качып келгенин билет. Бирок ал кичинекей баладан толук маалымат алышың кыйын экенин да түшүндү. Ал кайрадан Никодемус муну да түшүндүрүп берет деп ишенди.

– Никодемус да МОУИденби?

– Ооба.

– Жастинчи?

– Ал дагы. Сиз Жастинди таанышсызбы?

– Ооба.

– Менимче, сиз тыңчы эмессиз, – деди кичинекей келемиш.

Ал бир аз муңайыңкы көрүндү. Анан туруп-туруп эле мындай деди:

– Жастин үйлөнө элек.

Ал орундуктардын бирине отуруп, китепти ачты.

– Ал кыйын. Атүгүл Ажыдаардан да коркпойт.

Ал бир аз китеп окуп, калемин алды да, аны ошол замат четке койду.

– Турмушка чыгуу мен үчүн өтө эрте.

– Мен да ошондой деп ойлойм, – деди Фрисби айым. – Азырынча эрте. Бирок жакындап калды.

– Апам дагы ошондой дейт. Бирок ал өтө узактай көрүнөт. Жастин болсо башка, бирөөнө үйлөнүп алышы мүмкүн.

– Антпейт го, – деди Фрисби айым кептин жөнүн түшүнүп. – Ал өзү деле өтө жаш го. Атың ким?

– Изабелла.

– Сонун ат экен.

– Мага жагат. Болгону агам мени Иззи деп атайт. Анысы мага жакпайт.

– Сөзсүз. Агаң каякта?

Чогулушта. Ал менден улуу. Улуулардын баары чогулушта. Бирок апам барган жок. Апаларыбыз дайыма эле бара бербейт. Ал дан кампасында, данды капка салат.

– Данды капка салат?

– Жобо үчүн. Бирок ага Жобо жакпайт.

Кайрадан Жобо.

– Жобо деген эмне? Эмнеге ага ал жакпайт?

– Жөн эле Жобо. Ошого жараша биз жашайбыз, дагы ошо сыяктуу. Ага жакпаганы, ал жашоо кыйын болот дейт: шам чыраксыз, муздаткычсыз, аккан суусуз. Бирок ал иштен качпайт, чынында андай эмес. Женнердей эмес. Женнер болсо бизге жакчу эмес.

– Женнер деген ким?

– Ал тобубузда болчу, бирок кетип калды. Мүмкүн, ал кайра МОУИге кетип калгандыр? Биз билбейбиз.

Фрисби айым көз алдына бара-бара келемиштер тобундагы турмушту элестете баштады, анын баары бүдөмүк бир нерсе болуп калды, анткени Изабелла жаш кыз эле, бирок кээ бир нерсеси түшүнүктүү болду: алардын эгин кампасы бар, болжолу менен тамак-аш сактаганга; ургаачылар болсо чогулушка бирде барса, бирде барбайт; Никодемус алардын жетекчиси көрүнөт; келечекке алардын Жобосу бар болчу, бирок аны келемиштердин бардыгы эле жактыра берчү эмес, Женнер аттуу алардын бирөө качып кеткен. Же аны менен дагы башкалары кетти бекен? Ошону Изабелладан сурайын деп турганда китепкананын эшиги ачылып, бөлмөгө Никодемус, Жастин жана Эйжис мырза кирип келишти. Алар менен кошо Фрисби айым тааныбаган дагы бир келемиш кирди.



# АЖЫДААР ҮЧҮН ДАРЫ

Бейтааныш келемиштин аты Артур болчу. Ал бакжагай, чымыр жана булчуңдуу эле, көздөрү жалтылдап, көз карашы чечкиндүү экен. Ал билерман көрүнчү.

– Муну биздин башкы мукендис десеңер болот, – деди Никодемус Фрисби айымга. – А чынында Жастинди күзөтчүлөрдүн башчысы десеңер туура. Эгер бизде ошондой кызматтар болсо жакшы го, бирок бизде жок. Эйжис мырза Артур бизге кошулса болот эле деди, анткени менен эмнеге экенин айткан жок. Анда эмесе, биз алигиче сиздин маселеңиз тууралу билбейбиз.

Изабелла кетип калды. Калгандары кирип келгенде ал кайрадан кагаздарды жерге түшүрүп жиберди, аны уялдырып да, кубандырып да Жастин кагаздарын теришти.

– Салам, Иззи, – деп учураштты ал. – Китеп окууң кандай жүрүп атат?

– Жакшы, – деп жооп берди ал. – Өткөн аптада үчүнчү деңгээлин бүтүрдүм. Эми төртүнчү деңгээлдемин.

– Төртүнчүгө келип калдыңбы? Кыйла өсүптүрсүң го!

Ушул сөздөрдөн кийин ал үчүнчү жолу кагаздарын түшүрүп жиберип, жерге чачып алды. Жастин аны Иззи деп атаганын Фрисби айым байкадыбы же жокпу ага баары-бир болчу, кантсе да анын атын атаса эле болду.

Никодемус анын артынан эшикти жапты да, анан Фрисби айым тарапты карап орундуктардын биринен орун алды; калгандары да олтурушту. Эйжис мырза ооруган бутун алдыга сунуп алды. Никодемус баштыгынан китеп окуй турган көз айнегин алып чыгып, аны ачып тагынып, Фрисби айымды тигиле карады.

– Көз айнек тагынып, тике караганым үчүн кечирип коюңуздар, – деди ал. – Сол көзүмөн айрылгандан кийин мен оң көзүмү да оорутуп алдым; жакын жерден көз айнексиз көрө албайм, бирок чынында алар менен деле жыргап кетпейм.

Ушул сөздөрү менен ал көз айнегин чечип, аны жозунун үстүнө койду.

– Эми, – деди ал. – Сизге биз кандай жардам бере алабыз?

Аны ушул жерге алып келген окуяны бүт Фрисби айым дагы бир сыйра айтып берди да, акырында, үкү кеңеш кылгандай, таштын шамалга каршы тарабына көчүрүүгө жардамдашуусун суранды.

Ал дагы кошумчалады:

– Бу мине дегени экенин мен билбейм. Жереми деген карга айткан, ал шамал болбогон тарап деген. Бирок анысы кантип жардам берсин?

– Мен анын эмнени айтканын түшүндүм окшойт, – деп жооп берди Никодемус. – Тереңин айтса, шамалга каршы тарабы дегени корголгон жакты билдирет. Фитсгиббон мырзанын багынын үстүнөн учкан куш көпчүлүгүбүз көңүл бурбаган немелердин баарын байкайт.

Ал баштыгына колун сунуп, андан калем менен бир барак кагаз алды да, кайрадан көз айнегин тагынды. Сүйлөп жатып кагазга ал бир сүрөттү чиймелеп тартты.

– Дыйкан чоң таш турган талааны айдаганда, анын тегерегин бүт айдайт, бирок ар бир учуна айдалбаган үч бурчтук калтырат. Фрисби айымдын тамы таштын жанында, анын үстүнөн буурсун менен айдап өтүшөт, ошондо, үкү айткандай, мүмкүн, аны талкалап да салышат. Бирок эгер ал таштын артында, далдада кала тургандай кылып биз аны бир нече аралыкка жылдырып койсок, анда ал балдары менен кошо ошол жерде каалашынча жүрө берет. Абадан үкүнүн байкаган багы мына мындай көрүнсө керек.

Ал көз айнеги менен чийилген кагазды карап чыгып, аны жозунун үстүнө койду.

Фрисби айым орундукка чыгып, чиймени карады. Бул колго тартылган карта экен, ага бактын сүрөтү түшүрүлгөн, чоң таш анын тең ортосунда экен, буурусундун каза турган жолу кайыктан тараган тегеректерге окшош эле.

– Үйүңүз каерде, көрсөтүңүзчү, – деди Никодемус.

Фрисби айым сызылган жердин бирин көрсөттү.

– Бул кыш каерде экенин мен билем, – деди Артур аттуу келемиш. – Чынында мен аны көчүрөйүн дегем, бирок көтөргөнгө ал өтө узун экен деп койгом. Аны малага салмак болсун деп байлап коюшкан, анысы бактагы ишти бүтүрөөрү менен түшүп калган.

– Сен муну ушуерге жылдыра аласыңбы? – деп сурады Никодемус сызыкты көрсөтүп. – Анан кайра аны көмүп коёсуң.

– Ооба, – деди Артур. – Ал анча деле оор эмес болуш керек.

Фрисби айым сүйүнө түштү; картадан караганда бардыгы түшүнүктүү болду, айтылган ойдун жөнөкөйлүгүн ал эми көрдү. Жер айдаганда Фитсгиббон мырза так эле алардын үйүнүн артынан өтөт; Тимоти айыгып, күн биротоло жылыганча аларга көчүп кереги деле жок. Ал кайрадан жубайынын айтканын эстей койду: ачкычың болсо каалганы ачыш оңой экен. Ал ачкычты тапты. Тактап айтканда, үкү тапты.

Никодемус Артурдан сурады:

– Сага канча убакыт керек?

– Тагын айталбайм. Эгер он чакты келемиштен турган топ чогултсак, анда бир-эки сааттык иш. Эгер жыйырманы чогултсак, анда бир саатта бүтөт.

– Биз жыйырма келемиш беребиз. Бирок баары-бир кеч.

Ал кабатыр болгонсуду.

Артурдай эле.

– Ооба, – деди ал. – Түнү иштөөгө туура келет, бирок анда… Бекине турган жер жок. Айлананын баары ачык.

– Ажыдаар тууралу да ойлонуп коюшубуз керек, – деди Жастин.

– Ооба, – деп күбүрөндү Эйжис мырза. – Мындай бүтүм менен колумдан келбейт го. Мен кесеге эч жеталбайм, андан кайтуу жөнүндө айтпай эле коёюн.

Алардын муңая түшкөнүн көрүп, Фрисби айымдын кубанычы тарай баштады. Бир нерсеси келишпей жатат көрүнөт.

– Түшүнбөй турам, – деди ал. – Ажыдаар жөнүндө билем го, албетте, бирок…

– Түндө, – деп жооп берди Жастин. – Чарбанын короосунда Ажыдаар жолборстой уурданып басат. Ошондуктан сен аны үстүңөн басып калмайынча эч көрбөйсүң.

– Анда силер баары-бир менин тамымды жылдыралбайт экенсиңер да.

– Неме, – деди Жастин. – Демейде…

Ал Никодемусту карады:

– Мен буга түшүндүрүп берейинби?

– Ооба, – деп жооп берди Никодемус.

– Демейде, – деп баштады Жастин. – Биздин түнкү долбоор болгондо, кээде күндүз деле Ажыдаар бизди козгобой турган кылабыз: биз анын тамагына уктата турган дарыны кошуп коёбуз. Эйжис мырза аны даярдап берет. Андан мышыкка зыяны жок, бирок ал сегиз-тогуз саатка уйкучул болуп калат. Анын жанына күзөтчүлөрдү калтырабыз, анан өзүбүз беймарал иштей беребиз.

– Анан кечээ күнү силер ошенттиңер! – деп кыйкырып жиберди Фрисби айым, чөптүн үстүнөн зым сүйрөп бара жаткан караандар оюна келе калып; ал көргөндөАжыдаар бир кызыктай шалдырап калыптыр болчу. – Мен короодогу мышык уктап атканын байкагам.

– Ооба, – деди Жастин. – Бирок бүгүн Эйжис мырза бутун сындырып алыптыр.

– Демек, ал бүгүн дары даярдай албайт да, ыя?

– Кеп анда эмес, – деди Эйжис мырза. – Дары менде толуп атат.

– Маселе мында, – деди Жастин. – Эйжис мырза дарыны алооканадагы Ажыдаардын кесесине салып койчу. Эми сынык буту менен ал тез кыймылдай албайт.

– Эмнеге жалаң эле Эйжис мырза? – деп сурады Фрисби айым. – Аны башка бирөө кылса болбойбу?

– Муну мен өзүм деле кылмакмын, – деди Жастин. – Бирок мен өтө көлөмдүүмүн.

– Билесизби, – деп түшүндүрдү Никодемус. – Фитсгиббон айым күнүгө мышыкка тамакты эртең менен жана кечинде берет, ал эми кесеси дайыма бир жерде турат, алоокананын бир бурчундагы жабандын жанында. Жер менен жабандын түбүнүн аралыгында кичинекей тешик бар. Бир нече жыл мурда бизге Ажыдаарды уктатуу жөнүндө ой келгенде, жабандын артындагы жерден биз тешик оюп чыкканбыз, башка жерден тигилер көрүп коймок. Кесеге жетүү үчүн Эйжис мырза жабандын астынан өтүп барат. Чекесине жакындаганда ал кесеге тез аралыкта жетип барып, дарыны салат да, көзгө көрүнбөй качып кетет. Бирок эми сынган буту менен ал тез чуркай албайт.

– Биз дарыны сыртка деле калтырсак болот, – деди Жастин. – Бир жолу ошенткенибиз да жарап кеткен.

– Он чакты аракеттен кийин, – деди Никодемус. – Кепилдик жок, ал эми убактыбыз аз. Коопсуздук үчүн биз кышты бүгүн жылдырышыбыз керек.

– Эгерде бизде мышыктын оокаты болгондо го... – деди Жастин үн чыгара ойлонуп. – Аны ал сырттан деле жеп салмак, анткени өзүнүн оокаты экенин билет да. Мүмкүн, мен бүгүн чатыр аркылуу алооканага түшөмүн...

– Пайдасыз, – деди Жастин. – Аны алар дубалдагы темир кутунун ичинде сактайт. Жалгыз ага кире албайсыз. Ал эми бирөө менен чогуу барганда ызы-чуу көп болот.

– Кандай болсо да, – деди Никодемус. – Кышты көчүрүү иши эртеңки таңга калтырылат.

– Анан дагы, – деди Жастин. – каерге болбосун тыңчыларды коюу керек деп ойлойм, жакшылыктан үмүтөтүү жана күтүүүчүн Ажыдаарды байкап турууга. Кээде ал бакка келбей койгон учурлары да болот. Андай болгондо ишибиз оңунан чыгып калабы деп ойлойм.

– Болбой калышы да мүмкүн, – деди Артур. – Мага ушунун баары жакпай турат. Биз билгизбей кышты каза албайбыз, түшүнгүлө.

Фрисби айым акырын анын сөзүн бөлдү.

– Дагы бир жолу бар, – деди ал. – Эгер Эйжис мырза алооканага кирсе, анда мен деле киралам. Силер мага дарыдан берип, каерге барыш керегин көрсөтсөңөр, анда мен аны Ажыдаардын тамагына кошууга аракет кылам.

Жастин шашыла сүйлөдү:

– Жок. Бу ургаачынын иши эмес.

– Силер унутуп атасыңар, – деди Фрисби айым. – Мен Тимотинин апасымын. Эгерде силер, Артур жана башкалар аны сакташ үчүн тобокелге барсаңар, анда мен да макулмун. Бирдемени эсиңерден чыгарбагыла: бирөөңөрдүн жабыр тартканыңарды мен каалабайм, эң жаманы Ажыдаарга жем болууңарды каалабайм. Андан да башкасын айтайын: менин аракет кылып, анан жеңилип калгым келбейт. Ишиңердин ийгилигиндеги эң жаманы: эгер силер четинен качсаңар, анда менин үйүм өз ордунда кала берет. Бирок андан

кийин биз эмне кылабыз? Жок эле дегенде Тимоти өлүп калат. Ошондуктан барганга эч ким жок болсо, анда мен барып мышыкты уктатам.

Никодемус ойлонуп туруп, анан мындай деди:

– Албетте, мунуку туура. Эгер ал тобокелге даяр болсо, анда биз аны токтото албайбыз.

Ал кошумчалады:

– Бирок сиз билишиңиз керек, бу өтө коркунучтуу иш. Ошол эле алооканада кечээ Ажыдаардан качып келатып, Эйжис мырза бутун сындырып алган. Ал эми быйтыр дал ошентип келатып сиздин жубайыңыз курман болгон.



# БАЗАР

Фрисби айым колдору менен бетин жаба калды.

– Мен билген эмесмин, – деди ал. – Билгеним эле, ал үйгө кайтпай калган. Бирок мен ага эмне болгонун билген эмесмин. Атүгүл мен анын силер менен тааныштыгын да билбептирмин. Эмнеге ал бул жөнүндө мага айткан эмес?

Жастин аны ийнинен акырын сылады.

– Сиз үчүн муну угуу өтө кыйын болуп турат, – деди ал. – Сизге аны айтып берели деп ойлогонбуз, бирок анан тим эле коёлу деп чечтик. Андан сизге эч кандай жеңилдик болмок эмес.

– Сиз Жонатан эмнеге биз жөнүндө айтпаганын сурадыңыз, – деп кошумчалады Никодемус. – Анын олуттуу бир себеби бар болчу. Бирок ал баары-бир кабатырланып жүрдү, сизге сөзсүз айтмак. Бирок анда өтө кеч болуп калган.

– Эмне деген себеп?

Фрисби айым башын көтөрдү. Беттеринде көз жашы жылтырап турду, бирок ал ыйлаганын токтотту.

– Бу суроого жооп бериш үчүн бир узак окуяны айтып беришим керек. Ал окуя биз, МОУИ, Жонатан, анан биздин биерге келишибиз жөнүндө. Ал биз менен кошо келген, билгиңиз келсе. Мен азыр айтып бергенге даярмын, бирок биздин убактыбыз бар бекенин билбейм.

– Болсо керек, – деди Жастин. – Биз Эйжис мырза менен дарыга барып келели, ошо маалда сиз айтып бериңиз.

– Ушу бутум менен барып келгиче, – деп кабагын бүркөдү Эйжис мырза. – Сиз окуяңызды эки сыйра айтып бересиз.

– Биротоло унутуп калыптырмын, – деп өкүндү Жастин. – Мен өзүм эле барып келсемби?

– Жок, – деп жооп кайтарды Эйжис мырза. – Аштымканада дарынын түрлөрү бар. Кайсынысы керек экенин сен билбейсиң, мен кошо барам. Бирок биз жай басабыз.

– Мен болсо бүгүнкү ишибизге керектүү шаймандарды издеп келем, – деп кобуранды Артур. – Бизге көп нерсе керек болот: күрөк, кетмен, чукулдук, бакса, көтөргүч, айланткыч...

Ал шаймандарды дагы эле эсептей берди.

Никодемус Фрисби айымга кайрылды:

– Менимче, биздин китепканадан кетишибиз керек. Азыр Изабелла жана дагы башкалар келет да, китеп окуп, изилдөө жүргүзөт.

– Изилдөө?

– Бизде айыл чарба, дыйканчылык, багбанчылык, жер семирткич, дагы башка нерселер тууралу биртике жаңы китептер бар, биз аларды үйрөнөбүз. Бу Жобонун бир бөлүгү.

– Жобо деген эмне экенин билбейм.

– Билбейсиз, – деп макул болду Никодемус. – Бирок мен окуябызды айтып бергенде, сиз да аны түшүнөсүз.

Ал эшикти ачып, Фрисби айымды бир нече каалгадан далис аркылуу ээрчитип өткөндө, анын бардыгы жабык болчу. Ал ачылган бир каалганын түбүнө токтоду.

– Менин иш бөлмөм, – деди ал. – Кириңиз.

Экөө кирген бөлмө китепканага караганда чакан, бирок кыйла ыңгайлуу, тыкан жайгаштырылган экен. Жерде килем жатыптыр (Фрисби айым анын оюулары так эле жогорудагы чоң бөлмөдөгүдөй экенин байкады), шыпта жана жозунун жанында чырактар күйүп турду. Бөлмөдө китеп текчелери бар экен; текчелердин биринде акырын тыкылдап саат жүрүп жатат. Жозунун үстүндө китеп ачылган бойдон калыптыр, жанында отургуч турат; каршы тарабындагы дубалдын жанында кездеме менен тыкан капталган чакан диван жайгашкан. Бирок Фрисби айымды бардыгынан да бөлмөнүн бир бурчундагы куту кызыктырды, анын алдыңкы бетинде кичинекей чырагы жана баса турган топчусу бар экен; ал кутудан бир обон акырын угулуп жатты. Ал аны суктана тыңшап калды.

– Сизге бул обон жагабы? – деп сурады Никодемус. – Мага дагы жагат.

– Бу радио болсо керек.

Ал бир кезде Жонатан ага айтып бергендерди кайрадан элес-булас эстей койду. Обон. Аны ал өмүрүндө эки-үч жолу гана уккан, ошондо Фитсгиббондор терезесин ачык коюптур, ичинде бирөө ойноп жатыптыр. Аны эч уга элек. Добуштары өтө жагымдуу экен.

– Ооба, – деп сөз улады Никодемус. – Биз муну обон үчүн эмес, албетте, кабарларды угалы деп таап келдик. Бирок обондорду да укса боло тургандан кийин эмнеге аны пайдаланбайбыз?

Ал отура кетти, Фрисби айым да ошентти.

– Эми, – деди ал. – Мен МОУИ тууралу айтып берем. Сизге кызык болсо керек, анткени жубайыңызга да байланыштуу болчу. Мен айтып бүткөндөн кийин эмнеге ал өзү муну айтууну туура эмес көргөнүн түшүнөт болушуңуз керек. Окуя МОУИде эмес, чоң шаардын четиндеги базарда башталат. Аны дыйкандар базары дешчү, ал чоң, бир бөлүгү жабык аянт болчу, ал эми дубалдары дегеле жок болчу. Ал жакка күнүгө

таң азандан тегеректеги дыйкандар патинче, жүгөрү, керем, жумуртка, тоок, сулп эт, шаардыктар үчүн азык-түлүктү машинелерине жүктөп алып келишчү. Базардын бир бөлүгү суу чаян, суу үлүл, тоголок жана жалпак балыктарды алып келген балыкчыларга берилчү. Бул жер укмуштуу эле, ал ызычууга, ар кандай жытка толуп турчу.

Биз ошол базардын жанында атам, апам, тогуз бир тууган жана мен жердин астында, мурда суу агызгычтын бир бөлүгү болуп туруп, азыр колдонулбай калган килейген куурдун ичинде жашачубуз. Айланабызда жүздөгөн башка келемиштер да бар эле. Жашоо кыйын болчу, бирок силер ойлогондой эмес, анткени жаныбызда базар турчу.

Күнүгө кечинде саат бештерде дыйкан менен балыкчылар соода катарын жаап, машинелерине отурчу да, үйлөрүнө кетчү. Түндө бир нече сааттан кийин шыпыргы менен суу чачкычын көтөрүп тазалоочулар келчи. Бирок биринчилер менен экинчилердин ортосунда базар биздики эле. Дыйкандар канча деген оокаттарды калтырышчу! Жүк ташуучу машинелерден лоя менен тобуя, ашкабак менен патинчелер төгүлүп, бүкүлү эттер менен балык акыр-чикир катары ыргытылчы да, арык менен жолдун четинде чачылып жатчу; алар үстүнөн сөзсүз жабыла турган, бирок чала жабылган чоң идиштерде толуп турчу. Биз жей ала тургандан дайыма он эсе көп тамак-аш бар эле, ошондуктан оокат талашып эч ким урушчу эмес.

Урушуубу? Тескерисинче, базар оюн куруу үчүн эң ыңгайлуу жер болчу, ошондуктан тамактанып бүткөндөн кийин биз, эң кур дегенде жаш келемиштер, оюнга киришчүбүз. Жашынмак ойноо үчүн бош кутулар бар эле, дубалга чыкса да болмок, каңылтыр картыкка кирип, томолонуп ойночубуз, ал эми жиптин үзүндүлөрүн байлап айлантчубуз. Күн ысыкта сууда сүзүүчүн аянттын ортосунда оргуштама да бар болчу. Анан тазалоочулардын биринчи кадамы менен келемиштердин бирөө козголоң салчу, бардыгы алып кетишинче

тамак-ашын көтөрүп жөнөчү. Бардыгыбыздын тең корубуз бар эле, анткени айрым күндөрү, дем алыш же майрамдарда, базар жабылчу, биз андай күндөр качан болоорун эч билчи эмеспиз.

Базарга барганда демейде мен агам Жералд жана Женнер деген досуму кошуп алчумун. Алар менин мыкты досторум эле: бизге бирдей оюн, тамаша, кеп, атүгүл окшош дагы тамактар жакчу. Өзгөчө мен Женнерге суктанчумун, ал абдан шамдагай жана акылдуу болчу.

Эрте күздүн кечелеринин биринде биз Женнер экөөбүз базарга жөнөдүк. Сентябрь айы болушу керек эле, анткени жалбырактар жаңыдан саргайып, айрым балдар ээн жерде топ тээп жүргөн. Жералдга ошол кечте үйдө калууга туура келди; ага суук тийип, аба муздак болуп тургандыктан апабыз ага чыгууга болбойт деди. Ошондуктан биз аны кошпой Женнер экөөбүз жөнөп калдык. Эсимде, эгерде биз тапсак ага жакшы көргөн оокаты болгон уйдун боорунан ала келебиз деп убада бергенбиз.

Базарга биз адаттагы жолубуз менен бараттык, көчө менен эмес, имараттардын аралыгындагы тар жолдор менен, көбүнесе имараттар соода кампалары менен гараждар болчу. Жеткенче бизге дагы башка келемиштер кошулду; күндүн ошол маалында алар базарга туш тараптан куюлуп келе берди. Базарга жеткенибизде мен ага окшош көчөдө, болжолу менен бир гүзөр аралыкта бир кызыктай төрт чарчы, чүмбөттөлгөн ак машине турганын байкадым. Байкадым деп койдум да, бирок чынында мен ага көңүл деле бурган жокмун, анткени шаардын бу бөлүгүндө андай машинелер сейрек учурачу эмес; бирок эгер мен анткенимде, машиненин ар тарабында майда тамгалар менен МОУИ деген жазуулар бастырылганын көрмөкмүн. Мен алардын эмнени билдиргенин түшүнчү эмесмин, анткени ошол маалда мен да, башка келемиштер да окуганды билчи эмеспиз.

Биз базарга жеткенде караңгы болоюн деп калган, бирок күүгүмдө жабык жеринен четкерээк, аянттын ортосуна жакын жерден биз оокаттын обу жок көп экенин көрдүк. Бу бизди таңгалдырышы керек эле деп ойлойм, бирок биз анткен жокпуз. Эсимде, Женнер: «Бүгүн алар үчүн оор күн болсо керек», – деди. Анан биз жыйырма-отуз келемиш менен бирге үйүлгөн тамакты карай сүйүнүп чуркадык.

Биз ага чуркап жеткенде эле чакчелекей башталды. Бир маалда айланабыздын баары ызы-чууга толуп кетти. Жарк этип көздү уялдырган жарыктар тамак-ашка карай орнотулган экен, биз качалы деп каякка качарыбызды билбей калдык. Оттордун аралыгы менен аркасында көлөкөлөр тарбаландап жүрүштү, алар бизге жакындаганда, мен алардын адамдар экенин көрдүм, ак кийинген адамдар узун сабы бар тегерек торду алып жүрүптүр.

– Абайла! – деп кыйкырды Женнер. – Алар бизди кармаганы жатат.

Ал бир тарапка, мен экинчи жакка чуркадык, анан мен аны биротоло көрбөй калдым.

Биз, баарыбыз түз эле торчон кишилерди көздөй бараттык. Башка кача турган жер жок болчу; алар бизди курчап алышты. Торлор бирде ылдый, бирде өөдө шилтенип атты. Кээ бир келемиштер адам менен оттордун ортосунан өтүп, качып кеткендей болду. Мен шуулдап абаны кескен үндү уктум, дал жанымдан тор учуп өттү. Мен кайрылып, бекине аламбы деп кайрадан үйүлгөн оокатты карай чуркадым. Бирок бир маалда шуу эле дей түштү, ошол заматта менин буттарым менен мойнуман жип ороп калганын сездим. Мени менен кошо торго түшкөн дагы үч келемишке кошуп мени жерден өйдө көтөрүштү.



# КАПАСТА

Фрисби айым:

– Бирок эмнеге алар силерди кармагысы келди? Анан кантип силер качып кеттиңер?– деп сурады.

– Башында, – деди Никодемус. – Биз алардын оокатын уурдаганыбыз жакпай калса керек деп ойлогом. Бирок муну уурулук деп айтып деле болбойт, алар акыр-чикирлер болчу, ал эми тигилердин кылганы – болгону ошолорду шаардын кайра иштетүүчү жерине жеткирчү. Биздин бир аз жегенибиздин кандай зыяныбыз бар? Албетте, айрым кишилер бар, жакшы болобу, жаман болобу аларга жөн эле келемиштер жакпайт.

– Чычкандар да жакпайт, – деп кошумчалады Фрисби айым.

– Туптуура, – деди Никодемус. – Болгону келемиштердей өтө катуу эмес. Кандай болсо да кеп анда эмес; бирок чыныгы себебин мен дароо түшүналган жокмун. Качуу жөнүндө кеп кылдым, ал дагы кыйла кийинчерээк болду.

Жок, мен бекем жана катуу байланган болчумун деп кебин уланта берди Никодемус, торго чаташып, мен өзүмү абдан алсыз

сездим. Торду кармап турган киши төрт келемишти кармаганын көргөндө, ал жибин тартып байлап салды. Торду четке коюп, ал дагы бошун алды. Бизди таштап коюп ал аянтты көздөй кетти. Мен торду кырча турган болдум, бирок жиптер зымдай катуу бир нерседен жасалган экен.

Ызы-чуу бара-бара тынчып калды; аянттагы келемиштер же качып, же кармалып тынса керек дейм. Бир киши экинчисине: «Бу көп го деп ойлойм», – дегенин уктум. Бирөө базардын бурч-булуңун издеп, жарыкты бирде бир тарапка, бирде башка жагына буруп атты.

– Эч ким көрүнбөйт.

– Бекинип, дагы бир аз күтө турсак болот.

– Башка келбейт. Бүгүнкүгө болду. Балким, дагы төртбеш түн күтөбүз.

– Биринен бири угат да.

– Алар бири менен бири сүйлөшөт дейсиңби? – бу үчүнчү кишинин үнү болчу.

– Анан эмне, алар бири бири менен сүйлөшөт. Эмки келгенинде, билип ал, алар бу жерди акырындап байкашат. Дагы бизге жакшы болду. Келемиштерге көптөн бери тийген эмеспиз да. Ошондуктан алар абайлабай калышкан.

– Лаборатория канчаны сурады эле? – бирөө биринин артынан бирин жарыкты өчүрүп атты.

– Алтымышты. Бизде канчоо?

– Ошого жакын. Мүмкүн, көбүрөөктүр.

– Жүктөйлүчү.

Бир пастан кийин мени көтөрүп баратышканын сездим; нары-бери силкилдетип алар мени дагы үч байкуш менен кошо мурун мен көргөн чүмбөттөлгөн ак машинеге алып баратты. Тигинин арткы эшиктери ачык эле, ичи жарык болчу. Ичинен ал текши зым менен капталган капас экенин байкап калдым. Биздин торду алар дал ошол жерге салды; бир киши жибин чечип жиберди да, бизди таарынды төшөлгөн жерге таштап койду. Калган торлор деле биздикиндей бо-

луп биринин артынан бири бошотулду; бир нече убакыттан кийин биз бир топ болуп калдык, бардыгынын аздыр-көптүр эси ооп, бардыгыбыз (арасында мен дагы) корктук. Капас жабык, каалгалары дагы, жарык өчтү. Чүмбөт машиненин кыймылдаткычы иштегенин уктум; бир пастан кийин астымдагы жер титирей түштү. Биз жылып жөнөдүк. Бизди каякка апаратты? Эмнеге?

Анан караңгыда мен артыман бирөөнүн үнүн уктум.

– Никодемус? – ал Женнер экен.

Аны көрүп кубанганымы айтпагыла. Бирок ошо эле маалда боорум да ачыды.

– Женнер, мен сени, мүмкүн качып кеттиби дегем.

– Мен акыркы тордун ичинде болчумун. Сени жерде жаткандай көрдүм эле...

– Биз каерге баратабыз?

– Билбейм.

– Лаб деген эмне?

– Лаборатория.

– Ооба, бирок ал эмне?

– Билбейм. Бу сөздү мен эмеле бир жерден уктум.

– Анда биз ошоерге баратабыз. Эмне болсо да.

Чүмбөттөлгөн машине ириде көчөнүн өңгүл-дөңгүлдөрүнөн, анан тез ылдамдыкта түз жолдо сызып учуп баратып, караңгыда силкилдеп жүрүп отурду. Артында терезелери жок болгондуктан биз каерге кетип атканыбызды деле билбейбиз. Мен го баары-бир түшүнмөк эмесмин, себеби үйдөн он эки там алыс эч качан чыкпаптырмын. Менимче, биз эки саатча жол жүрдүк, мүмкүн, бир азыраактыр, бир маалда чүмбөттөлгөн машине бурулуп, анан акыры токтоду.

Арткы эшиктер кайрадан ачылып, капастын зымдарынын арасынан мен биздин ак таштан жана айнектен курулган эң заманбап имаратка келгенибизди көрдүм. Ал төрт чарчы жана чоң эле, он кабаттай бар. Түн бир топ убакыт болчу, ошондуктан көпчүлүк терезелер караңгы, бирок машине ке-

лип токтогон түз жерде бизди кишилер күтүп, айланасы жарык экен.

Эшик ачылып, үч киши кирди. Бирөө зымдан жасалган кичинекей капасы бар арабаны түртүп келди. Артындагысы калың кийим, пайабзал жана катуу кайыштан кол кап кийип алыптыр. Үчүнчүсү болсо мүйүз алкактуу көз айнек менен ак кийимчен экен. Ал булардын эң чоңу болсо керек.

Чүмбөттөлгөн машинедеги бизди кармап келген кишилер эми тиги имараттан чыккан кишилерге кошулду.

– Канчаны кармадыңар? – деп сурады ак кийимчен киши.

– Санаш кыйын, алар тынбай жыла беришет экен. Бирок менин оюмча, алтымыш менен жетимиштин ортосунда го.

– Кош. Кыйынчылык болгон жокпу?

– Жок. Оңой эле экен. Булар бакмадай эле болуп калыптыр.

– Андайдын кереги жок. Өзүмүн бакмаларым эле жетет.

– Булар аябай шамдагай экен. Дени да сак көрүнөт.

– Кел, чыгаралы.

Ошондо колунда мээлейи бар, пайабзалчан бир киши тордон бет кебин кийип, бизге кирди. Ал капасыбыздын аркасындагы кичинекей илгичти чыгарды; сырттагы киши ачык, чакан капастарды апкелип атты, ошентип бизди бирден жеке капастарга камашты. Айрым келемиштер тап берип, аларды тиштегиси келип атты; бирок мен да, Женнер да эч аракет кылган жокпуз, ал куру убара болчу. Иш бүткөндөн кийин ак кийимчен киши:

– Алтымыш үч, жакшы иштепсиңер, – деди.

Чүмбөттөлгөн машинедеги киши жооп кайтарды:

– Рахмат, дарыгер Шултс.

Бизди кичинекей арабага жүктөп, имараттын ичине алып жөнөдү.

Дарыгер Шултс. Анда мен келерки үч жыл бою анын туткуну (окуучусу дагы) болооруму билген эмесмин.

Калган түндү биз узун ак бөлмөдө өткөрдүк. Чындыгында ал көптөгөн шаймандарга толгон лаборатория болчу, андайларды мен элестетип да көргөн эмесмин: колба жана ар кандай жылтырак темирден буюмдар, зым тартылган кара кутулар. Бирок бөлмөнүн биз тарабыбыздагы текчелердеги капастар катары менен тизилип туруштту, ар биринде эн тамга илинген, баары бири-биринен эки тарабынан тең жыгач менен бөлүнгөн. Бирөө жайнаган картыктарды апкелип, анын бирөөнү менин капасыма илип кетти; чийдей түтүктөр аркылуу ичкенге суу келип турду. Анан жарык өчүп, бизди жалгыз таштап коюшту.

Ошол капас узакка менин үйүм болуп калды. Ал бир топ эле ыңгайлуу болчу: астым кыйла жумшак жана кармасаң жылуу, шыбы менен дубалдары зымдан, аба жетиштүү. Ошентсе да менин капаста жатканым өзүмү чоочутчу. Болгону алдыга үч, кайра артыма үч секирчимин. Бирок андан да жаманы (билем, баарыбыз ошондой сезчибиз) – биз таанылбаган эле кишилердин колунда болуп, билбеген себептер менен аларга көз каранды элек. Тигилердин ою эмнеде эле?

Көрсө, белгисиздик деген өмүрүбүздөгү эң жаман нерсе турбайбы. Тигилердин бизге мамилеси жакшы болчу. Бизди алар жакшылап бакчу, ошентсе да алардын оокатын, илимий жол менен куурулган бериңгитти даамдуу дегенге болбойт эле.

Албетте, биз жаңы келгенде аны түшүнчү эмеспиз; бирөөжарым ошол биринчи түнү уктаганына эч көзүм жетпейт. Мен көз ирмеген жокмун. Ошондуктан эртең менен жарык күйүп, дарыгер Шулц киргенде бир жагынан жеңилдей түшкөнсүдүк. Аны менен дагы эки киши бар экен: бир жаш жигит менен бир кыз. Тигиге окшоп алары дагы лабораториялдык ак кийимчен болчу. Алар бөлмөбүзгө кирип, биздин капастарга жакындаганда да тиги алар менен сүйлөшүп атты.

– ...үч топ. Жыйырмасы А түрүндөгү иньекциялар менен машыктыруу үчүн, жыйырмасы – Б түрүндө. Дагы жыйыр-

ма үчү калат, алар текшерүү тобу үчүн. Аларга иньекция болбойт, болгону гана сынак чыныгы болуш үчүн буларга жөнөкөй эле ийне сайып турабыз. Топторду А, Б деп атап, текшерүү тобун В деп коёбуз; эн тамгаларды чаптап, аларга А-1ден А-20га, Б-1ден Б-20га чейин ж. у. сандарды коюп кете беребиз. Капастарга да ошондой сандарды коюп, ар бир келемишти дайыма өз ордунда кармагыла. Оокаттары баарына бирдей болот.

– Иньекцияларды качан баштайбыз?

– Эн тамгаларды коюп бүткөндөн кийин. Аны азыр кылабыз. Жорж, сен эн тамга менен капастарды жазасың. Жули сен аларды байлайсың. Мен кармап турам.

Ошентип кыздын аты Жули; жаш жигит – Жорж. Баары бышык пластикадан жасалган мээлейлерин кийишти, алары чыканагына чейин болчу. Бизди улам бирден капастардан чыгарып атты, дарыгер Шултс тыкан, бекем кармап турду, ошол маалда Жули сары пластикадан жасалган кууш тесмеге санды жазып, ар бирибиздин мойнубузга илди. Кийинчерээк менин саным А-10 экенин билдим.

Тигилер боорукер экен, өзгөчө Жули. Эсимде, келемиштердин бирине эн тамганы тагып атканда ал тигини карап, мындай деген: «Байкуш, коркуп атат. Карагылачы, баланын титирегенин».

– Сиз эмне деген биологсуз? – деп кыжырланды дарыгер Шултс. – Байкуш дегениңиз эркек эмес, ургаачы.

Кезек мага келгенде капасымын каалгасы дарыгер Шултс мээлейчен колун батыра тургандай ачылды. Мен капастын эң четине жабышып алдым, тиги болсо дал ошону күткөн экен: ал бир колу менен мени зым дубалга такады да, анан анын манжалары мени ийнимен алды. Экинчи колу башымы кулагымын түбүнөн кармап турду, алсыз элем. Мени капастан чыгарышты, ошондо мага пластика каргы кийилгенин сездим. Бир пастан кийин эле мени кайрадан капаска кайтарышты, эшиги жабылды. Каргы анча деле бекем тартылбап-

тыр, бирок мен канча тыбырчылап, чимирилип жулкунсам да, аны эч чече албай койдум.

Капасымын зымдарынын аралыгынан мен калгандарын дагы чыгарып, каргы тагып жаткандарын көрдүм. Болжолу менен менден алты капастан кийин ошол эле текчеде Женнерге каргы кийгизип аткандарын көрдүм; бирок тигил капаска киргизилгенден кийин аны таппай калдым.

Бир аз кийинчерээк, эртең менен алар кайра келди, бу жолу чыгырыгы бар жозу айдап алыптыр. Анын үстүндө тунук суюктук куюлган шише, шиш ийнелер менен шприц салынган узун илеген бар экен. Мени кайрадан капастан чыгарышты. Бу жолу Жорж кармап, дарыгер Шултс ийнелердин бирин шприцке салып берип турду. Жамбашым катуу ооруганын сездим; ошону менен бүттү. Биз ага көнүп калдык, анткени ошондон бери бизге жок дегенде аптасына эки жолу ийне сайып атышты. Алар эмнени жана эмнеге сайып атканын билбейм. Ошенткени менен биздин жыйырмабыздын турмушубузду ал уколдор өзгөртүп жиберди.



## БАШ АЛАМАН

Кийинки күндөрү биздин турмушубуз белгилүү бир агым менен кете баштады, ошондуктан улам бара-бара биздин камалганыбыздын себеби да даана болду. Дарыгер Шултс невролог, мындайча айтканда, мээ, нерв, акыл-эс жана адамдардын бирдемени үйрөнүүсү боюнча адис экен. Биз аркылуу ал айрым бир иньекциялардын жардамы менен көбүрөөк жана эртерээк эстеп кала тургандай кылса болор-болбосун билгиси келет имиш. Эки жаш Жорж жана Жули биология университетинин студенттери эле.

– Дайыма байкап жүргүлө, – дечи дарыгер аларга. – Булардын жакшы болуп кеткенин, эстутумун, А тобундагылардын Б тобундагыларга салыштырмалуу шамдагайлыгын, ал экөөнү анан текшерүүчү топко салыштыргыла.

Мени машыктыруу биринчи иньекциядан кийин эле башталды. Аны Жорж жасачу; менимче, Жули менен дарыгер Шултс ошондой эле сынакты башка келемиштер менен да өткөрсө керек. Ал менин капасымы текчеден алып, биринчисине окшош, бирок шаймандары көбүрөөк башка бөлмөгө жеткирди; ал жерде капастар жок болчу. Капасты ал дубал-

дагы тешикке орнотту, аны ачты, дубалдагы тиешелүү эшикке жолду бош койду, мен эркиндикке чыктым.

Бу менин оюмда гана болчу. Дубалдагы чакан каалга тар далиске алып барып, мен ойлогондой, түз эле көк жайытка жеткирчү. Мен аны даана көргөм, нары жагында куурайлар өсүп, андан нары көчө – боштондук, аны менен менин ортобузда аба гана бар. Ал эле эмес, мен таза абаны сезип турдум. Тигилер мени коё бердиби?

Мен алдыга, далистин ачык жерине умтулдум, анан кайра артыма ыргый кетенчиктедим. Негедир аякка баралбадым. Артымда дале ачылып турган капасыман бир карыштай жер бирдеме болуп атыптыр. Мен ошоерге жеткенде денемди бүт бир катуу нерсе сайгылап жиберди, тарамыштарым түйүлүп, көздөрүм караңгылап, башым айланып кетти. Мен андай сезимге көнө албай койдум (башкалар деле көнө албайт эле), бирок бир нече жолу аракет кылып, ал эмне экенин түшүндүм: электрдин урганы. Ал оорутчу деле эмес, бирок чыдагыс болчу.

Анда аябай дегдеп дегендей менин жайытка барып, чөптүн арасына жашынып, капастан качып кетким келчү. Ошондо мен солго дагы бир далис кеткенин көрдүм. Башында аны байкаган эмесмин, анткени ачык жайытка тез жетүүгө эле умтула бердим. Экинчи далис жети-сегиз карыштан кийин ак дубал менен тосулгандай. Анткени менен жарык көрүнүп турду, аерде бурч болсо керек. Астымдагы жерге анча ишене бербей мен акырын ошоякка чуркадым. Далистин учу оңго бурулду, аякта дагы бир жайыт бар экен, дагы бир ачык жер. Ошол учурда мен ага жакындап калгам; анан бу колумдан келеби дегенде дагы бир жолу мени электр урду. Мен артыма ыргыдым, ошондо оңго кеткен дагы бир далисти көрө калдым. Ал тарапка мен кайрадан жүгүрдүм, кайрадан ачык жайытты көрдүм, мени кайрадан электр токтотту. Улам-улам ушундай боло берди; улам мага боштондук жакындагансып көрүнүп турду.

Бирок, акырында мен максатыма жетип, чөп менден бир кадам алыстыкта турганда алдыман да, артыман да зым дубал курчап, үстүмдөгү шып ачылып, мээлейчен кол көрүндү да, мени өйдө чыгарды.

Бир үн чыкты:

– Төрт мүнөт отуз жети секунд.

Ал Жорж экен.

Далисте тынбай чуркап жүргөндөн кийин аны баштаган жерден мен биртике алыс шок аралыктагы тузакка түшүптүрмүн, ал эми ошол убакыттын ичинде үстүмдөгү жашыруун тешиктен мени Жорж байкап туруптур.

Мен баш аламан аталган шаймандын ичинде экемин, ал акыл-эс менен жаттап калууну текшерет имиш. Кийин мени башкалардай эле ал жерге кайрадан бир нече жолу отургузушту. Экинчи жолу мен мурдагыдан бир аз тезирээк өттүм, себеби кайсы далистерде жер электри бар, кайсынысында жок экенин мен эстеп калгам. Үчүнчү жолу мурдагыдан дагы тезирээк; ар бир жолу Жорж (кээде Жули же дарыгер Шултс) баш аламанды өтүүгө канча убакыт кеткенин каттап турду. Калп экенин билип туруп эмнеге мени чуркап жүрдүң деп сурасаңар болот. Жооп берем: мен антпей коё албадым. Баш аламан чуркоо жалган кыял экенин билсең да, капаста отурганда баары-бир жүгүрбөй коё албайсың.

Дагы иньекциялар, башка сынактар болду, алардын айрымдары баш аламандан да маанилүү экен, анткени ал биздин канчалык тез жаттаганыбызды текшерүүгө керек эле, ал эми калгандары чындап бизди бир нерсеге үйрөтчү же жок дегенде чыныгы үйрөнүүгө багыттачы.

Бирөөнү дарыгер Шултс «кейпин таануу» деп атачу. Бизди үч каалгадан чыккан чакан бөлмөгө жайгаштырчы: бирөө тегерек, экинчиси төрт чарчы, үчүнчүсү болсо үч бурчтуу эле. Ал каалгалар илмектелген, пружина менен жабылган болчу, бирок алар оңой ачылчы, ал эми ар бир эшик ошондой эле үч каалгасы бар башка бөлмөгө алып барчы. Бирок

мааниси мындай болчу: эгерде сен туура эмес эшикке кирип алсаң, анда ал жерден сени электр урчу. Ошон үчүн эстеп туруш керек эле: биринчи бөлмөгө тегерек эшик аркылуу кирчи, экинчисине үч бурчтук менен ж. у. с.

Ошол сынактардын баары бизге убакыт өткөргөнгө жардам берчү, андыктан биринчи апта тез өттү, бирок биздин качуу оюбуз дале кемиген жок. Мен биздиң суу агызгыч жердеги тамыбызды сагынып жүрдүм; апам менен атамы көргүм, агам менен базарга баргым келчи. Билем, башкалар да ошентчи; бирок үмүтүбүз жоктой сезилчү. Анткени менен акыры бир тобокелге салып көргөн келемиш табылды.

Ал жаш, балким, кармалгандардын арасынан эң кичүүсү болсо керек; капысынан эле анын капасы меникинин жанында болуп калды; айта кетишим керек, Женнер менен мага окшоп ал да, дарыгер Шултс айткандай, А тобуна кирчү. Анын аты Жастин эле.

Бир күнү түн ортосунда мен анын чакырганын угуп калдым, ал капастарыбыздын ортосундагы жыгач тосмо аркылуу акырын шыбырады. Ал тосмолор бизди бири-бирин таанybай, бири-бири менен сүйлөшө албай калсын деп орнотулган; жыгач аркылуу угуш, анан, албетте, ким менен сүйлөшкөнүңү көрүш кыйын болучу. Менимче, дарыгер Шултс аларды атайын үн чыгарбас нерседен жасаган болуш керек. Бирок аябай каалаганда эгер коңшу экөөң бири-бириңе жакын келип, бурчка жабышып алып, капастын зымдарынын аралыгынан түз сүйлөшсө, анда угулчу.

– Никодемуссуңбу?

– Ооба, – мен бурчка жакындадым.

– Биз биерде канчадан беребиз?

– Эң башынан деп сурагың барбы? Бизди кармаган маалданбы?

– Ооба.

– Билбейм. Бир нече ай го дейм, бирок тагын айталбайм.

– Билем. Мен деле. Азыр сыртта кыш дейсиңби?

– Мүмкүн. Же кеч күз.

– Суук болот го.

– Бирок биерде эмес.

– Баарыбир. Мен качайын деп атам.

– Качасыңбы? Бирок кантип? Капасың жабык да.

– Эртең иньекциялар болот, ошондо капастарды ачышат. Алар ошенткенде, мен качып чыгайын деп турам.

– Каякка качасың?

– Билбейм. Жок дегенде туш тарабымы карап алам. Биерде тешик бар болуш керек. Эмнеми жоготмок элем?

– Жаракат алып калба.

– Андай болбойт го. Кандай гана болбосун, алар мага эч зыян келтирбейт.

«Алар» деп Жастин дарыгер Шултс жана калган экөөнү айтты. Ал ишенимдүү кошумчалады:

– Ушу ийне саюулардын баары, корогон убакыт... биз эми алар үчүн өтө баалуубуз. Алар этият болушат.

Бу ой мага мурун келбептир, бирок ойлонуп көрүп мен Жастиндики туура дедим. Дарыгер Шултс, Жули жана Жорж биз менен айлап иштеди; алар бизге эч зыян келтирмек эмес. Бир жагынан алар бизден бирөө-жарымды качыргысы келбейт.

Жастин эртеси эртең менен качууга аракет кылды. Буга биз бир аз суктандык, бирок биз күткөндөй болгон жок. Жули Жастиндин капасын колуна шприцин кармап алып ачты. Жастин тарс этип жерге катуу секирип түштү (бир жарым кадамдай бийик болчу), ал күбүнүп алып, бөлмөнүн наркы учун карай жашырынып чуркап жөнөдү.

Жули эч кабатырланган жоктой. Ал шашпай шприцти жерге койду, анан лабораториянын каалгасына жакындап, жакынкы дубалдагы баскычты басты. Каалганын кызыл шамы күйдү. Ал жозунун үстүнөн дептер менен калемди алып, Жастиндин артынан жөнөдү. Мен аларды көрө албак эмесмин.

Бир нече убакыттан кийин дарыгер Шултс менен Жорж кирди. Алар акырын эшикти ачты да, аны артынан жаап салды.

– Сырткы эшик да жабык, – деди дарыгер Шултс. – Ал каерде?

– Ылдыйда, – деп жооп берди Жули. – Жел өткөрүүчүлөрдү изилдеп атат.

– Чынбы? Кайсынысы?

– Сиз күткөндөй эле, ал А тобунан. Тогузунчу сандагы. Мен анын жүрүш-турушу жөнүндө жазып атам.

Кызыл шам бөлмөнүн ичинде да, каалганын артында да лабораториядагы айбанат эркиндикте деген кандайдыр бир козголоңдун белгиси болсо керек. Демек, дарыгер Шултс бу тууралу жөн эле билбестен, ал аны күткөн экен.

– ... мен күткөндөн бир нече күн мурда, – деди ал. – Бирок ушунусу деле жакшы. Түшүнүп атасыз го...

– Караңызчы, – деди Жули. – Ал кычыктарды бүт изилдеп бүттү, бирок терезелерди да карап атат. Көрдүңөрбү карoo үчүн ал артына кетенчиктеп турганын?

– Албетте, – деп кобуранды дарыгер Шултс. – Ошол эле маалда бизди да байкап турат. Көрдүңөрбү?

– Ал абдан кылдат экен, – деди Жорж.

– Лабораториялык келемиш ушундай кылаарын элестете аласыңарбы? Же текшергич топтон бирөөнү? Бизде болгон немени жыйынтыктап көрүш керек экен. Эстөө боюнча А тобу текшергич топтон үч жүз пайызга өтүп кетип, акылдуурак болуп баратат. Б тобу болсо болгону жыйырма пайызга жылды. Кептин баары жаңы ДНКда. Биз чыныгы ийгиликке жеттик, ал эми бу ДНК болгондуктан биз кейпин өзгөртүүгө жетишсек болот, келемиштердин жаңы түрүн түзөбүз. Бирок этият болушубуз керек. Менимче, иньекциялардын эмки түрлөрүн уланта беришибиз керек.

– Стероиддердиби?

(Ал эмне дегени болду экен?)

– Ооба, ал аларды убактылуу жай кылат, бирок аным күмөн. Бирок ошондой болсо да, ошо деле жетиштүү, анткени бу алардын өмүрүн жок дегенде эки эсе узартат. Мүмкүн, андан да көп. Кыйла көп.

– Карагылачы, – деди Жули. – А-9 ачылыш жасады. Ал чычкандарды тапты.

Жорж минтти:

– Анын кантип изилдеп атканын карагылачы.

– Мүмкүн, – дарыгер Шултс күлүмсүрөдү. – Ал тигилерди стероид иньекцияларына даярбы деп ойлоп турат. Баса, Ж тобу даяр го деп ойлойм. Анын деле А тобунукундай даярдыгы жакшы.

– Кармагыч торду апкелейинби, аны кайра ордуна салайынбы? – деп сурады Жорж.

– Керектиги күмөн го, – деп жооп берди дарыгер Шултс. – Чыгалбай турганына анын көзү эми жетти.

Бирок алар Жастинди анча баалабай коюшту. Ал аны түшүнгөн жок.


BAS

## ОКУУ САБАГЫ

Албетте, Жастин ал күнү, атүгүл ал жылы да кача алган жок. Жули мээлейин кийип, артынан келгенде, ал тез эле багынды да, бир пастан кийин кайрадан капасына түштү.

Ошентсе да ал бирдемени үйрөндү. Жули байкагандай, ал дубалдардын кырларындагы тешиктерден кышында жылуу аба, жайында муздак аба кирип туруучу жел өткөрүүчүлөрдү изилдеди, андан тышкары терезелерди да карап чыкты. Жалпысынан ал эң кур дегенде мезгил-мезгили менен капастан секирип чыгып, эч кандай жазасыз, жаракат албай эле бөлмөдө жүрө ала турганын билди. Кийинчерээк ушунусу да маанилүү иш болуп чыкты. Анткени дал ошол Жастин менен Женнер кантип качканды түшүндү. Мен да бир аз кол кабыштык кылдым. Бирок анын баары кийинчерээк болду.

Калган сабактар жөнүндө майдалап отурбайын, эң пайдалуу бир тажрыйбага токтоюн. Кыскасы, бир нече ай бою эки нерсе ишке ашты.

Биринчиси, бизге чейинки келемиштерден биз көбүрөөк үйрөндүк, ошентип биз алардан кыйла акылдуу болуп калдык.

Экинчиси, айрым жактары боюнча биринчисинен да маанилүү жана укмуштуу болуп эсептелиниши мүмкүн. Дарыгер Шултс (эсиңерде болсо) иньекциялардын жаңыдан салынышы биздин өмүрүбүздү эки эсе же андан да көпкө узартат деген. Ошентсе да ал айткандары даяр эмес экен. Балким, иштин баары иньекциялардын кызыктуу аралашмасында беле, билбейм, анын түшүнүгү жок болчу. Бирок натыйжа күткөндөн да ашып кетти, ошондуктан А тобунда карылык деген биротоло жоголгонсуду.

Мисалы, лабораторияда өткөргөн жылдардын ичинде сынактагы топтун келемиштеринин көпчүлүгү карып, ооруп, анан акыры өлүп калды; Б тобунда деле аларга да ийне сайып атканына карабай ошондой болду, бирок аларга куюлган дары биздикинен айырмаланчу. Ал эми А тобундагы биздин жыйырмабыздын арасынан карылыктын бир да белгисин эч ким байкаган жок. Балким, биз аларды сейрек көрсөк да Ж тобундагы чычкандар ошондой болду окшойт, аларга да бизге куйган дарыны ийне менен сайышчу.

Дарыгер Шултс кубанып атты.

– Өмүрдүн кыскалыгы билимде дайыма негизги чектөө эрежеси болуп келген, – дечү ал Жули менен Жоржко. Эгер биз аны эки эсеге узарта алсак жана бир маалда эс тутумун да тездетсек, анда мүмкүнчүлүгүбүз чексиз болот.

Эки эсеге узартуу! Атүгүл азыр, көп жылдардан кийин, иньекциялар токтогондон кийин да биз ошондогудан анча карыган жокпуз.

Биз өзүбүз эчтекени байкаган жокпуз. Мындайча айтканда, биз өзүбүздү башкача сезген жокпуз, ал эми башка топтор менен катташпагандан кийин өзүбүздү эч кимге салыштыра албадык. Биз, баарыбыз дарыгер Шултстун айткандарын уктук. Башкалары менен ал кайсы бир илимий журналга бастыруу үчүн изилдөө жүргүздү көрүнөт: күнүгө эртең менен ал диктофонго мурунку күндөгү сынактарынын натыйжасын баяндап жаздырып атты. Көптөгөн терминдер колдо-

нулгандыктан өзгөчө алгачкы күндөрү эчтекени түшүнбөсөк да, биз баарын угуп жүрдүк. Өзү дайыма Жорж менен Жулиге эскертип жүрчү: изилдөө басылып чыкмайын, бүт сынак сыр бойдон калышы керек эле.

Мен мурда айткан «кейпин таануунун» үстүндөгү оор иштен кийин машыгуунун маанилүү бөлүгү башталды. Бирок ал огеле башкача болчу. Биринчисинде, тигилер үндөрдү кейпи, сүрөтү, биз тааныган чыныгы сүрөттөрү менен катар пайдаланчу. Мисалы, эң биринчи жана жөнөкөй сүрөттөрдүн бири келемиштин кадимки эле сүрөтү эле. Тигилер бизди бу ким экенин билет деген ойдо эле болушу керек дейм. Ал сүрөттү экранга жарык менен көрсөтүштү. Андан кийин мен сүрөттү тиктеп, аны тааныганда, экранда тигинин астында бир белги жарк этчү: ал эки түз сызык менен кошо тик турган таякча болчу, андайды мен бир да жолу көргөн эмесмин. Үн чыга баштады:

– Ка.

– Ка.

– Ка.

Үн Жулиники экен, ал өтө кылдат айтып атты, бирок үнү зыңкылдайт, жаздырылган экен. «Ка» дегенди он чакты жолу кайталап, белги жоголуп кетти, ал эми экранда дагы эле келемиштин сүрөтүнүн алдында башка белги көрүндү. Ал жарым тегерек менен таякча экен. Жулинин үнү кайрадан угулду:

– Йе.

– Йе.

– Йе.

Ал белги жоголгондон кийин экранда үчүнчүсү пайда болду. Анысы бири бирине тирелген таякчалар экен. Жули кайталады:

– Эл.

– Эл.

– Эл.

Андан кийин мурда көрүнгөн белги, сынган таякча менен дагы эки узун таякча, кыйгач кошулган үч таякча жана астынан кошулган төрт таякча пайда болду.

Акырында белгилердин баары чогуу көрүндү:

– Ка.

– Йе.

– Эл.

– Йе.

– Эм.

– И.

– Ша.

– Келемиш.

Эмне болуп атканын түшүнгөндүрсүңөр: алар бизге окуганды үйрөттү. Сүрөттүн астындагы сөлөкөттөр тамга экен: КЕЛЕМИШ. Бирок көпкө чейин бу менин оюма келбептир, башкалардыкына деле келбептир. Себеби биз, албетте, окуу дегенди билчи эмеспиз.

Э-э, биз тез арада эле белгилерду тааный баштадык, ал эми келемиштин сүрөтү пайда болоору менен мен анын астында кандай сөлөкөт көрүнөөрүн билчимин. Ошол эле маалда мышыктын сүрөтү көрүнгөндө, мен айрымдарынан башкасы ошол эле сөлөкөттөр экенин түшүнчүмүн. Жули болсо кайталай берди: «Мышык-мышык-мышык». Атүгүл сүрөттө бир нече келемиш көрсөтүлгөндө, артына дагы бир нече сөлөкөт кошулаарын мен билип турчум. Алар: «тер» деп айтылчу. Бирок анын эмнеге кереги барын эч ким түшүнчү эмес.

Акырында Женнер түшүнүп калды. Ошол маалга биз сүйлөшүүнүн бир жолун таап алдык, ал жөнөкөй эле бир капастан экинчисине кабар бере турган, мектептеги бирибирине кат жазгандай ыкма болчу. Жанымда отурган Жастин бир жолу мени чакырды:

– Женнерден Никодемуска кабар. Тигил муну маанилүү дейт.

– Мейли, – дедим мен. – Кандай кабар?

– Каалганын жанындагы дубалдагы белгилерди карасаң. Ал сени жакшылап карасын деди.

Менин капасым Женнер менен А тобундагы калган келемиштердин капасындай эле каалгага өтө жакын болчу, ошондуктан мен анын эмне дегенин түшүндүм: каалганын жанындагы дубалга катуу кагаздан килейген, төрт чарчы кесинди илинип турган. Анын үстүн бүт мен мурун көңүл бурбаган көптөгөн кара тамгалар каптап туруптур (анткени менен алар биз биерге келген күндөн баштап эле бар болчу).

Эми болсо Женнер тапканды мен биринчи жолу кунт коё карап, түшүнүп отурам.

Дубалдагы тамгалардын биринчи сабы мага түшүнүктүү болчу: К-Е-Л-Е-М-И-Ш-Т-Е-Р; бу сөздү көрөөрүм менен аны коштогон сүрөттү эстей койдум; анан ошентерим менен, ал окуу деген болду. Анткени ал, албетте, ошол окуу деген болот, буюм же ойду элестетүүчүн тамгаларды колдонуу. Ошол мезгилден баштап мен бара-бара сабактар эмнеге керектигин түшүнө баштадым, ал ойду бир жолу түшүнүп, менин дагы көбүрөөк үйрөнгүм келди. Кийинки сабакка чейин менин чыдамым кетчү, андан соң дагы кийинкисине. Окуу деген ой, өзүм жөнүндө айтсам, мени өзүнө тарта баштады. Эсимде, бир нече айдан кийин кесиндидеги жазууну бүт окуп, түшүнгөнүмө мен абдан сыймыктандым. Мен аны миң жолу окугам, ошондуктан эч унутпайм:

КЕЛЕМИШТЕРДИ ЖАЗУУ ТҮРҮНДӨГҮ УРУКСАТСЫЗ ЛАБОРАТОРИЯДАН АЛЫП ЧЫГУУГА БОЛБОЙТ.

Анын астында майдараак тамга менен: “МОУИ” деп жазылыптыр.

Бирок андан кийин да бир кызык нерсе болуп кетти, ага биз ушу күнгө чейин ишене бербейбиз. Сабактарды бердирген дарыгер Шултс биздин канчалык тез үйрөнүп кетээрибизди түшүнбөдү окшойт. ал окууну уланта берди, күнүгө

жаңы сүрөт менен сөздөрдү окутушту; бирок ар бир тамгага өзүнүн тыбышы туура келгенин түшүнүп окуй баштаганыбызда биз кыйла алдыга кетип калдык.

Сабактардын биринде мен дарактын сүрөтүн карап турганым эсимде жакшы сакталып калыптыр. Анын астында: Д-А-Р-А-К деген жазуу жанды. Бирок сүрөттө дарак алдыда болгону менен анын артында имарат жайгашып, капталында жазуу бар экен. Мен даракты караганда эле, анын ордуна жазуутa көңүл бурдум. Анда минтип айтылыптыр:

МОУИ. ЖЕКЕ УНААЛАР УРУКСАТ МЕНЕН ГАНА.
ДАРЫГЕР ЖАНА КЫЗМАТЧЫЛАР ҮЧҮН.
КЕЛГЕНДЕРДИН УНААСЫ ҮЧҮН ЭМЕС.

Анын артындагы имарат ак жана бийик болчу, ал биз турган имаратка окшоп кетчү.

Мен дарыгер Шултстун биздин окууга жөндөмүбүздү текшерүү ниети бар го деген ишенимде элем. Атүгүл анын үйрөткөн сөздөрүнөн мен анын сынактары кандай болоорун биле турган болдум. Мисалы, ал бизди «сол», «оң», «каалга», «тамак», «ачык» жана башка сөздөргөүйрөттү. Сынакты элестетүү оор деле эмес: мени бир бөлмөгө камашат, тамагым башка болот. Эки каалга, анда жазуу бар: «Тамак. Оң каалганы ач». Же ушул сыяктуу. Анан эгер мен, же бардыгыбыз адашпай тиешелүү каалгага барсак, ал биздин жазууну түшүнгөнүбүздү билет.

Айтканымдай эле ал муну жоромолдогонуна көзүм жетип турат, бирок ал, балким, биздин буга даяр экенибизди ойлогон эмес окшойт. Менимче, атүгүл ал муну сынап көрүүдөн да бир аз корксо керек; анткени эгер ал аны эрте кылып алса же ар кандай себептен иши оңунан чыкпай калса, анда сынагы жарабай калат эле. Ал, далилдүү кылайын деген, бирок дал ошол сактыгы анын катасы болчу.

Жастин бир күнү кечинде мага тосмонун артынан мындай деди:

– Мен бүгүн кечинде капастан чыгып, бир аз сейилдеп келейин дедим.

– Кантип? Ал жабык да.

– Ооба. Бирок сен анын астында жабыштырылган жазууну көргөн жоксуңбу?

Мен аны байкабаптырмын. Балким, мен муну дарыгер Шултс жана башкалар капасты ачканда, алар аны канткенин биз эч көрчү эмеспиз деп түшүндүрсөмбү; алар биз көрбөй тургандай кылып пластика төшөлгөн жердеги бирдемени жылдырышчу.

– Анда эмне деп жазылган экен?

– Мени акыркы үч жолу сынактан апкелатканда аны окууга аракеттенгем. Ариби өтө майда экен. Бирок акыры түшүндүмбү деп ойлойм. Анда минтип жазылыптыр: «Эшикти ачуу үчүн илмекти тартып, аны оңго жылдыргыла».

– Илмекти?

– Илинген жерден бир элидей төмөн бир темир неме бар, түз эле текченин алдында. Дал ошол илмекпи деп ойлойм, мен ага зымдар аркылуу жетип аламбы деп ишенем.

– Азырбы?

– Алар жабыла электе.

Жабуу деген дарыгер Шултс, Жорж жана Жули күнүгө кечинде жасоочу салты болчу. Жозунун тегерегинде алар бир сааттай отуруп, китептерине бирдемелерди жазып, кагаздарды толтурчу да, акырында иш бөлмөнү жаап салышчу. Алар ар бир капасты текшерип, жарыкты өчүрүп, каалгаларды жапчу да, анан бизди тынч лабораторияда жалгыз калтырып, өздөрүүйлөрүнө кетишчү.

Тигилер кеткенден жарым саатка жакын өткөндөн кийин Жастин минтти:

– Мен азыр аракет кылып көрөм.

Мен кычырап, тырс деген үндү жана темирдин кыйчылдаганын уктум, ал эми бир пастан кийин тигинин эшиги ачылганын көрдүм. Биз окуганды үйрөнгөндөн кийин эми баары оңой болуп калды.

– Коё тур, – дедим мен.

– Эмне болду?

– Эгерде сен секирсең, кайра ичине кире албай каласың. Анда алар билип коёт.

– Мен аны ойлогом. Секирбейм деле. Мен капастын үстүнө анын зымдары аркылуу чыгам. Ал оңой. Ичинде мен миң жолу жүргөм. Ушу капастардын үстүндө дагы башка текче бар, ал бош. Мен аны менен барып, туш тарабымды карайм. Менимче, жерге түшүп, анан кайра кире турган жол болушу керек.

– Мен сени менен барсамчы?

Менин капасым тигиникиндей эле ачылчу.

– Бу жолу эмес, макулбу? Эгер бирдеке болуп, мен кайтпай калсам, тигилер: «Бу жөн эле кайрадан А-9», – дешет. Бирок эгер экөөбүздү тең сырттан тапса, анда алар чындап шекшийт. Алар биздин капастарыбызга жаңы кулпу салып коюшу мүмкүн.

Аныкы туура болчу, анан силер биздин башыбызда бирдей ой жаралганын түшүндүңөр да: бул, биздин качууга жасаган биринчи кадамыбыз эле.



# ЖЕЛ ӨТКӨРҮҮЧҮЛӨР

Ошентип учур да келди.

Окуганга үйрөтүп коюп, алар бизди качканга да үйрөттү.

Капастын ачык каалгасынан Жастин оңой эле өйдө чыгып, куйругун шыйпаңдатып текчеден жоголду. Ал бир сааттан кийин кайтты, аябай толкунданып, көптөгөн маалыматты ала келиптир. Анткени менен Жастиндин бир мүнөзү бар эле: канчалык толкунданбасын, ал сыр алдырбай, акылы дадил ойлончу. Ал менин капасымын алдыңкы дубалы менен түшүп келип, акырын сүйлөдү: биз калган келемиштер уктап атат дегенбиз.

– Никодемуссуңбу? Чык. Мен сага канткенди көрсөтөм.

Мен каалганын зымдарына жакындап, ага жабышканда, ал мага багыт берип турду. Мен чакан темир илмекти таап, аны алдыга тартып жибергенде, каалга ачылып кеткенин сездим. Мен аны менен капасты аралап, жогорку текчеге чыктым. Аерге биз токтодук. Бу менин Жастин менен бетме-бет биринчи жолугушум эле.

Ал минтти:

– Тосмо аркылуу эмес, ушуерден сүйлөшкөнүбүз жакшы.

– Ооба. Сен түштүңбү?

– Ооба.

– Кайра кантип кирдиң?

– Текченин учунда чоң жабан бар, аерде чычкандардын капастары турат. Аерде ашык-машыгы менен зым капастар коюлган. Алардын үстүнөн тепкичтегидей нары-бери басып жүрсө болот.

– Албетте, – дедим мен. – Эми эстедим.

Менин капасымды жанынан алып баратканда ал жабанды көргөм. Кээ бир себептерден улам (балким, тигилер чакырраак болгондуктанбы) чычкандарды капастын ичиндеги капастарда кармашчу.

Жастин мындай деди:

– Никодемус, мен биерден кантип чыкканды билдим.

– Койчу! Кантип?

– Бөлмөнүн ар бир учунда, дубалдын түбүндө тешик бар. Анын бирөөнөн аба кирип, экинчисинен чыгып кетет. Ар бири темир менен капталып, анда: абанын агымын алмаштыруу үчүн өйдө көтөргүлө деп жазылуу. Мен алардын бирөөнү өйдө кылдым, ал тузактай болуп илинип турат. Анын артында темирден бир терезе бар, аны ачсаң, аба көбүрөөк кирет. Бирок эң башкысы: ал кыйла чоң болгондуктан, андан чыгып кетсе болот.

– Бирок нары жагында эмне бар? Ал каякка апарат?

– Нары жагында жел өткөрүүчү түтүктөр, дубалга эле орнотулган төрт чарчы темир түтүккө окшош. Мен аны менен өтө алыс эмес барып келдим, бирок мен анын каякка чыгаарын түшүндүм. Ошондой эле жел өткөргүч бу имараттын ар бир бөлмөсүндө болушу керек, алар негизги борбордук түтүккө кошулат, ал эми андан биз сыртка чыгалабыз. Анткени, ошояктан аба кирип турат. Мына ошондуктан тигилер терезени эч ачышпайт. Терезелердин ачыларына да көзүм жетпейт.

Албетте, аныкы туура болчу. Имараттын ичинде борбордук шамалдаткыч бар эле, биз негизги чуңкурун таап, аны байкашыбыз керек. Анын бир учунда жел чогулткуч, экинчисинде чыга турган тешиги болот. Бирок айтыш оңой, аткарыш кыйын: ага чейин биз өзүбүзгө бир нече суроого жооп табышыбыз керек. Калган келемиштер эмне болду? Лабораторияда биз жыйырма элек, аларга да биз эскертишибиз керек.

Ошентип, биз биринин артынан бирин ойготуп, аларга капасты кантип ачуу керектигин түшүндүрдүк.Ошол түнү биз Жастин менен сүйлөшкөн текчеде лабораториянын аңгыраган жымжыртында, бүлбүлдөгөн жарыгынын астында кызыктуудаай бир топ чогулду. Биз бири-бирибизди чала бучук таанычыбыз, анткени өткөн айлары биз бири бирибизге белги берип гана баарлашчыбыз, бирок Женнер экөөбүз гана бири-бирибизди көргөнбүз. Биз болгону бейтааныштар гана элек, анткени менен элестетсеңер, биз дароо эле достошо кеттик, анткени бу таңгалычтуу дүйнөдө биз жалгыздап адашкан жыйырма байкуш элек. Жалгыздык менен окуялардын таңгалычтуулугун эч кимибиз алгач түшүнгөн жокпуз, бирок баарын ошо маалда сезип турдук. Топтогулар мени жетекчи катары кабылдашты, балким, биз Жастин экөөбүз аларды бошоткондондур. Жастин менден кыйла эле жаш болчу.

Ал кечте биз качууга умтулган жокпуз, бирок баарыбыз барып, Жастин тапкан темирди көрүп келдик да, жел өткөргүчтөрдү кантип изилдей турганыбызды болжолдодук. Женнер өтө зирек болчу: ал татаалдыкты алдын-ала билип турчу.

– Эгерде шамалдаткыч ар бир бөлмөдө болсо, – деди ал. – Анда адашып кетүү оңой. Изилдеген маалда биз кайра кайтуунун жолун табышыбыз керек.

– Кайтып кереги эмне? – деп сурады бирөө.

– Анткени чыга турган тешикти издөө көп күнгө созулат. Эгер ошондой болсо, анда шамалдаткычты изилдегендери-

биз эртең менен капаста болуп калышы керек. Болбосо дарыгер Шултс баарын билип коёт.

Женнердики туура эле. Болжолу менен бир апта издедик. Бир аз талкуулап биз шайман табыш керектигине келип токтодук: алгач бир кезде Жули жабандардын бирине бекитип койгон жиптин чоң түрмөгүн, анан электр шаймандары менен текчеде чогуу жаткан бурагычты таптык, анткени, Женнер айтмакчы, жел тарткан чуңкурдун учунда чаңдан далдалаган тор да бар, балким, ошону бураш керек болот. Анан дагы бизге жарык керек, себеби жел өткөргөчтөрдүн ичинде түнкүсүн караңгы. Бирок бизде бир да куту ширеңке жок. Жип менен бурагычты биз жел өткөргүчтүн ичине, кире бериштен бир аз аралыкта катып койдук. Биздин үмүтүбүз эле, алар жоголбосо экен дедик, жоголсо да бизден шекшибесе болду.

Жастин менен дагы экөө изилдөөчү топ катары тандалды (алардын арасында силер тааныган Артур да бар эле). Ириде баары коркунучтуу болду: бу баш аламандын ичиндеги айлампа болчу; караңгыда алар тез эле өздөрүн жоготуп койду. Бирок алар баары бир күнүгө түнкүсүн чуңкурларды бүт изилдей беришти, алары жөргөмүштүн желесиндей дубалдарда жана имараттын шыптарында токулуптур. Алар жиптин бир учун лабораториядагы темирге байлап, барган жерине чейин түрмөктү жандырып барчы. Улам-улам алар жип түгөнгөнчө жүрүп отуруп, анан артка кайтышчы.

– Жип жетпей атат, – деп даттанды Жастин. – Анын учуна жеткен сайын мен дагы үч-төрт кадам нары бассам эмне болоор эле деп ойлойм...

Акыры биз минттик. Жетинчи түнү жип түгөнгөндө ал эки келемиш менен кошо мурдагы жолуктургандардан кененирээк чуңкурду тапты. Чуңкур акырындап барып өйдө чыккансыды. Бирок түрмөк түгөнүп калган эле.

– Ушуерден күткүлө, – деди Жастин калгандарына. – Мен бир аз дагы барам. Түрмөктүн жанында болгула, анан мен чакырганда жооп бересиңер.

(Тигилер жиптин учун караңгыда жоголуп кетпесин деп түрмөккө ороп койду.)

Жастин бирдемени сезип турду. Чуңкурдагы аба алардын турган жериндегиге караганда тазараак болчу, башка чуңкурларга караганда жел катуурак жүргөндөй. Үстү жакта машиненин күрүлдөгөнү угулабы деп ойлоду ал, буттарынын астындагы темир билинээр-билинбес титиреп атты. Ал нары жөнөдү. Чуңкур өйдө чукул бурулуп кетти, анан дал бет маңдайынан кара такты көрдү, ал караңгылыкка салыштырмалуу тиги тактын ортосунда үч жылдызы жанган жарык экенин байкады. Ал асман эле. Тешиктин үстүндө Женнер болжогондой эле катуу зымдан тор бар экен.

Бир пастан кийин ал торго чуркап барып токтоду. Бир маалда машиненин күрүлдөгөн үнү катуурак чыкты, күрүлдөгөндөн дарылдаганга өттү. Ылдамдыгы күчөсө керек; имараттын бир жериндеги өзүнчө которгучу ылдамдыкты эртелетип, түтүктөгү шамал аябай күчтүү болгондо Жастин буттары менен темирге жабышып алды; ал күчү жетишинче тырышып жатты. Бир пастан кийин шамал кандай башталса, ошондой болуп баары күтүүсүз токтоду, анан машине күбүр-шыбырга өттү. Ал туш тарабын каранып, токтоп калганы туура болгонун түшүндү; асмандын мунарыктаган жарыгынан ал бир талдын бутактары сөңгөгүнө чогулган сымал ондон ашык жел өткөргүчтөр да бир чекитке чогулган жерге келип жеткенин көрдү. Эгерде ал дагы бир нече кадам шилтегенде, анда кайсыл чуукур аныкы экенин дегеле таппай калмак экен. Ал артына бурулуп, бир пастан кийин өзүнүн досторуна барып кошулду.

Ошол кечинде бизде чогулуш болду, Жастин эмнени тапканы жөнүндө айтып берди. Ал бизди чыгарыш үчүн бурагычка жипти байлап салыптыр. Кээ бирөөлөрү азыр эле чыгалы деп кол көтөрдү, бирок кеч болуп калган, ошондуктан Женнер экөөбүз аларды токтоттук. Чуңкурдун учундагы торду чыгарыш үчүн канча убакыт керегин биз билчи эмеспиз.

Эгер бир-эки саат кетсе, анда күн чыгып калат. Анда биз тобокелге салып лабораторияга кайтпай коюшубуз керек да, кечке чейин чуңкурдун ичинде бекинишибиз зарыл, же күндүн жарыганда деле качуугa чыгынышыбыз керек. Дарыгер Шултс кантип качканыбызды билип, бизди чуңкурдан эле кармап алышы мүмкүн.

Акыры баары лабораторияда дагы бир күн калуугa макулдугун көңүлсүз беришти да, кечинде эртерээк чыкмак болушту. Бирок каларыбыз оор болчу, анткени боштондук өтө жакын турган, ошондуктан баары: «Эмне болот эгер...» – деп чоочуркап жатышты. Эгер дарыгер Шултс капастарыбыздын кулпусун алмаштырып койсочу? Бирөө-жарым биздин жипти таап, чечип алып койсочу? (Андай болушу мүмкүн эмес эле, себеби чуңкурдун оозунан эки-үч кадам алыстагы түрмөккө байланган жиптин учу жакшы бекитилген.) Ошентсе да биз баарыбыз ушуну ойлоп жүрөксүп жаттык.

Анан биз чогулушту аяктаганда дагы бир оорчулук пайда болду. Биз эки айнек каалганын алдында, лабораториянын астындагы тегеректин айланасында турганбыз, аякта чычкандардын капастары бар эле. Эми жабандан бир добуш чыкты:

– Никодемус.

Ал чычкандын үнү ачык, бирок жалооруп угулду. Биз чычкандардын ошоерде экенин дегеле унутуп коюпбуз, алардын бирөө мени чакырганда таңгалганыман эсим ооп калды. Биз тымтырс боло түштүк.

– Мени чакырып аткан ким? – деп сурадым мен.

– Менин атым Жонатан, – деп жооп берди үн. – Биз силердин качуу жөнүндө сүйлөшкөнүңөрдү уктук. Биз деле качалы дейбиз, бирок капастарды кантип ачканды билбейбиз.

Элестетип көргүлө, ишибиздин эң акырында эсибиз ооп калды. Дарыгер Шултс диктофонго жаздыргандан башка биз чычкандар тууралу эчтеке билчи эмеспиз. Ошондон улам бизге сайган ийнелерди аларга да сайып аткандарын, биз-

ге кандай жакшылык кылса аларга да ошондой кылганын түшүндүк. Алар дагы четтеги изилдөөнүн, текшергич тобу жок эле бир немеси экен.

Жастин чакан жабанды изилдеп отурду.

– Эмнеге болбойт экен? – деп ойлонду ал. – Эгер биз каалганы жылдыралсак...

Бирөө күңк этти:

– Алар бизди кечиктириуп коюшат.

– Жок, – деп жооп берди Жонатан-чычкан. – Андай болбойт. Жөн эле кетээрде капастарыбызды ачып койгула, биз өзүбүз качып кетебиз. Эгер каалабасаңар, биз силерди ээрчибейбиз.

– Силер канчоосуңар? – деп сурадым мен.

– Болгону сегиз. Жабандын эшиктери оңой эле ачылат. Каалганын ортосунда кадимки илмек салынган.

Бирок Жастин менен Артур муну дароо эле түшүндү. Алар эшиктен кирип, илмекти чыгарды да, каалгаларды ачты.

– Капастар силердикиндей эле ачылат, – деди дагы бир чычкан. – Бирок биз аны ачканга боюбуз жетпей койду.

– Кош, – дедим мен. – Эртең кечинде дарыгер Шултс менен башкалар кеткенде, биз капастарыңарды ачып беребиз, ошондо силер бизге кошулуп жип менен барaласыңар. Анан болсо силер бошсуңар.

– Сүйлөштүк, – деди Жонатан. – Силерге рахмат.

– Ал эми азыр, – дедим мен. – Биз баарыбыз кайрадан капаска киришибиз керек. Жастин, жабандын эшиктерин жаап койчу.

Мен өзүмү капаска камап койдум да, эми уктайын десем, эшик тараптан бир кытыраган добуш чыкты, ошондо мен үстүдөн ылдый түшүп келаткан Женнерди көрдүм.

– Никодемус, – деди ал. – Кирсем болобу?

– Албетте. Бирок таң атып баратат.

– Мен бир паска эле, – ал эшикти ачып, кирди. – Биз бирдемени чечишибиз керек.

– Билем. Мен да аны ойлогом.

– Бошонгондон кийин биз каякка барабыз?

Караңгы капастан мен Женнердин өңүн көргөн жокмун, бирок анын кабатыр үнүн уктум. Мен минттим:

– Ириде мен, албетте, үйүмө барам дегем. Бирок кайра ойлосом, андай кылалбайт экем. Биз окуй алабыз го, демек, жолду тапсак болот дейм. Бирок биз үйүбүздү тапсак, андан кийин эмне болот? Биз ал жактан бир да таанышыбызды таппайбыз да. Анан дагы, – деп улады Женнер. – Билесиңби, кеп анда эмес.

– Ооба.

– Кеп мына мында: биз өзүбүздүн ким экенибизди билбегенибиз үчүн, каерге бараарыбызды да билбейбиз. Биздин суу агызгычка кайтып, ошоердеги какыр-чикирди жегибиз келеби? Келемиштер ошенткен үчүн элеби? Бирок, кептин баары биз мындан нары келемиш болбой калганыбызда. Биз дарыгер Шултстун эле жасаган бирдемесибиз. Жаңыча бирдемебиз. Дарыгер Шултс биздин акылыбызды миң пайызка көбөйттүм дейт. Менимче, ал жаңылат; балким, биз ошондой эле акылдуубуз, мүмкүн, андан да акылдуубуз. Биз окуганды билебиз, эгер машыксак, анда жазганды да үйрөнүп алабыз. Тигини да, муну да кылалабыз дегеним. Менимче, биз каалаган немени үйрөнүп кетебиз. Бирок биз аны каерде кылмакпыз? Билимдүү-сабаттуу келемиштердин тобу каерде жашаса болот?

– Билбейм, – деп жооп бердим мен. – Бирок биз билишибиз керек. Бу оңой эмес. Ошондой болсо да, биздин биринчи кадамыбыз – биерден чыгышыбыз керек. Биздин жолубуз ачылды, бирок узакка минтип тура бербейт. Биз дарыгер Шултстан озуп кеттик; бирок эгер ал биз билгенди билсе, анда ал бизди эртеси эле кечинде жалгыз калтырбайт болчу. Эми ал чындап баарын билип алат.

– Мына, дагы эмне жөнүндө ойлонушубуз керек, – деди Женнер. – Эгер биз качсак, ал биздин жогубузду көргөндө,

муну кантип жасаганыбызды билалбайбы? Биздин окуганды үйрөнүп алганыбызды ал түшүнбөйбү?

– Балким.

– Анда эмне? Билимдүү-сабаттуу, окуп, ойлонуп, түшүнө билген келемиштердин качканын кабарласа, анда эмне болот?

Мен жооп бердим:

– Боштондукка чыкмайынча, муну ойлонуп кабатыр болбой, коё туралы.

Бирок Женнердики туура болчу. Муну да ойлонушубуз керек эле.

Эртеси күнү бардыгы жаман болду. Менин тынымсыз эле ойлогонум: «Дарыгер Шултс бурагычты ким алды десечи? Анан Жули кошумчалайт: «Жиптерим да жоголду». Ошондой болушу мүмкүн эле, алар шекшип калмак, бирок антке-ни жок, ошондуктан түндө Жули, Жорж жана дарыгер Шултс лабораториядан кеткенде, биз капастарыбыздан чыгып, чычкандардын жабанынын жанында чогулдук. Жастин анын эшиктерин, капастарды ачты, чычкандар чыкты. Алар өтө кичинекей жана коркcондой көрүндү, бирок алардын бирөө тайманбай алдыга басты.

– Сиз Никодемуссузбу? – деп сурады ал мени. – Мен Жонатанмын. Бизди кошуп алганыңар үчүн рахмат.

– Биз али чыгалекпиз, – дедим мен. – Бирок, эчтеке эмес.

Сүйлөшүп турганга биздин эч убактыбыз жок эле. Терезедеги жарык бозоро баштады; бир саатка жетпей караңгы кирет, ошондо чуңкурдун торун кантип ачарыбызды түшүнүүгө жарык керек болот.

Биз дубалдагы тешикке жакындадык.

– Жастин, – дедим мен. – Башкар. Жипти баратып түрө бер. Мен эң артында басам. Чуулдабагыла. Имараттын бир жеринде бирөө-жарым ойгонуп кетпесин. Тигилер бизди угуп калбасын дегенибиз да.

Жипти бирөө таап ала турган жерге менин таштагым келген жок: муну канчалык көп ойлогон сайын мен ошончолук биздин изибизди дарыгер Шультс бирдемеден улам таап алаарына көзүм жетип турду.

Жастин темирди көтөрүп, жыла турган тарабын ачты эле, биз бирибиздин артыбыздан бирибиз түтүктүн ичине кирип кеттик. Башкалардын кирип атканын карап туруп, мен чычкандардын бирөө ак экенин биринчи жолу байкай койдум. Андан кийин капкакты артыман жаап жана жылган тарабын кайра ордуна келтирип, жарымысын бекитип койдум.

Жастин бизди алдыга жетектеп баратты, биз тез жана акырын анын артынан жыла бердик. Чейрек сааттын ичинде биз жиптин учуна жеттик; андан нары, Жастин айткандай, чуңкур кеңейе баштады; биз алдыдагы машиненин күүлдөгөнүн угуп турдук, анан дароо төрт чарчы жарыкты көрдүк. Биз чуңкурдун учуна жеттик, ошондо бир жаман иш болду.

Эсиңерде болсо, Жастин бизге тиги, абаны чуңкурга айдаган шамалдаткыч машине тууралу, биринчи жолу ошоякты изилдеп барганында анын жай ылдамдыкты тезине которуп жибергенин айткан. Ошондуктан бизге эскертилген. Маселенин баары мында эле: чычкандар аны билгени менен ал эскертүүдөн эч пайда жок болчу.

Биз төрт чарчы жарыктан тешикке жакындаганда, дарылдаган үн угулду. Желдин агымы капысынан жетип келди; менин демим кыстыгып, кулактарым башыма жабышып калды, ошондо мен көзүмү жумуп жибердим. Мен дагы артында болчумун, көзүмү ачсам, буттары менен жылмакай темирдин үстүнө тырмышып, жармаша албай менин жанымдан бир чычкан өттү. Артынан дагы бирөө, анан дагы бирөө, биз эмеле келген тешик баш аламандан ылдыйдагы караңгыга аларды биринин артынан бирин шамал учуруп кетип атты. Мен чуңкурдун бир бурчуна жабыша калып, тигилерден бирөөнү кармадым. Ал ак чычкан экен. Мен аны бутунан илип алып,

өзүм тарапка тартып,кармап турдум. Дагы бирөө менин алдымдагы келемишке жабышты, ал алдыда бараткан Жонатан экен. Бирок калган алтоо жоголуп кетти. Жөн эле алар өтө жеңил болчу; аларды шамал кургак жалбырактай эле учуруп кетти, биз аларды башка көргөн жокпуз.

Бир пастан кийин дарылдаган үн токтоду, желдин агымы бороон-чапкындан мээлүн шамалга айланды, биз кайрадан алдыга жылып жөнөдүк.

Мен ак чычканга кайрылдым:

– Мени кармап алганың оң болот. Дагы кайталанышы мүмкүн.

Тигил мени айласыз карады:

– Калгандарычы? Алтоо жоголду! Мен кайтып, тигилерди издейин.

Жонатан ошол замат ага кошулду:

– Мен сени менен барам.

– Жок, – дедим мен. – Мындан пайда жок, мунун обу да жок. Аларды кайсы чуңкурга тартып кеткенин силер билбейсиңер да, тартып кеттиби же жокпу. Аларды тапканда деле силер анан кантип чыгасыңар? Шамал кайрадан соксочу? Анда алтоонун ордуна сегизиңер бүт жоголосуңар.

Ал эми шамал болсо дагы күч ала баштады, торду чыгарыш үчүн бурагыч менен иштеп атканыбызда дагы алты жолу сокту. Улам биз токтоп, тырышып, сактанып жаттык. Эки чычкан түз эле торго илинет; биздин айрымдарыбыз тигилер сыйгаланып кетпесин деп алардын артына жата калабыз. Жастин болсо жипти алып, жоголгондорду издеп жөнөдү. Түрмөк түгөнгөнчө тигилерди акырын чакырып ал чуңкурларды биринин артынан бирин карап чыкты, бирок эч пайдасыз. Ушу күнгө чейин ошол алты чычкан эмне болгонун билбейбиз. Алар же бара-бара жол таап, эркиндикке чыгышты, же ошоерде курман болушту. Эмне болсо да биз аларга торду ачык калтырып кеттик.

Тор. Ал катуу зымдан жасалган, тешиктеринин көздөрү тобурчактай, болот алкакка орнотулган экен. Биз аны туш тарабынан карап, бурагыч менен чапкылап көрдүк, бирок жылдыралбай койдук. Тор сыртынан карматылган экен, бирок кантип карматылганын таппадык. Бир маалда ак чычканга бир ой келди.

– Бурагычты зымдын астына сайып, анан басып көрбөйсүңөрбү, – деди ал.

Биз ошенттик, зым биртике чоңойду. Биз кайрадан ылдый, солго, анан оңго толгодук. Акырындап тешик чоңойду, ошондо ак чычкан: «Жетишет го дейм» – деди. Ал кичинекей тешикке кирип, нары-бери буйтаңдап отуруп тордун сырткы бетинде болуп калды. Жонатан анын артынан жөнөдү; алар экөө жоголуп кетти, бирок бир пастан кийин сырттан Жонатандын башы көрүндү.

– Биерде илгич бар экен, – деди ал. – Биз аны ачкан атабыз.

Эки чычкан илгичти ачабыз деп сыртта иштеп атканда, ичтен биз кыйчылдаган үн уктук. Анан тордун асты кеңейе түштү; биз аны түрткүлөп отуруп бир пастан кийин МОУИнин үстүнө, боштондукка чыктык.



# БОНИФЕЙСТИН ЭЭЛИГИ

Брисби айым сурап калды:

– Жонатан менен Эйжис айым торду ачыштыбы?

– Ооба, – деди Никодемус. – Аларсыз өзүбүз ача алат белек билбейм. Болот алкак бекем, илмеги катуу, ал эми зымы жоон экен, ошондон улам арабыздан бирөөбүз өтө тургандай кылып сындырганга алыбыз жетпейт эле го. Ошондуктан биз аларды кошуп алганыбызга сүйүндүк да, аларды биз менен калгыла деп сунуштадык. Алар экөө болгондуктан макул дешти, эң куру дегенде, иштин башталышында.

Анан бир аз үзгүлтүк менен эки жылга созулган саякатыбыз башталды. Кээде ал жагымдуу (башында эркиндикте экениңди, мойнуңда лабораториянын каргысы жок экенин сезип жыргайсың), кээде оор эле. Мен баарын жазып койдум, келемиштер качандыр бир өздөрү китеп бастырганга жетишкенде, мен ошондогу окуяларыбыз тууралу китеп жазам. Ал болсо ар кыл оорчулук менен коркунучка толгон чоң китеп болот, азыр айтканга узак кеп. Дал ошол кыйын кезеңде мен көзүмөн айрылып, силер көрүп турган бетимдеги тырыкка ээ болдум.

Бирок бизде бактылуу учурлар да болду, жолубуз да ачылып турду, тактап айтканда, биздин биерге кантип келгенибизди, кийинки ойлорубуз кандай экенин түшүндүргөн эки жолку ийгилигибиз да бар эле.

Биз жолго чыкканда жайдын башы болчу. Аны мурда эле билчүбүз, биз тамдын башында турганда караңгы болсо да, күндүн узактыгынан улам байкачыбыз. Ошентсе да имараттан ылдый биз кыйналбай эле түштүк. Анын бурчтарында көп кырдуу суу агызгычтар бар эле (алардын бирине биз бурагыч менен жип түрмөгүн түшүрүп жибердик); бир аз ылдыйыраак чырмоок өсчү; биз баарыбыз төмөн түшкөндү жакшы билчибиз, ал эми айдын нуру жолубузду жарык кылып турду. Чейрек саатка жетпей биз жерге түштүк. Көлөкөгө ыктап, мүмкүн болушунча куурайдын арасына жашырынып жатып биз кай жакка баратканыбызды билбей да, ал жөнүндө ойлонбой да МОУИден алыска качып жөнөдүк. Бизди эч ким көргөн жок.

Бир нече апта бою өз билгенибиздей эркин жашадык. Кандайдыр бир деңгээлде биз ынтымакка үйрөнүп калдык, лабораториядан сырттагы дүйнө баягы эле бойдон болгон менен, биз өзүбүз өзгөрүлдүк. Эки ирет таштандыдан жана акырчикир салынган чапчактан тамактанууга аргасыз болдук. Окуганды билгендиктен биз имараттардагы жазууларды, мисалы, тамакты каерден алууну билүү үчүн «Азык-түлүк», «Чоң базар», «Эт жана жемиштер» дегендерди айырмалай билүүнү тез эле үйрөнүп алдык. Ал эми бир түнү чоң базардын ичинде (аерде дайыма бирин-экин жарыкты күйгөн бойдон калтырышат) биз, жадагалса, «Айран-сүттөр» (эжигейлер) деген 8-бөлүмгө, «Нандар» деген 3-бөлүмгө жана башкаларга алып баруучу дубалдардагы жазууларды да окуганга жарадык. Шаардын четинде кампалар, эгин жана жүгөрү салынган мунаралар жана жумуртка толо тоокканалар бар болчу.

Мезгил мезгили менен биз башка келемиштерге жолугуп аттык, айрымдары менен өтө узакка болбосо да сүйлөшүп көрдүк. Анын себеби: бир нече убакыттан кийин эле алар

бизден шектенип, бизге бир кызыктай карай баштачу. Менимче, биздин өңүбүз да башкача болуп калса керек; өзгөчө тамагыбызбы же МОУИнин иньекцияларыбы бизди башка келемиштерден күчтүү жана көлөмдүү кылып, биз жолуккан башка келемиштин баары бизге караганда өтө алсыз жана кичинекей көрүндү. Ошондуктан биз, жада калса, өз тукумдарыбыздан да бөлүнүп калдык.

Качан кыштакка келгенибизде биринчи ирет биздин жолубуз болду. Төрт айга жакын ээн-эркин жана тынымсыз темселегенден кийин биз түбөлүккө болбосо да, жок дегенде кыштоо үчүн бир жерди табалы деп чечкен элек. Шаардын чети бизге ыңгайлуу болот эле дедик, бирок маданияттан да өтө алыстап кетпөө керек болчу, анткени биз азык-түлүк дүкөндөрүнө, кампаларга жана жемиш бактарына ылдам жете тургандай болушубуз зарыл.

Ошол эле маалда болсо керек, мени ойлонтуп, түйшүктөлткөн бир пайда болду: бизге керектүү, биздин жегибиз келген нерселердин бүт баарын биз уурдап гана алышыбыз керек экен. Келемиштер дайыма ушинтип жашачу. Бирок эмне үчүн андай? Ушу жөнүндө мен тагдырлаш жолдошторумун айрымдары менен сүйлөшүп көрдүм. Ошондон улам менде турмушубузга наарazылыктар жаралды, барабара бул ой күч ала берди.

Күз болчу. Бир күнү кечинде биз айылдын ийри-буйру жолунда сүйлөшүп турганбыз.Биз эч качан жол менен басчы эмеспиз, качан болсо куурайдын арасына же арыктын ичине бекине калалы деп жолдун четинен гана басчубуз. Билесиздер да, саякатчы жыйырма келемиш менен эки чычкан көргөндөрдө шек туудурмак, биз аны каалаган жокпуз.

Учу шиш, кара, темир найзаларга окшогон тунукеден кагылган бийик кашаанын жанына бекине калдык, анын ортосунда килейген там жайгашып, чоң, көрктүү коргон, шалбаа жана бактар менен курчалган узун кашаасы бар экен. Биз кашааны бойлоп, дарбазага чейин жеттик.

– Биерде эч ким жашабайт экен, – деген тыянак чыгарды Жастин.

– Аны кантип билдиң?

– Дарбазасында кулпу илинип турат. Анан карасаңар, дарбазанын түбүндөгү кургак чөп тебеленбептир. Биерден бир да киши өткөн эмес.

Там жашоосуз ташталып, ичи жымжырт. Анын алдында почто кутусу ачылып турат.

– Кызык, биз ичине кире алабызбы? – деди Женнер.

– Кирип кереги эмне?

– Биерде кенен экен. Ичинде кенен аштымкана, чоң жабан, чоң муздаткыч бар болушу керек. Биз ойлогондой, үйдүн ичи бош болсо...

Биз акырын талааны аралап, куурайдын арасынан терезелерди тиктеп бараттык. Күүгүм киргенде алардын айрымдарынан үстүкүлөрүндө да, астынкыларында да жарыктар көрүндү.

– Менимче, бирөө бизди аерде киши жашайт деп ойлосун десе керек, – деди Женнер.

– Ооба, – деди Жастин. – Бирок чынында аерде эч ким жок. Мен алгач бир чырактын күйгөнүн көрдүм, бирок жанында эч ким жок болчу. Анан эле алардын баары бир маалда күйдү.

– Өздөрү күйө тургандай кылынган. Уурулардан сактанып.

– Менден бекинбесе болду, – деп тамашалады Жастин.

Ал, тамга чуркап барып, текчелердин бирине чыга калды да, тамдын ичин карады. Анан дагы бир терезени карады. Кайра келип ал байкаганын айтты:

– Эч ким жок.

Тамдын артындагы жаракасы бар чакан терезени таап, биз айнегинин четин сындырдык да, ичине кирдик. Ириде биз жөн эле тамак-аш издемек болдук. Аерде бир жыл же андан да ашык жашай турган азык-түлүк бар экен. Женнер бол-

жогондой эле, үйдүн ичинде нан, эт, жемиш, дагы көптөгөн нерселер толтурулган чоң муздаткыч жана текчелеринде идиште сакталган тамактар бир бөлмө толо жыйылып туруптур. Идиштеги тамактар азык-түлүк дүкөнүндөгүдөй эле башында бизди таңыркатты. Анын ичинде эмне барын биз окуп билип, бирок ага кандайча жетүүнү түшүнө албай койдук. Анан Артур алоокананын бир бурчундагы шайманды таап алды. Ал капталындагы жазууну окуду: «Картыкка карматып иштеткиле». Ошентип көрдүк. Картык шаймандын ичинен жай айланып кирди, анан биз аны тартып алганда, капкагы ачык экен. Мен ошол биринчи картыктагынын даамын түбөлүккө эстеп калдым: ал суу үлүлдөрүнөн бышырылган шорпо экен.

Курсагыбызды тойгузуп алып биз тамды аралап кирдик. Бул турак-жайда татынакай эмеректер коюлуп, кооз килемдер төшөлүптүр, демек, ал чындан эле бир байдыкы окшойт. Ашканасында шишеден чырак илинген, мейманканасынан чоң очокту таптык.

Бирок жумуш бөлмөсү биз үчүн эң чоң байлык болду. Килейген төрт чарчы бөлмө жаңгак менен жасалгаланып, ичи жаңгак жозу, булгаары капталган орундук коюлган, ал эми дубалдары шыпка чейин китептерге толтурулуптур. Ар кандай түрдөгү миңдеген китептер. Биз текчелерден кагаз мукабалуу китептерди таптык: энциклопедия, тарыхый баян менен аңгеме, фалсафий рисала жана физика, химия, электромеханика менен башка илимдер боюнча окуу куралдары, бардыгын айтып болбойт. Бактыбызга аерде жогорку текчелерге жетип бара турган чыгырыктуу чакан тепкичтерден бирөө бар экен.

Бу китептерге биз оокаттан да артык кызыгуу менен асылдык да, акыры ушу үйгө кыштаганы кирип алдык. Бизди бирөөлөр көрүп коёт деп коркпосок деле болот эле. Жумуш бөлмөсүндөгү жозудан мен гезиттен кыркылган маалыматты таап, биз андан үйдүн ээси үйлөнгөнү атканын, ал эми

сүрөттөрдүн көбүндө эки жубай үйлөнүү саякатына жөнөгөнү даярданып жатканын билдик. Жигиттин аты Гордон Бонифейс мырза, ал Голд-Стетсондун байлыгына мураскер эле, ал эми алар таштап кеткен үй дал биз турган там экен. Гезиттеги маалыматка караганда, тигилер дүйнөнү айланып саякат кылышмак, ошондуктан Бонифейс ээлигине май айында гана кайтмак. Ага чейин там биздики болчу.

Аптасына үч жолу багбан келчү. Мезгил мезгили менен ал тамды карап чыкчу. Мындайча айтканда, алдыңкы эшикти ачып, бардыгы жайында экенин көрмөккө туш тарабын карачу да, анан жаап, кетип калчу. Бирок багбан ээликке такай турбай, жолдун боюндагы кичинекей тамда жашачу. Биз анын келерин күтчүбүз; аны биз айлана-чөйрөдөн эле билчибиз: чөп-чар кыркылып, жалбырактар терилип, бактарда жаңы өсүмдүктөр тигилип жана сугарылып турчу, демек, бирөө-жарым ошону аткарып жүрөт. Ошондуктан биз күзөтчүлөрүбүздү коюп, тигинин келгенин көрүп, анын короодо жүргөнүн дайыма байкап жүрдүк. Тамдын ичине ал киргенде, ичи чын эле мурдагыдай өзгөрүүсүз көрүнсүн деп аракет жасап жүрдүк.

Ал үчүн кандайдыр бир күч-аракетти жумшоо керек эле. Үйдөн кыйла алыстыктагы токойдун бир сырдуу жерине алып барып, бош картыктарды жана башка какыр-чикирлердин баарын жашырууга туура келчү. Биз артыбызды толук дыкат тазалап, алоокананын жабанынан табылган чорго менен чаңүчүн чүпүрөктү колдонгонду үйрөндүк. Эгерде кароолчу жакшылап караса, анда ал бош үй үчүн айырмалуу өтө жылтыратып сүрүлгөн жозуларды байкамак эле. Бирок, тиги эчтекени байкаган жок. Багбан, жада калса, тамдын арткы жагындагы терезенин кичинекей айнеги жетпей турганын деле байкаган жок.

Ошентип, биз кышы менен керээли-кечке китеп окуп жана жазганды үйрөнүп жүрдүк.



## БАШКЫ БӨЛМӨ

Ошол маалда Никодемустун бөлмөсүнүн каалгасын бирөө тыкылдатты; эшик ачылып, Жастин Эйжис мырза менен кирди.

– Ушунчалык эрте келдиңерби? – деп сурады Никодемус.

– Эрте? – деп таңгалды Жастин. – Түш болуп калды.

– Түш болуп калган турбайбы! – Фрисби айым үйдө аны балдары күтүп жатканын эстей коюп, ордунан турду.

Жердин алдындагы келемиштердин ийининде, андагы жасалма жарыкта убакыттын канча экенин айтуу кыйын эле, анын үстүнө ал Никодемустун окуясына кызыгып кетип саатты да карабаптыр.

Жастиндин колунда Никодемустукуна окшош баштыгы бар экен, ал андан чакан кагазга оролгон бир нерсени алып чыкты.

– Мына, Ажыдаар үчүн дары, – деди ал, аны жозунун үстүнө коюп, анан Фрисби айымдан сурады. – Бу сизге мистер тууралу айтып бердиби?

Никодемус жоопр кайтарды:

– Жок, мен эми гана айтайын дегем.

– Бирок мен азыр калып угалбайм, – деди Фрисби айым. – Балдарым түшкү тамакка күтүп атышат.

Алдыдагы иштер боюнча макулдашып алышты. Фрисби айым үйүнө барып, балдарын карап келет. Никодемус, Жастин, Артур жана башка келемиштер анын тамын көчүрүү боюнча майда-чуйдөсүн ойлонуштурушат, ал бүгүнкү түнү саат жетилерде болмокчу.

– Фитсгиббондор уктап калганда, Ажыдаардын дагы уктаганын билип алып, анан биз ишти баштайбыз, -деди Никодемус.

Эйжис мырза:

– Мен болсо жата турам. Ооруган бутум менен саякат кылгандан кийин чарчадым.– деди.

– Каалаган бөлмөнү тандаңыз, – деди Никодемус. – Женнер достору менен кеткенден кийин бизде жети бош орун бар.

– Рахмат, – деди Эйжис мырза. – Фрисби айым, сиз кайра келгенде, дарыны Ажыдаардын тамагына кантип салуу керектигин мен сизге үйрөтөм.

Фрисби айым үйүнө шашып бара жатып, болгон окуялар тууралу балдарына канча нерсени айтып бериши керегин, эми эмне болоорун ойлонду. Эң кур дегенде азырынча алардын атасынын кандайдыр бир деңгээлде келемиштер менен байланышы болгонун ал айтпай турган болду. Ажыдаардын кесесине дары салганга жардам берээри жөнүндө да ал унчукпайт. Балдары кабатырланат; балким, ал иш бүткөндөн кийин айтып берет, ошондо баарыдан мурда Мартин анын ордуна барам дей албай калат.

Ал жөн эле үкүнүн үйрөткөнүндөй кылып келемиштерге барганын, алардан жардам сураганын гана айтып берет. Тигилерди ал ак көңүл, акылдуу деп тапты, ошондуктан келемиштердин тобу бүгүн кечинде келип, алардын тамын буурсун жетпей турган жерге көчүрүп коёт. Ошону менен болду.

Анан өзү окуянын бардыгын толугу менен түшүнгөндө гана кийинчерээк балдарына айтып берет.

Бирок бул жетишсиз болуп калды. Балдары ириде шектенип, анан абдан кызыга башташты, өзгөчө Тимоти (анын өңү түзүк, ал мурункудан дилгир эле, бирок Тереза менен Мартин кыстай бергенинен гана дагы эле төшөктө жатты).

– Бирок келемиштер эмнеге антишмек эле? – деп сурады Тимоти. – Биз аларды дегеле билбейбиз. Эч ким билбейт. Алар өздөрүнчө жүрөт.

– Мүмкүн, мени аларга үкү жибергендиктендир, – деди Фрисби айым, тигиге жага тургандай жооп издеп. – Тигилер үкүнү абдан жакшы көрөт экен.

– Андай болсо, – деди Тимоти. – Мен баары-бир түшүнбөйм, эмнеге үкү бизге жардам берет. Ал деле биздин досубуз эмес да.

– Мүмкүн, тигилер бизди аларга эптеп жардам берет дегендир.

– Апаке! – деп кыйкырып жиберди Синтиа. – Биз аларга кантип жардам беребиз?

– Унутуп калдыңбы, мен Жеремини куткаргам. Ошондон башталбады беле.

– Ооба, мен ооругандан башталган, – деп коштоду Тимоти. – Тезирээк тургум келет. Жата берип чарчадым.

– Азыр эрте, – деди Фрисби айым, кеп нугун бурганына кубанып. – Сен күч чогултушуң керек, анткени бүгүн алар тамды жылдырганда, сен өзүң бир аз кыймылдашың керек болот. Сенин жакшылап оронгонуңа биз толук кепил болушубуз керек, анан түн жылуу болоорунан дагы үмүттөнөбүз.

– Түн ошондой болот, – деди Мартин. – Эшикте абдан жылуу экен.

Алар тамактанышты.

Ошол күнү Фрисби айым балдарына келемиштер менен тамды көчүрүү боюнча сүйлөшүп келейин деди. Бир нече сааттан кийин коркунуч менен бетме-бет жолугушаарын ой-

логондо, анын балдарын өөп коштошкусу келип кетти. Бирок жалгыз Тимоти болсо да шекшип калбасын деп ал анткени жок; ал болгону эгер кечки тамакка бир аз кечигип калсам, менден кам санабагыла деди.

Роза түбүнө бара жатканда ал бир аз жеңилдей түштү, сүйүндү десе да болот. Буюрса анын түйшүгү чечиле турган болуп калды, иши оңунан чыгып баратат. Эгер бардыгы жайында болсо, анда Тимоти аман калат.

Албетте, аягына чейин жайында болсо. Анан өзүнүн кыла турган ишин эстей коюп, бир азга шалдая түштү. Фрисби айымды Ажыдаардын кесесине дары сала турганы эмес, так жеткенинде чоочуп кетип, алда бир нерсенин кесепетинен ишти баарын бузуп албайын деп кооптондурду. Анда иши бүт ыдырайт.

Ал Фитсгиббондун үйү тарапка карады, ал жакта тамдын артында күнгө кактанып Ажыдаар жатыптыр. Мышык тооккананы карай кеткен жолдо секирип ойноп жүргөн эки таранчыны аңдып туруптур; тигилерди оңой кармагандай жакын бардымбы деп ойлогондо, тигинин куйругунун учу титиреп кетип жатты. Ал өтө чоң жана коркунучтуу көрүндү.

Ажыдаар ал тарапты карабагандыктан, Фрисби айым гүлдүн түбүн карай, түз эле жашыруун эшикке чуркап барып, шашыла ичине кирип кетти. Чычкан догоо түрүндөгү кире беришке жеткенде, мурдагыдай эле Брутус кайтарып турганын көрдү, бирок бул жолу тигил сылык тосуп алды.

– Мен сизди күткөм, – деди ал.

– Кирсем болобу?

– Сиз бир аз күтө турсаңыз, мен Жастинди чакырып келем.

Тигил догоонун ичине кирип, дубалдагы чакан баскычка колун тийгизди. Фрисби айым мурда аны байкабаптыр.

– Эшиктин коңгуроосу, – деди ал.

– Бу ылдыйдан да угулат. Эгер мен үч жолу бассам, кооптуу.

– Кооптуу?

– Козголоң чыгат. Бул эшикке салгылашканы ондой келемиш жетип келет. Ал эми калгандарын бүт аялдары, бала-чакасы менен арткы эшикти карай умтулушат.

– Арткы эшигиңер бар экенин билбептирмин.

– Ал токойго, бүлдүркөндөргө алып барат. Ал тешик мындан да узун.

Жастиндин караанын көрүнгөндө алар мурдагы эле чоң бөлмөгө түштү, бирок бул жолу лифт менен тепкичи бар бөлмө аркылуу кирішти. Жастин токтой калды.

– Никодемус сизди башкы бөлмөлөрүбүзгө көз жүгүртүп көргүсү келеби деген. Сизди Жобо тууралу сурап атат деген.

– Сурагам, – деди Фрисби айым. – Бирок ал мага эчтеке деген жок.

– Азыр ал Жобо кеңейтилген, бирок баары эле аны ушинтип атап көнүп калышкан. Башкы бөлмөбүздү көрсөңүз, эмне жасап атканыбызды түшүнөсүз.

Ошондуктан мурдагыдай ылдый түшпөстөн Жастин аны бөлмөгө алып кирди, Фрисби айым байкагандай, ал жердеги тешик узун экен. Алар аны менен көпкө чейин жүргөндөй болушту.

– Ушул чендерде токой башталат, – деди Жастин. – Тешиктин кайрылганын көрөсүз. Шынааларды айланып өтүүгө туура келди, алардын айрымдары кашаанын мамыларындай экен.

Тешик ачаланып кеткенге чейин алар жолун улашты.

– Оң жакта бүлдүркөндүн түптөрү бар, – деди Жастин. – Солдо – башкы бөлмө.

Алар солго жөнөштү.

– Эми таңгалууга даяр болуңуз.

Алдыдан чуру-чуу угулду: келемиштердин сүйлөшкөн үндөрү, шашышкан жана сүзүшкөндүндөрү, ошондой эле машинелердин күүлдөгү. Алар ишканадагыдай жандуу бир бөлмөгө кирішти.

Мындай бөлмөнү Фрисби айым өмүрүндө көргөн эмес, ал тамдын жарымына барабар эле, шыптары менен астанасы боз таштар менен капталган болчу. Электр чырактары чакчайып жарык, бул жердин чырактары чоң, сырты капталган эмес эле, алардын жарыгынын астында келемиштер жан талашып иштеп жүрүштү. Тигилер электр кыймылдаткычтары аркылуу араа, такталар, бурама, чарык жана Фрисби айым аттарын билбеген түркүн аспаптарды иштетип жатышты; келемиштер балкаларын тыкылдатып, ширетип, кескилеп жүрдү. Бирок алар көбүнчө бир нерсени ташый беришти.

Келемиштер бөлмөнүн бир учунан экинчисине тынымсыз агып жатышты, алардын ар бири кичинекей аттай токулуп, эки капталына килейген, бышык каптар артылган экен. Келемиштер бөлмөнүн жыгачтан жасалган бийик дубалынын аркасына жоголуп кетип жатышты. Алар кайра чыкканда каптары толтура жана оор эле.

Фрисби айым туш тарабын карагыча алардын жанынан он чакты келемиш тешикти карай өтүп кетишти, алардын каптары толо болчу; алар Жастин менен учурашып, чычканга да баш ийкешти, бирок токтошкон жок. Фрисби айым байкаса, дал кире бериштеги желпигич айланып, токойдун бир бурчунан таза абаны бөлмөнүн ичине айдап кирип жатты.

Фрисби айым таңгалганынан оозун ачып Жастиндин жанында турду. Ушунча кыймыл, ызы-чуу, узундугу он чакты кадам, эни деле ошончо килейген бөлмөнү карап туруп, анын башы айланып кетти.

– Мындай чоң бөлмөнү кантип курдуңар? – деп сурады ал.

– Биз курган жокпуз, – деп жооп берди Жастин. – Биз муну таап алдык. Бу табигый эле үңкүр. Үстү-асты бүтүндөй таш экенин көрдүңүзбү? Бу негизгиси, дал ушул себептен биз ушуерди тандадык. Калгандары бизге чейин эле жашап атышкан. Балким, кылымдар мурда биерде бир чарба болсо керек. Кыязы аюулар го. Же карышкыр, түлкү, суурлар чыгар.

Айта кетиш керек, биерди аябай эле тазаладык. Биз үңкүрдү тапкан кезде, узундугу бир нече кадам бир гана килейген тешик бар болчу; ал түз кетчү, бирок ичи жалбырак, чырпыкка толуп, кире бериши арандан зорго көрүнчү. Биз аны толугу менен бүтөп, узун кылып башка жерден тештик, арткы эшигибизди кууш жасадык. Андан кийин роза түптөрүнүн алдынан турак жайларды жана эмеле сиз кирген эшикти казып чыктык. Бирок үңкүр дале биздин негизги устаканабыз. Жүрүңүз, кирели.

Алар киришкенде кээ бир келемиштер аларды карап, айрымдары кол булгап жылмайышты, бирок дароо эле бардыгы шашкансып өз иштерин улантып жатышты.

– Булардын эрежеси бар, – деп түшүндүрдү Жастин, ызы-чуудан катуу кыйкырып, Фрисби айымдын кулагына эңкейип. – Алар иштебей коё алышпайт.

Өтө алектенишкен бир тобу жыгач менен темирден жасалган, бир кездей узундуктагы кызыктай бир нерсени курчап алышыптыр. Ал ийилип, учталган тумшугу менен, Фрисби айым ойлогондой, чакан кайыкты карап турду. Мүмкүн, келемиштер кеме куруп жүрүшпөсүн? Андан кийин ал жогору жакка тигилер катуу темир шакек орнотуп жатышканын көрдү.

Жастин аны жакыныраак ээрчитип келди.

– Бул биздин эң олуттуу табылгабыз, – деди ал. – Бүт Жобонун ачкычы. Биз үлгү түрүн өткөн күздө жасаганбыз. Эми дагы үчөөнү жасап атабыз.

– Бирок бу эмне?

– Бул буурсун. Багбанчылык боюнча тапкан китептерин бүт окугандан кийин муну Никодемус ойлоп чыгарган. Ал жеңил жана курч, өзгөчө келемиштер сүйрөй турганга жарайт. Биз аны сегизибиз тартабыз. Муну менен биз жакшылап эмгектенсек, болжолу менен бешке чейин жети кадамдай чарчы жерди айдап коёбуз.

– Бирок анын силерге кереги эмне?

– Бери келиңиз, мен көрсөтөм.

Жастин чычканды бийик дубалдары бар үңкүрдүн терең жагына алып барды. Ал эшикти ачып, тигини кирүүгө чакырды. Фрисби айым килейген жыгач аштымканага кирди; анын буттарынын түбүнөн үңкүрдүн дубалына чейин дөбө болуп аштык жыйылып жатты.

– Сулу, – деди Жастин.

Ал аны нары ээрчитип барды да, экинчи эшикти ачты, ал жакта дагы бир дөбө бар экен.

– Буудай, – деди ал.

– Жана башкалар:

– Арпа.

– Жүгөрү.

– Лоя.

– Биз корду көптөн бери чогултуп келатабыз, – деди ал. – Ушунун баары Фитсгиббон мырзанын кампасынан. Эми бизде бир жүз сегиз келемишке эки жылдык, кошумча бир түшүм болбой калса дагы эки эгүүгө жете турган кор бар. Тиякта, – ал эңалыскы аштымкананы көрсөттү. – Үрөн салынган кутулар. Патинча, кызылча, сабиз, коон менен башка жемиштердин үрөнү.

Алар ошол жерде турган маалда бардык келемиштердин кыймылы тынган жок. Тигилер аштымканага кирип, каптарды алып, ага эгин толтуруп, кайрадан аларды асынып алып арткы эшиктен тешик аркылуу чыгып кетип жатышты. Фрисби айым аларды уясында тынымсыз чуркашканкилейген кумурскаларга окшоштурду.

Жастин деле ошондой элестетсе керек, анткени ал минтти:

– Эгер кумурскалардын колунан келсе, Никодемус айтмакчы, эгерде аарылардын колунан келсе, анда биздин да колдон келет.

– Эмне колдон келет?

– Албетте, уурулуксуз жашоо. Кептин баары мына ушунда. Жобобуз да ушу.



# ОЮНЧУК ЧАЙКАГЫЧ

– Бонифейс ээлигинен биз биринчи май күнү кеткенбиз, – деди Никодемус. – Аерден биз кыйла көптү үйрөнүп кеттик. Биз аерде сегиз ай турдук.

– Ошондо, – деди Жастин. – Биз Оюнчук Чайкагычты жолуктурдук.

Алар Никодемустун иш бөлмөсүнө кайтышты; бир аз эс алган Эйжис мырза аларга кошулуп отурду.

– Андан кийинчерээк, – деди Эйжис мырза.

– Ооба, – деп ага макул болду Никодемус. – Кеч күздө болчу. Биз келгенде алгач туруктуу жашай турган жай издей баштадык, эң кур дегенде өзүбүз каалаганча жашай турган жерди издедик. Эмне керегин биз так билчибиз. Китеп окуудан тыныгуу маалында узак кыштын түндөрү китепканада талкуулап отурганга биздин убактыбыз көп болучу.

Китеп окуу! Билесизби, биз дүйнөнү анча таанычы эмеспиз, ошондуктан китепке кызыкдар элек. Биз астрономия, электрика, биология жана математика, музыка жана өнөрлөр тууралу үйрөндүк. Атүгүл, мен бир нече ырлар жыйнагын окудум, алар мага абдан жакты.

Бирок мага баарынан тарых жакчы. Мен байыркы мисирликтер, явандар жана урумдар, Кыйын кезең тууралу окудум, көөнө маданияттар жоголуп, окуп-жазганды билген жалаң кечилдер калганын билдим. Алар элден алыс күрөөлөрдө жашачы экен. Жупуну жашап, окуп-жазганды үйрөнчү, өздөрү жемиштерди өстүрүп, там салып, эмеректерин ырастачы. Атүгүл, алар өз колу менен курал-жарагын жасап, кагаз даярдашчы имиш. Ушунун баарын окуп, мен биздин кандай жашашыбыз керегин түшүнө баштадым.

Китептин көбү адамдар жөнүндө экен, биз, келемиштер жөнүндө маалымат издеп, бирок эчтеке таппай койдук.

Эки энциклопедияда гана келемиштер тууралу бөлүктөр бар экен. Биз бир аз таарына түштүк, биздин жакын туугандарыбыз, мисалы, тыйын чычкан менен коёндорду адамдар өтө жакшы көрөөрүн билгенде өзгөчө капаландык. Бирок келемиштер оору таратат деп эсептешет, менимче, чын эле ошондой, анткени менен биз аны атайы кылбайбыз да, анан дагы тагын айтканда, биз аны адамдардын өзүнөн ашыра кылбайбыз.

Ошентсе да, алардын бизди жек көргөнү, алар бизди дайыма уурулук кылып жашайт деп эсептейт. Байыртадан келемиштер адамдардын шаар жана чарбаларынын четинде, кемелерде жашаган, алар оокат уурдап, ар жерди теше берчи. Кээде бизди балдарды тиштейт деп күнөөлөшөт; болгону шаарлардын эң начар чекелеринде өскөн айрым аңкоо келемиштерди эске албасак, мен деле башка келемиштердей буга ишенчи эмесмин. Андай, албетте, адамдардын арасында деле бар го.

Чын эле биздин дүйнөгө керегибиз жокпу? Энциклопедиялардын биринде биз сыймыктана турган бир сунуш бар экен: «Кадимки келемиш өзүнүн чыдамкай, акылдуу, шамдагай сапаттары менен жана табияты боюнча адамга окшоштугу жагынан медициналык изилдөөлөрдө сыноого эң жарактуу деп бааланат». Биз бу тууралу бир аз билчибиз.

Белгилүү илимпоздор тарабынан жазылган китептердин биринде келемиштер жөнүндө бир маалымат бар экен. Миллиондогон жылдар мурда, деп жазылыптыр анда, келемиштер башка жаныбарлардан кыйла өнүккөн болчу, алардын өз маданияты да болгонсуйт. Алардын коому жакшы уюштурулуп, алар талааларда татаал айылдарды курушчу. Алардын урпактары бүгүнкү күнү сары чычкан деген ат менен белгилүү.

Бирок баары кандайдыр бир маалда токтоп калды. Окумуштуунун божомолу боюнча, келемиштердин турмушу, балким, өтө жеңил болгондур; ошондуктан башка жаныбарлар (өзгөчө маймылдар) токойдо жашап, сары чычкандардан күчтүүрөк дагы, акылдуурак дагы боло берген, ал эми сары чычкандар болсо жалкоолонуп, өнүкпөй калган. Бара-бара маймылдар токойдон чыгып, арткы буттары менен баса баштаган, алар шалбааларды, жалаң эле аларды эмес, бүт бардыгын ээлеген. Дал ошондо келемиштер адамга тиешелүү дүйнөнүн четинде жашап, таштанды менен уурулукка умтулган.

Канча бир мезгил мунун баары биз үчүн кызык болду, жок эле дегенде келемиштер абдан өнүккөн айбанат дегендиги үчүн болсо керек. Биз ойлонуп калдык. Эгерде биз өнүгө берсек, акылдуурак болуп, келемиштер маданиятын түзсөк, анда ал кандай болот эле? Келемиштер дагы куйруктарын бекитип, түз басканды үйрөнөт беле? Аспаптарды ойлоп чыгарат беле? Мүмкүн, чыгармак, анткени менен анчалык тез, анчалык көп эмес деп ойлодук биз; келемиштердин маймылдарда жок бир катар каражаттары бар: алар тынымсыз өсүп турган шиш, узун тиштер. Элестетсеңер: келемиштер жалаң тиши менен эле, эч кандай аспапсыз көпүрөлөрдү салып коёт.

Окуп-жазганды тез эле үйрөнүп алганыбызга караганда, келемиштер аны деле ойлоп тапмагы анык дечи. Бирок машинелерди айтсак, кандай болот? Жеңил машине менен учактарчы? Учактарды биз чыгара албайт элек го. Албетте,

талдардын үстүндө секирип жүргөн маймылдарга, балким, учушу керек эле, тактап айтканда, алар тегерегинде учуп жүргөн куштарга суктанса керек да. Келемиштерде андай умтулуу болгон эместир.

Ошол сыяктуу эле келемиштер эч качан турмушунда асман тиреген тамдарды салмак эмес, анткени алардын жердин астында жашагысы келет. Бирок, менимче, келемиштердин метросу өтө кеңири жайылмак.

Биз ойлонуп, бүт-баарын талкууладык, анан эгер келемиштердин маданияты пайда болсо, ал сөзсүз эле адамдардыкын кайталай бербейт деп чечтик. Мунун далили катары айтсак, сегиз ай бою Бонифейстин ээлигинде жашап деле бирибиз да ал жерден кеткенибизге өкүнгөн жокпуз. Ээлик бизге жыргал турмуш берди, бекер тамак менен билим берди, бирок биз аерде өзүбүздү толук жакшы сезген жокпуз. Аердегинин баары бизге окшобогон, биздей кыймылдап, ойлонбогон айбанатка ыңгайлаштырылыптыр. Ошондой эле ээлик жердин үстүндө болчу, ал эми бизге ал табигый сезилчи эмес.

Ошондуктан биз кеткенибизде жаңы тамыбыз жердин астында болушу керек деп чечтик, эгер таба алсак анда үңкүрдөгүсү эң жакшы болмок. Бирок каерде? Биз көпкө ойлондук, карта менен атластарды карадык, жумуш бөлмөсүндө алар жайначу. Акыры биз кандайдыр бир тыянакка келдик: үңкүрдү табыш үчүн тоолуу жерге баруу керек, түз жерде үңкүр аз. Ал эми тамак-аш табыш үчүн ал шаарга же чарбага жакын турса, андан да жакшы болмок.

Ушул себептен биздин көп неме батчы кампасы менен эгин салгыч мунарасы бар, тоонун жанындагы өзгөчө чоң чарбаны тапкыбыз келди. Биз карталарды дагы бир аз карап чыктык, анан, менимче Женнер болсо керек, издегенге ушул жерди көрсөттү. Карта көпчүлүгү тоолорду белгилеген сызыктарга толуп, анда «Тикенектүү тоолор улуттук багы» деп жазылган. Анын астында майда тамгалар менен «Жаратылыш коругу» деген жазуу бар эле. Тоолор түзөңгө өткөн

жерде карта жолдору аз жана шаарлары жокко эсе аймакты көрсөтүп турду, биздин оюбузча, алар чарба болсо керек.

Силер, албетте, билгендей эле, биздики туура болуп чыкты. Тикенектүү тоолордогу Улуттук бакка жетиш үчүн биз эки ай бою тынымсыз сапар жүрдүк, ошентип аны таптык; биз анын чегинде элек. Биерде жайнаган үңкүр бар экен, алардын көпчүлүгүнө адамдын колу тийбептир, анткени жаратылыш коругуна адамдарга кирүүгө тыюу салыныптыр. Токойдо күзөтчүлөрдүн жолтандабас машинесине салынган биртике чыйырдан башка жол жок. Анын үстүнөн учактарга учууга болбойт.

Биз көптөгөн үңкүрлөрдү изилдеп чыктык, чоңу менен кичинекейин, кургак менен нымдуусун. Бирок ушу үңкүр менен ушу чарбаны тандаарда биз Оюнчук Чайкагычты көрдүк.

Баары кайгылуу башталды. Бир күнү эртең менен биз токойдон, жолтандабас машинелеринин биерден алыс эмес жердеги чыйырынын биринде жаткан чалды таптык, ал өлүп калыптыр. Эмнеден өлгөнүн биз билбейбиз, мүмкүн, жүрөгү токтоп калса керек. Ал кара кийимчен экен, эскиче, бирок таза, бырыш эмес кийинген. Чачтары агарган, ал эми өңү жумшак.

– Кызык, бу ким, биерде эмне кылып жүрөт, – деп кобуранды Жастин.

– Ким болсо ошол болсун, – деди Женнер. – Буга биерге келбей койсо болмок экен.

– Муну көөмп коюш керек, – дедим мен.

Биз дал ошондой кылдык, мүрзө казган жокпуз, бирок үстүн жалбырак, таш, чырпык жана топурак менен жаап койдук. Ушунун баарын чогултуп атканда Жастин дагы бир ачылыш кылды. Ал куурайдын түбүндө эле, биз аны көргөн жокпуз.

– Карагылачы, – деп чакырды ал. – Мен чүмбөттөлгөн машине таптым.

Ал кичинекей тоголок тумшугу бар чүмбөттүү эски машине экен, чыдамкайлык менен сайкал салынып, чагылышып жаркырайт. Килейген, төрт чарчы арты бир нече жолу оңдолуптур да, кызылга боёлуп, алтындын буусуна капталыптыр. Аерде ак пардалуу чакан терезелери бар экен, арасында алтын тамгалар менен жазылыптыр:

Оюнчуктар
Оңдоо
Эс алуу топтомдору
Үлгүлөр
Электр оюнчуктары
Сапатына кепилдик бар

Чүмбөттөлгөн машине чалдыкы экени билинип турду. Тигил оюнчуктарды оңдоп, сатып жүрсө керек, кызыл менен алтынга боёлгон чүмбөттүү машинеси анын дүкөнү да, тамы да болсо керек, ал токойго түнөккө келген окшойт. Албетте, мунусу мыйзамсыз иш эле, ошондуктан ал чүмбөттүү машинесин килейген эмил талдын түбүнө, жолдон алыс эмес жердеги куурайдын арасына бекитип койгон. Биз анын от жакканын көрдүк, кемегеге таштарды тыкан тизип, токой өрттөнбөсүн деп чырпыктан тазалаптыр. Эмен талдын түбүндө чакан суу акчы. Аймак тынч экен.

Анын эмнеден өлгөнүн биз түшүнгөндөй болдук: машиненин бир дөңгөлөгү тыгылып, жумшак жерге батып кетиптир. Анын жанында күрөк жатат, ал, жерди казса керек. Бул иш ага өтө оор болуп, ал жардамга бирөөнү чакырганы жөнөгөн да, жолдон эси ооп кулап түшкөн.

Мунун баарын биз бир караганда эле түшүндүк. Анан бирөөбүз минтти:

– Машине эми кимдики болот?

– Мураскорлорунуку, – дедим мен.

– Ким гана болбосун, – деди Женнер. – Анын мураскорлору болбошу да мүмкүн. Бу киши коколой баш көрүнөт.

– Муну кантип табышат? – деп сурады дагы бирөө.

– Чын эле, – дедим мен. – Биз анын ким экенин билбейбиз, билсек деле туугандарына кабар бералбайбыз. Ошондуктан ойлойм: эгер кааласак, анда машине биздики болот.

– Ичинде эмне бар экенин көрүп койбойлубу?



## ТИКЕНЕКТҮҮ ӨРӨӨН

– Анын ичинде эмне гана жок эле, – деп сөзүн улантты Никодемус. – Чүмбөттөлгөн машиненин ичи чакан автобустукундай кенен экен, чал аны толугу менен пайдаланчу. Чачылып дегендей эмес, тескерисинче, бүт өз ордунда, илгичтерде же жабанында тыкан салыныптыр.

Бир пастан кийин биз кандай мүлккө ээ болгонубузду түшүндүк. Чүмбөттө, күткөндөй эле, көп сандаган оюнчуктар бар экен. Анын ичинде чалдын карапайым турмушундагы буюмдары дагы турат: керебет, чырак, жозу, бүктөмө отургуч, суу үчүн шише, табакча, сатил, көмөч казан жана ушундайлар. Чүмбөттө кибиреген муздаткычка тамак-ашы салыныптыр: тобуя, лоя, шабдаалы жана ушул сыяктуулар.

Көпчүлүк оюнчуктун, биз ириде ойлогондой, пайдасы жок эле. Биз жеңил жана жүк ташуучу машинелерди, тегирмен жана айлантмаларды, учак, кайык жана дагы көп нерселерди таптык, көбүнчөсү таштары жок. Алар аябай кызык көрүндү; айрымдарын иштетип да көрдүк; бир маалга чейин айланабыз жаңы жылдык майрамга окшоп турду.

Андан чарчагандан кийин биз чүмбөттү дагы аңтара баштадык. Айдоочунун орунуна жакын жерден биз бир топ катуу кагаздан жасалган чоң кутуларды таптык, аларды ачканда ичи толо ар кандай көлөмдөгү электр кыймылдаткычтары турат: алар сынып же эскирген оюнчуктар үчүн тетиктер экен. Алар ондогон болчу, жиптин түрмөгүнө окшоп кибирегенинен баштап биз зорго жылдырган өтө чоңдоруна чейин.

Анан алардын жанынан биз чыныгы кенчти таптык: чалдын аспаптарын. Алар сандыктай чоң болоттон жасалган жабандын ичинде жаркырап, катары менен тыкан тизилип туруптур. Аерде бурагыч, араа, балка, шакекче, кыскыч, бураманын ачкычы, кычкачтар бар эле. Аэрде ширетүүчү, жалгаштырчу аспаптар менен электр бурагычтар турду. Эң сонуну – алар оюнчуктар менен иш алып барууга даярдалып, өтө кичинекей болгондуктан, биздин колдорубузга да ыңгайлуу эле. Ошентсе да алар оюнчук эмес, саат оңдоочу менен тиш дарыгеринин аспаптарындай татынакай курчутулган болоттон жасалыптыр.

Артур биринчи сүйлөдү:

– Биерде эмне экенин билесиңерби? Биз өзүбүздүн темиртезек дүкөнүн ачып алсак болот. Бул аспаптар, кыймылдаткычтар менен биз эмнени кааласак жасай алабыз.

– Жасайбыз, – деп коштоду Женнер. – Бирок сен бирдемени унуттуң.

– Эмнени?

– Бизде электр жок. Чал ташы жок оюнчуктарды иштете алган эмес. Чакан оюнчук кыймылдаткычтар, ооба, бирок накта эмес, кубаттуу шаймандар эмес. Аларды сая турган жер керек болчу. Дубалдагы узартылган зымды көрдүңбү?

Дубалдагы илгичте оор кара зымдын бир түрмөгү илинип турду. Анын бир учунда сайгыч, экинчисинде сая тургана бар эле.

Эми Салливэн деген келемиш сүйлөдү. Ал Артурдун мыкты досу болчу, ага окшоп кыймылдаткыч менен электрге кызыкчу.

– Мүмкүн, биз аны электрге кошалабыз?

– Кантип? – деп сурадым мен. – Бизге ким уруксат берет?

– Кечээ биз көргөн үңкүр эсиңдеби? Жанагы дыйкандын үйүнө өтө жакын деген үңкүрчү?

Ошентип баары башталды. Калганын өзүңүз көрдүңүз. Анын айтканы азыр сиз турган үңкүр.

Баарыбыз ошоякка жөнөдүк да, аны жакшылап карап чыктык. Ал өтө жакын болчу, мындайча айтканда, биздин жашоо үчүн ал адамдын турагына биз ойлогондон жакыныраак жайгашкан. Бирок тракторду койгон күркөнүн жанынан биз килейген розанын түбүн таптык, анын астынан жашыруун эшик кылып алдык. Эң негизгиси: трактор күркөсүндө электр бар болчу.

Үйүнөн сарайына чейин Фитсгиббон мырзанын жер астынан өткөргөн зымы бар эле. Биз чуңкур казып ошол зымга кошулуп алдык, ошондуктан баарыбызга керектүү электрибиз пайда болду. Зымдын жанынан куурлар өтчү. Ага да кошулуп алганга үлгүрдүк эле, агын суубуз да пайда болду. Кийинчерээк биз үңкүргө Оюнчук Саткычтын чүмбөтүнөн кыймылдаткыч менен шаймандардын баарын бара-бара ташып бүттүк. Биз ичиндегилерди бүт ташып койгондон кийин бир күнү эле чүмбөт жоголуп кетти. Бир жолу келсек эле ал жок, дөңгөлөгү тыгылган гана изи турат. Аны көзөмөлчүлөр көрүп калып, башка жерге апарып койсо керек. Бирок алар чал көмүлгөн жерди байкап да, тийип да койбоптур.

Ошентип биз өзүбүзгө азыр сиз көрүп турган турмушубузду курдук. Биздин тобубуз өсүп отуруп жүз элүүгө жетти. Балдарыбызды окуп-жазганга үйрөттүк. Биздин тамакашыбыз жайнап, суу, электр, таза аба алуу үчүн шамалдаткыч, лифт, муздаткычыбыз бар эле. Жердин түпкүрүндө тамыбыз кышкысын жылуу, жайкысын салкын бойдон турчу. Тиричилигибиз ыңгайлуу, абдан жыргал болчу.

Ошентсе да баары эле мыкты болуп кеткен эмес. Алгач делебебиз козголуп, машинелер алып келинип, тешиктер ме-

нен бөлмөлөр курулуп бүткөндөн кийин эле бир оору сыңары арабызда наразылык туулса болобу.

Ириде кенеген жокпуз. Биз ал сезимди байкамаксанга салып, аны менен күрөшмөк болдук, ошон үчүн килейген бөлмөлөрдү, ар кыл эмеректерди, килем төшөлгөн далистерди, дегеле бизге анчалык кереги жок немелердин баарын көбөйтө бердик. Бонифейстин ээлигинде келемиштер тууралу маалыматтарды издеп жүрүп окугандагы бир окуяны мен эстей койдум. Анда чакан бир шаарда чаң соргуч сатып алган бир аял жөнүндө айтылган. Анын аты Жонс айым болчу, ага чейин ал коңшуларындай эле үйүн шыпыргы жана жуугучтун жардамы менен кашкайтып тазалап турчу. Бирок чаң соргуч аны тезирээк да, тазараак да кылчу, ошондуктан жакын арада Жонс айымга шаардагы айымдардын бардыгы суктана баштады, акыры алар дагы чаң соргучтан алып тынышты.

Чаң соргучту сатуу чынында эле ушунчалык жакшы жүргөндүктөн аларды чыгаруучу ишкана ушу шаардын ичине кошумча мекеме курду. Албетте, ишкана аялдар сатып алган чаң соргучтардай эле көп электр кубатын алчы, андыктан жергиликтүү электр ишканасы тигилердин камсыз кылуу үчүн жаңы, чоң электростанция курууга аргасыз болду. Электростанциянын очокторуна көмүр жагылып, анын морлорунан күнү-түнү кара түтүн чыгып, шаарды бүт ыш каптачы да, тамдардын ичи мурдагыдан ого бетер карала-торала болчу. Анткени менен шаардагы аялдар эки эсе катуу тырышып, эки эсе узагыраак иштеп тамдарынын ичин мурда Жонс айымдын чаң соргучу жогундагыдай таптаза кылып коюшчу.

Бул окуяны мен макалалар жыйнагынан таптым, аны окууга тырышканымын себеби китептин атында болчу, ал «Келемиштин жарышы» деп аталчу. Бу деген, менин түшүнүгүмдө, жарышта кандай жүгүрсөң да, андан эч кандай натыйжа чыкпай койгонду билдирет имиш. Бирок китепте келемиштер тууралу эчтеке жок экен, ошондуктан мен анын

атынан түңүлүп калдым, анткени бу дегеле келемиштердин эмес, адамдардын жарышы деп ойлодум мен, акылы бар бир да келемиш мындай айбанчылык кылбайт эле.

Бирок анткени менен биз дагы адамдардын эч кандай себепсиз жан талашуу жарышына катышкан келемиштерден элек. Эң жаманы: долбоорубуз бар болсо деле биз чындап иш менен алектене алган жокпуз. Жашообуз өтө жеңил болчу. Мен сары чычкандардын ата-бабалары тууралу жазган илимпозду эстеп кабатыр болдум.

Мен жалгыз эле кабатыр болгон жокмун. Бир күнү чогулуш өткөрдүк. Чынында бир жылдан ашык созулган бир катар чогулуштар болду. Биз маектешип, талашып, ойлондук, Бонифейстин ээлигиндеги китепканада келемиштердин маданияты кандай болушу керектигин талкуулап отурган түндөрдү эстедик. Аябай кызык, бирок менин мыкты эски досум Женнер талкууларга аз катышчу; ал кабагын бүркөп унчукпай, маселе аны кызыктырбагансып отурчу. Бирок көпчүлүк мен сыяктуу эле сезимде болгон, бара-бара иштин чоо-жайы көрүнүп келатты; биз маселени түшүнүп, аны кандай чечүүнүн жолун таптык.

Биринчисинен, биз чоң олжо деп сүйүнгөн баягы Оюнчук Саткычтын чүмбөтүн тапканыбыз чын-чынына келгенде биз каалабаган тузак болуп чыкты. Анын натыйжасында биз жалаң тамак-аш эмес, электр менен сууну дагы мурдагыдан көбүрөөк уурдай баштадык. Атүгүл биз дем алган аба дагы уурдалган электр кубатынын аркасында, ууру желдеткич менен айдалып келчи.

Мунун баары, албетте, турмушубузду ушунчалык жеңилдетчи, ошондуктан жашообуз бейпайда көрүнчү. Биздин ишибиз аз болчу, анткени уурунун турмушу башкалардын мээнетине таянат эмеспи.

Экинчисинен, баарыбыз тең ичибизден бизди кармап алат деп коркконбуз. Кармабаса дагы (биз сырыбызды катыш үчүн бардык чараны колдонгонбуз), биз жөнүндө би-

лип калышат дегенбиз. Фитсгиббон мырза, албетте, анын түшүмүнүн бир бөлүгүн бирөөлөр чогултуп кетип жүргөнүн билеттир. Ал эми биздин тобубуз өсө берди, бизге көбүрөөк, дагы көбүрөөк оокат керек болчу.

Ал кээ бир чөнөктөрүн тунуке менен жаба баштады. Бизди анысы кооптондурган жок, анткени биз каалганы ачканды билчибиз. Бирок аларды ал кулпулап койсо эмне болот? Биз алардын кулпуларын кесип салабыз го, же тунукелерин кесип да коёбуз: ага биздин аспаптарыбыз бар эле. Бирок иштин бүткөнү ошо. Темирден өтүп кеткен келемиштер жөнүндө Фитсгиббон эмне деп ойлоп калат?

Канчалык талкуулап, канчалык катуу ойлонгон сайын бардык ошол немелер бизди кабатырландырды. Бирок биз тез аларга жооп таппадык, анткени андай жооп жок эле.

Бирок татаал бир жооп бар болчу.

Мен токойдо узакка чейин жүрө баштадым. Анткени бир оюм бар эле. Кээде мен жалгыз, кээде бирөө менен барчымын.

Бир жолу мен Женнер менен барып калдым. Ага оюмду айткан деле жокмун, атүгүл, сейилдеп чыкканда да унчукпай, жөн эле багытты гана көрсөттүм. биз бир аз тамактанганы майда-чуйда алып алдык. Эсимде, күз болчу, күн чайыттай тийип, бирок салкын эле; жел жүргөндө жалбырактар шуудурап атты, айрымдары саргайып калган.

Сейилдеп жүргөндө мен жолтандабас машинелеринин изин каякка апарат экен деп байкоос сала бердим, күзөтчүлөр да кирбей турган токойдун түп-тереңин тапкым келди.

Ар кимден анча-мынча сураштырып да көрдүм. Мисалы, алдымда зоңкойгон тоонун наркы бетинде эмне бар экенин эки тыйын чычкандан сурадым. Бирок алар наадан, коркок жандар эле; мени таңыркай карап алып алар эмен талдын чокусуна учкан бойдон чыга качты да, кеткенимче мени аябай тилдешти. Бирин-экин башка тыйын чычкандардан сурасам, алар сыпайыраак экен. Мага жооп beралбаса да (антке-

ни алар туулган жеринен жүз кадамдан ашык басып көргөн эмес), мени куштардан сурап көр дешти, тагыраак айтканда, бүт токойго белгилүү картаң үкүгө жөнөттү. Ошол тыйын чычкандар мага үкү жашаган килейген талды кантип табыш керегин үйрөттү.

Ошентип үкү менен тааныштым. Ал токойдогу ар бир талды, ар бир чыйырды, ар бир ташты жакшы билчи. Билесиңер го, анын келемиш-чычкандар менен мамилеси жакшы эмес, бирок мен ага МОУИдеги турмушубуз, качканыбыз тууралу айтып бергенде, ал кызыгып калды. Үкү өзү да мойнуна алганы менен мен анын биздин кыймылыбызды кечкисин абадан байкап жүргөнүн баамдадым. Эмне болсо дагы ал кызыгып калды, мен ага маселебизди айтып, аны чечүү жолдорун баяндаганда ал көңүлүн кунт коюп укту. Ошондон кийин биз көп сүйлөшчү болдук.

Ал мага Тикенектүү өрөөн жөнүндө айтып берди.

Өрөөн токойдун чытырманында, чоң талдын түбүнөн нары жайгашкан. Аерде жолтандабас машинелердин изи жок, андан нары жакта деле ошондой, себеби аны курчаган тоолор ошол унаалар үчүн дагы коркунучтуу, бийик жана таштак экен. Алардын чети тикенектүү бадалга такалган. Үкүнүн айтымында, ал ушуерден учуп өткөн жылдары өрөөндөн бир да адамды көрбөптүр.

Ошентсе да өрөөн түз, кенен эле, узундугу бир чакырымдай; бийик аскалар аны туш тарабынан курчап турат. Аерде үч көлмө же чакан көл бар, аларды кичинекей дайранын суулары толтурат көрүнөт, анткени алар эч солубайт. Үкүнүн айтымында, күн ачыкта ал сууда сүзүп жүргөн балыктарды да көргөн экен. Ичимен ойлонуп койдум: келемиштер тор токуп же балык уулоого кайырмак жасай алышабы?

Женнер менен жөнөгөндө мен дал ошо өрөөндү издегем. Жол жөнүндө мага үкү төкпөй-чачпай айтып берген, бирок тоонун түбүнө жетиш үчүн биз тез ылдамдыкта жарым күн жүрдүк. Андан кийин бир сааттан ашык улам өйдөлөп кете

бердик, биз үчүн бул оор болгон жок, себеби келемиштер тоого адамдардан тез чыгат. Бирок биз жапендеспиз, ошондуктан тикенектүү бадалдарды аралоого туура келди. Бийик чокунун үстүнөн биз акыры ылдыйды караган чак да келди: алдыбызда кең өрөөн жайылып жатты.

Ал тынч жана татынакай эле, эч ким барып көрбөгөн жана ээн жер болчу. Талдардын көк жана сары жалбырактарынын арасынан мен алдыбыздагы көлдөрдүн биринин жылтыраган суусун көрүп турдум. Мага мунун баарын биз биринчи көрүп жатабыз деген ой келди. Ошенткен менен чынында андай эмес болчу, себеби биз өрөөнгө түшүп бараткан маалда талдын арасынан чыгып, эңкейиштен ылдый түшүп бараткан бугуну көрдүк. Аякта жапайы айбанаттар бар болчу, алар ушу тоо кыркаларынын аркасында шаар, жол жана адамдар бар экенин билеби деп ойлоп койдум мен.

Өрөөндүн көпчүлүк бөлүгүн токой ээлечи, килейген эмен жана зараң талдар, бирок көлдөрдүн бирөөсүнүн жанынан мен издегеними таптым: ал кадимки эле чөп, жапан гүл, биртике түп бүлдүркөн өскөн жайык жер болчу. Бу жайык жер өрөөндүн алыскы тарабында эле, анын жанында кырка тоо, жерден эки-үч кадам бийиктикте сороюп турган килейген кызыл таштары бар тик эңкейиш турду.

– Биз ушуерге жашасак болот, – дедим мен Женнерге.

– Мен да ошондой деп ойлоймун, – деп жооп кайтарды ал. – Кооз жер экен. Бирок кампадан алыс. Тамак-ашты канча алыс жерге ташый турганыбызды ойлоп көр. Электр да жок.

– Тамак-ашты өзүбүз өстүрүп алабыз, – дедим мен.

Мен дагы бирдеме кошумчалайын дедим эле, бирок антпедим: качандыр бир электрди да өзүбүз иштетип чыгарып алабыз, эгер аны бизге керек десек.

– Кантип өстүрүштү билбейбиз да. Канткени менен аны каерге өстүрөбүз?

– Дал ушуерге. Биз бу чөп менен куурайдан оңой эле кутулабыз. Ал эми эгер ушу аскалардын түбүнөн тоолорду карай

тешип алсак, анда өзүбүз каалагандай кургак жана жылуу, үстү жакшы жабылган үңкүргө ээ болобуз. Биерде биздин миңибизге жер тең жетет.

– Биз миң эмеспиз.

– Бир кезде болот.

– Бирок эмнеге? Көчүп кереги эмне? Биз азыр мыкты жерде жашайбыз да. Биздин электр, жарык, агын суубуз бар. Билбейм, эмнеге эле баары өзгөртүү жөнүндө сүйлөйт.

– Анткени бизде бар неменин бардыгы уурдалган.

– Болбогон кеп. Дыйкандар уйдун сүтүн, же тооктун жумурткасын алганы уурулукбу? Алар болгону уй менен тооктордон акылдуу, мына ошондой. Ал эми адамдар биздин уйларыбыз да. Эгер биз акылдуу болсок, эмнеге алардан тамак-аш алганга болбойт?

– Бу андай эмес. Дыйкандар уй менен тоокторду багат да, аларды кайтарат. Биз болсо алганыбыздын ордуна эчтеке кылбайбыз. Андан тышкары, эгер биз уурулугубузду уланта берсек, алар бизди билип калышат!

– Анан эмне болот? Болгондо эмне? Адамдар келемиштерди кылымдар бою кырып келатышат, бирок алы жетпейт. Биз болсо баарынан акылдуубуз. Алар эмне кылалышат? Бизди жардырабы? Ошентип эле көрсүнчү. Алар жардыргычты бекиткен жерин таап алып, өздөрүнө каршы колдонобуз.

– Анда алар биз жөнүндө чындап билет. Түшүнбөй атасыңбы, Женнер, эгер биз ушу сыяктуу бирдеме кылсак, анда алар биздин ким экенибизди, эмне кыла аларыбызды билбей калат дейсиңби? Ошондо эки неме болушу мүмкүн: же бизге аңга чыгышат, же бизди кармап, циркке берип коюшат, болбосо, мүмкүн, бизди кайра МОУИге алып кетишет. Бу жолу эми биз качалбайбыз.

– Мен сенин бир да сөзүңө ишенбейм, – деди Женнер. – Бу ой сени акылыңан тандырыптыр. Биз эң башынан баштап, аябай иштеп, келемиштер маданиятын курушубуз керек. Менин айтайын дегеним, эчтекеден бирдеме жасап эмне кере-

ги бар, ансыз деле баарын алабыз да? Биздин маданиятыбыз бар го.

– Жок, маданиятыбыз жок. Биз жөн эле бирөөнүн эсебинен жашап жүрөбүз, итке жабышкан бүргөдөй. Ит суугa чөксө, бүргө да чөгөт.

Ошентип биздин ушу күнгө чейин бүтпөгөн талашыбыз келатат. Женнер мени, мен аны укпай келдик. Анын жалкоо же иштегиси келбегенинен эмес, жөн эле Женнер башкаларга караганда мисиреймеги бар; урдаганыбызды ал туура көрөт. Анан дагы анын ишенбестиги бар: ал чындан эле биздин өзүбүзчө жашап кетээрибизге ишенбейт. Балким, аныкы да туурадыр. Бирок мен да, дагы көптөрүбүз эң кур дегенде аракет кылып көрүшүбүз керек дечибиз. Эгер ишибиз оңунан чыкпаса, анда биз артка кайтабыз же башка чарбаны табабыз. Мүмкүн, бара-бара бүт унутуп, кайрадан мурункудай болуп акыр-чикирди уурдай баштайбыз.

Ошентип биз Жобонун үстүнөн иш баштадык. Бу биздин көп убактыбызды алды. Үч жыл мурда жазында биз Фитсгиббон мырзанын артынан байкап, анын билгенин үйрөнө баштадык, ошондой эле дыйканчылык боюнча китеп менен журналдарды чогулттук. Биздин түшүнгөнүбүз эле, уурулукту биротоло токтотуш үчүн биз бир нече убакыт дагы көбүрөөк алып турушубуз керек болчу. Эгер биринчи жылы түшүм болбой калса деп биз эки жылга сактанып кор чогулттук. Үчтөн эки бөлүгүн Тикенектүү өрөөнгө ташып, корубузду килейген таштардын биринин астына сактоо үчүн кургактап үңкүр каздык. Үрөнүбүз бар, буурсундарыбыз бар, биз көлдүн боюндагы жердин бир бөлүгүн тазалап айдадык, бир нече күндөн кийин биринчи жолу себе баштайбыз. Кургакчылык болуп калса деп атүгүл арыктарды да казып койдук.

Биз артынан эсептеле турган кылып жадыбал түздүк, июндун башында биз ошол үңкүрдө болобуз да, Фитсгиббон мырзанын кампасынан түбөлүккө алыс кетебиз деп үмүттөнөм.



## ТУТКУНДА

– Жадыбал менен артынан эсептөө тууралу айтмакчы, – бир маалда Эйжис мырза сүйлөндү. – Бүгүн кечкиге бизде бирдеме болжонгон. Кечигип калбайлы.

Никодемустун жозусунда турган саат беш болуптур.

– Фитсгиббон мырза Ажыдаарга тамакты саат алтыда берет.

Ал шашпай айтты, бирок Фрисби айымга анын үнү титирегенсиди. Бардыгы аны тиктеп калышты.

– Мен даярмын, – деди ал акырын.– Дагы бир аз убакыт жана жоопсуз бир суроом калды. Эмнеге Жонатан МОУИ жана башкалар жөнүндө мага айткан эмес?

Эйжис мырза ага жооп кайтарды:

– Мен түшүндүрүп көрөйүн. Никодемус башкалар менен кошо роза гүлүнүн түбүндөгү үңкүргө көчүп барганда, Жонатан экөөбүздү алар менен чогуу жашоого чакырган (анткени биз алар менен айлап бирге болгонбуз да), башында биз макул элек. Бирок бир нече аптадан кийин биз башка жакка көчтүк. Билесиңерби, биз ар башкабыз. Келемиштер менен тынымсыз катташып жүрүп, жакын

дос болуп калганыбызга карабай биз экөөбүз тең өзүбүздү кызыктай сездик. Өзүмү айтсам, мен коомчулуктан обочолонуп, жалгыздыкты эңсечимин; Жонатан, тескерисинче, менден жаш болуп, өзүн жалгыз сезчи.

– Ошентип биз алгач азыркыга чейин мен туруп жаткан эски чарбанын жертөлөсүнө чогуу келдик. Анан Жонатан токойдо бир суунун боюнан сизди жолуктуруптур, аны сизге айтса керек дейм...

– Ооба, – деди Фрисби айым. – Эсимде бар.

– Ошондон бери ал кабатыр эле. Ал эч жашырынган эмес, бирок сизге бирдемени айталбай жүргөн. Никодемус сизге айтса керек дейм, МОУИдеги уколдордун эки таасири бар. Анын бири боюнча эч кимибиз картаймак эмеспиз, бала бойдон тура берчибиз. Ал иньекциялар Шултс дарыгер ойлогондон дагы узакка биздин өмүрүбүздү созуп ийсе керек. Мына ошондуктан Жонатандын сизге эч айткысы келген эмес. Сизге ийне сайышкан эмес да. Демек, ал жаш бойдон жүргөндө, сиз карый берип, акыры өлөсүз. Ал сизди жакшы көргөндүктөн ушуну ойлогондо кыйналчу. Эгер ал өзү ушунча кыйналсам, десе керек ал, сиз кандай кыйналат элеңиз! Мына ошондуктан ал чыгынып сизге бүт айталган эмес. Бир канчадан кийин ал ачыгын айтып бермек, мен билем, ал муну абдан каалаган. Чынында сиз өзүңүз деле муну билип калмаксыз, эмне болуп атканын өзүңүз деле байкамаксыз. Бирок баары-бир ага кыйын болчу, ал улам создуктура берди, анан акыры кеч болуп калды.

– Байкуш Жонатан, – деди Фрисби айым. – Мага бүт айтып койсо деле болмок экен. Мен каршы болбойт элем го. Бирок балдарымда болобу...

– Узагыраак өмүрбү? – деп сурады Никодемус. – Биз али билбейбиз. Болобу деп ойлойбуз, бирок аны так билишибиз үчүн балдарыбыз өтө чоңоё элек да. Так билгенибиз эле: алар окууга тың. Алар кыйналбай эле окуганды үйрөнүп алышты.

Ал ордунан туруп, көз айнегин алды да, саатын карады. Бирок Фрисби айым ага кайрадан кайрылды:

– Дагы бир суроо, – деди ал. – Женнерге эмне болду?

Никодемус ага жооп берди:

– Ал кетип калды. Женнер башынан эле Жобого каршы болчу. Аны талкуулаганыбызда ал башкаларды дагы ага каршы болууну үгүттөп көргөн. Кээ бирөөлөрү эле ага кошулду, антсе да күмөн санагандардан да биз менен калгандары бар. Талашыбыз тынч эле өтчү, бирок Женнердин чыдабай кеткенине биздин унааларды жок кылабыз дегенибиз себеп болду.

– Унааларды жок кылуу?

– Ага эки нерсе себеп болду. Биринчиси: эгер качандыр бирөө жарым үңкүрдү тапса, биздин эмне кылганыбыздын эч кандай изи калбайт, болгону гана темирдин сыныктары жөнөкөй эле акыр-чикир сыяктуу калат. Биз электр, жарык жана сууну токтотуп салабыз. Ичкери кире турган тешиктерди бүт жаап коёбуз. Экинчи себеби, андан да маанилүү. Биз Тикенектүү өрөөнгө кеткенде, дагы бир нече убакыт кыйналабыз. Биз муну билебиз да, ага даярбыз. Эгер үңкүр дагы эле ачык болсо, эгерде унаа, жарык, килем жана суу дагы эле ушуерде кала берсе, анда азгырык күчүндө калып, биз жеңилип, жеңил турмушка кача беребиз. Биз ошондой азгырык болбосун дейбиз. Бирок Женнер муну укканда (анда чогулуш болуп аткан) анын чындап жини келген. Баарыбызды акмак, кыялкеч атап ал чогулуштан кетип калган да, бир нече күндөн кийин алты пикирлешин ээрчитип алып, топтон биротоло бөлүнүп жөнөдү. Алардын каякка кеткенин билбейбиз, бирок мурдагы турмушту кайталай тургандай жерди издеп кетишти го деп ойлойбуз. Аларга ийгилик каалайм дечи, бирок алар кыйла кыйналат. Бу жолу аларга Оюнчук Жасагыч жолукпайт. Алар шаймандарды уурдаш керек болот, ошону менен бүттү. Бу бизди бир топ түйшүктөнтөт, анткени аларды кармашса, анда эмне болоорун ким билет. Бирок биз эчтеке кылалбайбыз. Биз Жобо менен жашайбыз,

Тикенектүү өрөөнгө жетээрибиз менен биз түйшүктөрдөн кутулабыз го деп ойлойм.

Жастин ордунан турду.

– Кетиш керек.

Ал кагазга оролгон уктатуучу дарыны алды.

Фрисби айым, Жастин менен Эйжис мырза розанын түбүнө узун далис аркылуу чогуу жөнөштү.

– Эсиңиздеби, алоокананын түбүндөгү тешиктен чыкканда, жабандын астында болосуз, – деп үйрөттү Эйжис мырза. – Ал жапыз, бирок кыймылдаганга жарайт. Бир пас баскандан кийин бир бөлмөнү көрөсүз. Аерде Фитсгиббон айым үй-бүлөөсүнө тамак даярдайт. Алар саат алтыларда тамактанат. Кечки тамак даяр болгондон кийин ал Ажыдаарга оокат берет. Мышык алооканада болбойт, ал каалганын артында күтүп турат. Айым аны тамак даярдап атканда киргизбейт, анткени тигил бутуна сүйкөнүп, кадам бастырбай тоскоолдук кылат. Оңго карасаңыз анын кесесин көрөсүз. Ал көк түстүү, сыртында «Мышыгым» деп жазылуу. Айым аны алып, оокаттан толтуруп, анан ордуна коёт. Кийин этият болуңуз. Айым мышыкты киргизгени эшик жакка барат, ошо маалды пайдаланыңыз. Ал сизге далысы менен бурулат. Аял алты-жети кадам басышы керек, себеби алооканананын ичи кенен. Кесе сизден үч-төрт карыш алыстыкта болот. Кагазды ачып алдыга чуркап барыңыз, дарыны оокатка салыңыз да, кайра тезинен качып кетиңиз. Ажыдаар киргенде көрүнүп калбаңыз. Мен ошондон күйгөм.

– Сиз ошентип бутуңузду сындырдыңызбы?

– Мен бир паска алдастап калдым. Дагы убакыт барбы дедим да. Бирок жаңылыпмын.

Роза түбүндөгү догоодон Эйжис мырза алардан бөлүндү. Аксагандыктан ал алоокананын түбүндөгү тешикке кире албайт, ошондуктан ага барып кереги жок эле.

Фрисби айым менен Жастин розалардын түбүнөн чыгып, туш тарабын караштты. Күн батып бара жатканы менен дагы

эле жарык болчу. Так алдында, эки жүз кадамдай аралыкта дыйкандын килейген аппак үйү турду. Ажыдаар эшиктин алдында эле, ал каалганын түбүнө күтүп отуруп калды. Оңунда трактор турган күркө, анын алдында кампанын кашаасы менен узун көлөкөсүн жайган кампа турат. Анын артында тоолор менен токой караят; сол жагынан Фрисби айым бактын ортосундагы килейген ташты көрдү, тигинин жанында анын балдары күтүп жатты. Тапшырма аткарылып бүтөөрү менен, деди чычкан өзүнчө, ал балдарына жетип барып, көчүүгө даярдык көрөт.

– Үйдүн оң жагынан кирели, – деп шыбырады Жастин. – Жүрүңүз артымдан.

Алар көлөкөгө жашырынып, Ажыдаарга байкоос сала короонун чети менен басышты. Жастиндин аркасында баштыгы асылган, анын ичинде уктаткыч дары бар болчу.

Фитсгиббондордун чарбасынын негизги бөлүгүнүн астында жертөлө бар эле, чоң алooкананы кийин курушкан, таш пайдубалда ал чоң эмес жаракасы менен жайгашып турду. Алар ошол боз пайдубалга келгенде Фрисби айым шамалдатууга калтырылган тешикти көрдү, анда тор бар болчу. Жастин аны кармап, учунан тартты. Тор бошой түштү.

– Биз аны бир аз бошоттук, – деп түшүндүрдү ал, тигини өткөрө торду көтөрүп.

Фрисби айым ичине кирди.

– Акырын, – деди ал. – Аякта караңгы, бир кадамдай чуңкур бар. Жөн эле секире бериңиз. Түбүнө биз самандан төшөп койгонбуз, ошон үчүн жумшак болот.– Демин бир аз кармап Фрисби айым эчтемени көрбөй эле караңгыга секирди да, буттарынын алдындагы катуу саманды сезди. Бир пастан кийин Жастин анын жанына келип түштү. Алар Фитсгиббондун алooканасынын астында эле.

– Эми болсо, – деди ал акырын. – Солго караңыз. Жарыкты көрдүңүзбү? Ал тешик. Жарык алooканадан келет. Биз аерге ылайдан төгүп салганбыз, ошондуктан ага жетиш оңой. Жүрүңүз.

Фрисби айым анын артынан жөнөдү; алар жарык тийген тешикке жакындаганда ал эки жагын каранып алды. Алар даңгыр, кургак жана салкын жер менен бара жатышты; үстүндө тамдын түбүн кармаган оор тосмо, анын үстүндө паркет бар экен. Тешиктин астында чакан, тоголок ылай дөбөлөнүп турду. Алар дөбөгө жакын барышты, ошондо Жастин шыбырап калды:

– Мен ушуерде калам да, сизди күтөм. Мен өтө албайм. Ишти бүтүрөөрүңүз менен тез түшүңүз. Мына дары.

Чычканга ал кагазда оролгон дарыны берди.

– Унутпаңыз, Ажыдаардын кесесине бараардан мурда муну ачып алыңыз. Эми шашылыңыз. Мен Фитсгиббон айымды угуп атам, ал тамакка киришти. Абайлаңыз, сизге ийгилик.

Фрисби айым ириде тешикке дары салынган баштыкты салып жиберди. Анан мүмкүн болушунча акырын өзү да алооканага түштү.

Ал жакта жарык экен. Бирок шып өтө жапыз дегенде Эйжис мырза тамашалабаптыр. Алоокана менен жабандын түптөрүнүн аралыгы эки элиден аз болчу, ошондуктан ал түз баса албай, кысылып алып жөрмөлөдү. Ал беш-алты кадам шилтеп, өзүнүн титиреп жатканын сезди.

– Тынч, – деп буйрук берди ал өзүнө. – Алдастаба, болбосо адашып бүт бузасың.

Анысы жардам бергендей болду, ал акырын нары жөнөдү, акыры жабандын кырына да жетти. Токтоду. Ушул жерден ага алоокана бүт көрүндү. Анын так алдында килейген, аппак газ очогу бар экен, ошонун жанында Фитсгиббон айым турат. Жабан жапыз эле, ошондуктан Фрисби айым тигинин башын эмес, ийиндерин гана көрүп жатты.

– Мына, – деди Фитсгиббон айым өзүнчө. – Шорпо даяр, нан жабылды, дастаркон салынды.

Мышыктын кесеси кана? Фрисби айым Эйжис мырза үйрөткөндөй оңго карады. Тигине, капталында көк жазуусу

бар. Ошентсе да бир нерсеси башкача болчу. Кесе бир кадам эмес, эки-үч кадам алыстыкта турду. Аны коё турган бурчта төрт жыгач бут сороёт. Ал жозуну ылдыйдан өйдө карап жатканын түшүндү.

Эчтеке эмес, деп ойлоду чычкан. Аралыгы эки эле эсе көп экен. Эйжис мырза отургуч жөнүндө унчуккан эмес, бирок аны жылдырып коюшу да мүмкүн. Чычкан көрүнбөй тургандай кесеге жылып барып, оңго жөрмөлөдү да, кагаз баштыкты айрып жиберди.

Ал ошентери менен Фитсгиббон айым очоктон бери жылды. Колу көрүнүп, тигил кесени алды, ошондо Фрисби айым аны башынын үстүнө жабанга койгонун укту. Тыныкени кескен бычактын үнү, кашыктын шалдыраганы, анан кесе кайрадан жерге коюлду. Мышыкка бериле турган балыктын жыты каңшаарга тийди. Фитсгиббон айым кетип калды.

Болду.

Фрисби айым дарыны колуна алып, ачык жерден бөлмөгө атырылды, көздөрү кесеге тигелген. Калтыраганы басылып калды. Ал дарыны кесеге салып жиберди, тиги заматта мышыктын суюк тамагына аралашып кетти. Баштыкты дагы эле кармаган бойдон ал жабанды көздөй чуркады.

Бир маалда күркүрөгөн үн менен жарык өчүп калды. Шыбы ылдый боло түштү да, майда тегерек тешиктерге толуп кетти. Фрисби айым чуркай берди, акыры муздак темир дубалга барып урунду.

Үн чыкты:

– Апаке! Ажыдаарды азырынча киргизбей туруңуз. Мен чычканды кармап алдым.

Фитсгиббондун кенже уулу Билли орундукта отуруп, темир чыпкадагы жашылчалардан жеп жаткан. Дал ошол оодара койгон чыпкага Фрисби айым тузакка түшүп калды.



## ЖЕТИ ӨЛҮК КЕЛЕМИШ

Фрисби айым чымчыктардын капасынан Фитсгиббондор тамактанып отурганын карап турду. Ага дагы оокат беришти: бир кесим нан, эжигей жана сабиз – ушунун бардыгы бир кесе суу менен кошо капастын ичине коюлган. Капаста бир нече ай мурун Порги деген сары чымчык беш жылдан бери жашачы, анан ал карып өлгөн. Фрисби айымды чыпкадан чыгаруу үчүн Билли анын алдына картондон салып жиберди, ал катуу түрткөндүктөн эми чычкандын буттары кыймылдаган сайын ооруп калат. Ириде аны бут кийимдин кутусуна салышты.

– Мен муну алсам болобу? – деп сурады Билли апасынан.

– Кереги эмне? Бу жөн эле талаа чычканы да.

– Үй айбанатына окшош экен. Мага жагып атат.

Билли кутуда жасалган тешиктерден шыкалап Фрисби айымды карамак болуп жатты, бирок ичи караңгы болчу.

– Мейли анда. Бир нече күнгө. Курсагын тойгузуп тур.

– Мен аны Поргинин капасына салып койсом окшойт, кутудан көрүнбөйт экен. Ачка

болсо керек, анткени Ажыдаардын тамагынан жегиси келиптир. Айбан чычкан. Өлүп калмак да.

Айрылган кагазды ириде эч ким байкаган жок, анан Фитсгиббон айым элейип аны алды да, челекке ыргытып жиберди.

Бир нече күнгө! Фрисби айымдын көңүлү айный түштү. Бир нече күндөн кийин анан эмне болот? Аны коё беришеби? Же Билли апасын дагы көндүрөбү? Аны бошоткону менен деле балдары жалгыз калып жатпайбы, бүгүн кечинде келемиштер тамды көчүргөнү келет да. Эмнеге Билли дал ушул күнү орундукка отуруп калды экен? Анын сунушталган тамакты жегиси келген жок. Анын ыйлагысы келди.

Кечки тамакка Пол атасы менен келди. Ал капаста камалган Фрисби айымды карады.

– Муну коё берип койбойсуңбу? – деп сурады ал Биллиден. – Байкуш, аябай коркуп алыптыр.

– Жок. Ал жөн эле капаска көнгөн эмес.

– Мелдешесиңби, бу өлүп калат.

– Мелдешем, өлбөйт.

– Жапайы айбанатты жөн эле капаска камай бергениң болбойт да. Аларды кичинекейинен багышың керек.

– Зоопарктарда ошентет.

– Ооба, бирок алар бу жөнүндө көбүрөөк билет. Ошентсе деле көбү өлүп калат.

– Мунун биерге келгени кызык, – деди Фитсгиббон айым. – Эч кандай деле чычкан байкалган эмес. Бизде чычкан болбойт дечим эле.

Тигилер дасторконго отурду, Фитсгиббон айым шорпо сунуштады. Жозу узун, төрт чарчы эле, анын тегерегинде үй-бүлөөсүнөн тышкары себүү жана эгин терүүдө Фитсгиббон мырзага жардамдашкан дагы төрт жумушчу батчы. Фитсгиббондор жозунун бир тарабын ээледи.

Фрисби айымдын капасы бөлмөнүн каршы тарабындагы бурчта темир чынжырда, тигилердин баш жагында

бийик илинип турду. Чычкан ылдый эңкейип аларды көрчү, бирок ал капастын наркы бурчуна кетип калса эле, алар бири бирин көрбөй калчы. Фрисби айымдын үмүтү эле: Пол Билли менен мелдешин улантып, утуп алса же эң кур дегенде Фитсгиббон айым менен мырзаны чычканды коё бергиле деп көндүрсө. Бирок Пол тамак менен алек болчу. Ошондуктан ал акырын жылып, капастын каршы жагына жетти. Бир тарабынын ортосунда чычканды салган эшиги бар эле. Никодемустун айтканын эстеп ал ошол эшикти тиктеди да, чыгып барып аны ача аламбы деди. Албетте, азыр эмес, кийинчерээк, тигилер алооканадан кеткенден кийин. Болуп калышы ыктымал. Биро эшиги ушунчалык чоң жана оор эле.

Чычкан кайрадан балдарын эстеди. Албетте, Жастин бир нерсе болгонун түшүндү дечи. Ал барып балдары менен сүйлөшөт. Бирок эмне дейт? «Балдар, апаңар алооканага Ажыдаарга кетип, алигиче кайта элек». Жок. Бирок эмне десе деле, тигилер аябай коркуп чоочушат. Байкуш Синтиа! Байкуш Тимоти, байкуш балдардын бүт!

Анын бир гана жыргалы бар болчу. Чычканды капаска камагандан кийин киргизип жиберген Ажыдаар оокаттын бүт, аны менен кошо дарыны да жулкунуп жеп алды.

Билли капасты карап турду.

– Ана, – деп кыйкырды ал. – Ал басып жүрөт. Мен көрдүм. Айтпадым беле, баары жакшы деп.

Ал ордунан турду.

– Билли, ордуңа отуруп, шорпоңу ич, – деди Фитсгиббон айым. – Чычканың күтө турат.

– Чычкандар демекчи, – деди ошол күнү шаарга барып келген Фитсгиббон мырза. – Бүгүн Хендерсондун дүкөнүндө ызы-чуу болду.

– Чычкандар үчүнбү?

– Андай деле эмес. Келемиштер үчүн. Мен жаңы буурсун жасаттырганы кирдим эле, аерде эл үйүлүп алып, бир өтө кызыктай окуяны талкуулап атыптыр. Бир нече күн мурун

алты-жетиби келемишти электрдин агымы уруптур. Аябай кызык, Хендерсон кыймылдаткычтарды сатат, анда бир текче кыймылдаткыч бар. Келемиштер кантип чыкканы белгисиз. Хендерсондун айтымында, тигилер кыймылдаткычтын бирөөнү жылдырабыз деп ойноп атышса керек.

– Мына кызык, – деди Пол. – Келемиштер кыймылдаткыч уурдайт имиш.

– Уурдабайт да, албетте. Бирок бул окуя түнү болуптур. Эртең менен Хендерсон дүкөнгө келип, жарык кылайын десе, коштургучу ыргып кеткен имиш. Ал келемиштер кыймылдаткычка үйүлүп алганын көрүптүр. Иштебегени менен ал сайылган бойдон калыптыр. Тигилер зымды кырчып койсо керек, тигинин айтканы боюнча. Ошондон улам зымдар туташып кетиптир, тигилер чогуу болгондуктан агым баарын аралап өлтүргөн экен.

– Келемиштерге жакшы тузак экен, – деп белгиледи Фитсгиббон айым.

Фрисби айым эми көңүлүн кунт коюп укту. Уйку сураган Ажыдаар жерде керилип жатты.

– Коё тургула. – деди Фитсгиббон мырза. – Бу башталышы. Жергиликтүү жумалык бир гезит бу жөнүндө укса керек. Угуп алып аякка бир кабарчысын жөнөтүптүр.

– Фред Смитти, – деди Фитсгиббон айым.

– Ооба. Фред бу тууралу «ДӨӨТТӨШКӨН КЕЛЕМИШТЕР ДӨӨТҮ ДҮКӨНҮНӨ ЧАБУУЛ САЛДЫ» деген ат менен чакан макала жазыптыр. Ушу сыяктуу бирдеме. Анан ошо макала күткөнүнөн да көп кызыгуу туудурду. Ишенесиңерби-ишенбейсиңерби, бирок борбордогу өкмөт бу окуяга кызыгып калыптыр. Алар саламаттыкты сактоо кызматынан бир топ кишилерди бир жүк ташуучу унаадагы шаймандары менен жөнөтүптүр.

– Болбогон жети келемиш үчүнбү? – деп сурады Билли. – Алар унааны бизге жөнөтүшү керек эле. Бизде келемиштер көбүрөөк.

– Мен ошентип эле айттым, – деп улантты Фитсгиббон мырза. – Анан эмне болду дебейсиңерби? Алар келген атат. Албетте, мен тамашаладым, бирок топтун башчысы муну тамаша катары көргөн жок. Анын фермабыз каерде экенин билгиси келди, канчалык алыста, жердин аянты канча, биз эмнени өстүрөбүз, аерде болжолу менен канча келемиш бар. Ал өтө кызыгып калды. Алар Хендерсондун өлүк келемиштерин көрмөк болушту, бирок көралбады. Келемиштерди тигил шаардын таштандыларына жөнөтүп жибериптир, аларды ошоерден өрттөп салышыптыр.

– Мындайды эч укпаптырмын, – деди Фитсгиббон айым. – Бир нече өлүк келемиш үчүн ушунча ызы-чуу салганын.

– Мен уккам, – деди Пол. – Мелдешелиби, эми алар эмне кылаарын мен билем.

– Эмне?

– Алар келемиштерди кутурган деп ойлойт. Ызы-чуудан коркуп алар мындайды угузбайт.

– Кутурган дегени эмнеси? -деп сурады Билли.

– Ал оору, – деди Фитсгиббон мырза. – Аябай жаман, айбанаттар таратат. Билесиңби, Пол, менимче, сеники туура болуш керек. Саламаттыкты сактоо кызматы анда биерде эмнеге жүргөнү түшүнүктүү. Эпидемиялык текшерүү. Эмне болсо да алар тегеректеги келемиштерди текшерип алалы деп атат.

– Бир нече жыл мурун бардыгы иттерин камаганы эсиңдеби? – деп кобуранды Пол. – Ал эми айрым адамдар жолуккан эле иттерди ата берген. Ошондуктан алар толук ишенмейин, бүт сыр бойдон калат.

– Дагы бирдеме. Мал дарыгерлиги коллежинде бизге эгер мал кызыктай бир кыймылдаса, бу кутургандын белгиси деп үйрөткөн. Анан электр зымын чайнаганы өтө таңгалычтуу да.

– Алар эмне, башка келемиштерге дагы жуккан дейби? – Фитсгиббон айым толкундангансып кетти.

– Ошондой го дейм, – деди Фитсгиббон мырзы. – Бирок алар кутуруу жөнүндө кеп кылган эмес.

– Алар качан келишет?

– Бүрсүгүнү, базар күнү эртең менен. Алардын башкы дарыгери, жанагы ким эле, эртең шаардагы бирдемени текшерип көрүш керек деди. Алар жүк ташуучу, жан кыюучу унаасы менен келет, менимче, ис газ менен болсо керек.

– Мен аларга каерден издөө керегин айтып бералам, – деди Пол.

– Мен деле, – деп кошулду Билли. – Розанын түбүндө.

– Туптуура, – деди Фитсгиббон мырза. – Чынында алардын ошо түптү казып салгысы келет болушу керек. Аны мен трактор менен эле кылып коём.

– Гүлүмүн түбүнбү? – деп кыйкырып жиберди Фитсгиббон айым. – Анткенге колу барбайт!

– Буга башкача карап көрсөң, – деди ага күйөөсү. – Биз баары-бир ушу келемиштерден кутулушубуз керек. Мен муну мурунтан чечип койгом: алар өтө эле көп тамакты уурдап атышат, үрөндү, мисалы, уламдан-улам көбүрөөк уурдашат. Эгер мен адистен ушуну сурансам, ал болгону эки жүз доллардай сурайт. Эгер өкмөт муну бекер кыла турган болсо, анда эмнеге кылдырбайбыз?

– Неме, – деп кобуранды Фитсгиббон айым. – Анда сен мага розалардын жаңы түбүн сатып бергенге акча коротушуң керек болот.

– Мен дал ушуну ойлонгом, – деп жарыялады Фитсгиббон жылмайып. – Мүмкүн, лилиядан да бир нече түп алып коёлу.

Фитсгиббон айым дайыма лилияны эңсечи, алар анын сүйүктүү гүлү болчу.

Фрисби айым адамдардын кутурган келемиштерди издей турганына ишенбеди. Ал Фитсгиббон мырзанын «жанагы ким эле» деген дарыгердин атын айтуусун күтүп калды. Анын капастан качуусуна эми дагы бир омоктуу себеп табылды. Ал Никодемусту барып эскертип коюшу зарыл.

Ажыдаар алооканадагы жерде уктап жатты.



# КАЧУУ

Алооканадагы саат онду көрсөткөндө Фитсгиббондор уктаганы кетти. Ажыдаарды эшикке кууп чыгышты, каалгаларды жаап, жарыкты өчүрүштү. Мышыкты эшикке чыгаруу үчүн Билли көп аракеттенди. Ал каалганы ачты.

– Бол, Ажыдаар. Эшикке чык.

Ал болсо турбайт

– Мындай жалкоо мышыкты өмүрүмдө көргөн эмесмин. Күндөн-күнгө бузулуп баратат.

Акырында уйкусурап күңкүлдөгөн Ажыдаарды арткы эшикке алып чыгып коюшту. Ал зорго көзүн ачты.

Ошол маалга караңгы кирип калган. Фрисби айым тигилердин чын эле кеткенин билиш үчүн бир пас күтүп турду; чычкандын көзү караңгыга көнгөндө ал капастын зымдарын айырмалатты. Тикесинен, тегиз, ширеңкенин талынан жоон эмес; ага жабышып чыгуу татаал, сыйгалак, бирок бирде оңго, бирде солго жылып, зымдарга асыла берди.

Каалгасына жетип аны көтөрмөк болду. Бир көргөндө эле ал эч майнап чыкпай турганын түшүндү. Каалга бекем жана оор экен,

катуурак басыш үчүн ал каалгага да, капаска да жакшылап илине албай койду. Ошентсе да Фрисби айым бирде каалганын ортосунан, бирде бир бурчунан, бирде экинчи бурчунан тырышып тарткылап отуруп, күчүнүн жетишинче аракеттене берди. Бир жарым сааттан кийин ал бир оокамга өзүнүн жеңилгенин түшүндү, анан капастын түбүнө түшүп барды. Тырышканынан денеси бүт титиреп, ошол жерде ойлонуп отурду.

Анын чыгышы керек. Балдары караңгы үйдө биринчи жолу жалгыз калат. Мартин менен Тереза өздөрү аябай корккону менен кичүүлөрүн сооротконго аракет кылат дечи. Алар эмне деп ойлойт? Аларга Ажыдаар менен дары жөнүндө эч нерсе айтпагандан кийин, албетте, балдары аны кандайдыр бир себептер менен келемиштерде калды деп ойлошот.

Бирок жакында саат он бир болот (чычкан караңгыда саатты деле көргөн жок), ошондо келемиштер анын тамын көчүргөнү барат. Анын алооканадан кайтпай калганын билип, алар келет болду бекен? Фрисби айым тигилерди оң жагынан чечет болушу керек деп үмүттөндү, ошондо Жастин алар менен чогуу барып, балдары менен сүйлөшүп, коркпогула дейт.

Ал эч шек санаган жок: албетте, келемиштер анын тамын көчүрөт. Өздөрү Жобону аткарып башка жакка көчүп жатканда алардын бул иши өзгөчө боорукерлик эле. Келемиштер убакыттын канчалык аз калганын, жаңы дагы коркунуч бар экенин да билбейт. Аларга айтып коюу үчүн ал чыга алса кана, ошондо келемиштер, балким, аман калмак.

Алардын жобосу жакшы жана күчтүү деп ойлоду ал. Адамдан башка да акылдуу жаныбарлар дүйнөдө биринчи жолу өз маданиятын жаратып жатат. Аларга мүмкүнчүлүк берүү керек. Эң акырында аларды өлтүрүп коюуга да болбойт. Кармаганга да болбойт. Мүмкүн, тигил келе турган адамдар МОУИ менен кандайдыр бир байланыштадыр? Же Пол айткандай, алар жалаң гана кутуруу жөнүндө кабатырбы? Ушул чындыкка жакын окшойт. Бирок чынында эч кандай айырмасы

жок. Натыйжасы бир болот да. Бир күндөн кийин бул жерге ис жыттанган жүк ташуучу унаа келет да, ошону менен тигилердин жобосу бүтөт. Эгер аларды бирөө эле эскертип койбосо. Чычкан чарчаңкы кыймылдап дубалга чыкты да, каалганы дагы ачып көрдү.

Ал бир шарпаны угуп калды.

Алооканада, дал капастын жанында, шалчанын астындагы кимдир бирөөнүн жай кадамдары экен.

– Канаты жок кандай куш?

Жастиндин үнү угулду, ал күлүп жатыптыр.

– Жастин!

– Мен сизди үйгө баргысы келеби деп ойлодум. Балдарыңыз сиз жөнүндө сурап атат.

– Алар аманбы?

– Бардыгы жакшы. Алар кабатырланышты, бирок мен сизди таап келем дедим. Алар мага ишенди окшойт.

– Бирок сен мени кайдан билдиң?

– Сиздин ушуерде экениңиздиби? Мен сизди так жабандын астынан күтүп турганымы унуттуңузбу, мен бүт баарын уктум. Биллинин денесин тешкилеп салгым келди деңиз, бирок сиз капаста аман экениңизди угуп мен балдарыңызга барып, баары жакшы, болгону апаңар кечирээк келет деп айттым. Эмне болгонун айтып отурган жокмун. Эми келиңиз сизди чыгаралы.

– Мен аракет кылдым, бирок эшикти ачалбадым.

– Аны өзүм ырастайм. Мен биртике аспаптарды, ууру аспаптарды деп коёюнчу, баштыгыма сала келдим. Текче менен чыгалбайм. Ал өтө жылмакай экен. Пардалар аркылуу чыгып көрөйүн.

Бир пастан кийин Жастин пардалар аркылуу бир кадамдай чыкты, Фрисби айым анын капасты силкилдетип, үстүнө түшкөнүн угуп калды. Ызы-чуу анчалык эмес болчу, бирок тепкич тараптан буттун баскандары угулбайбы деп экөө тең тыңшап калды. Бардыгы тынч.

– Эми каалганы көрөйүнчү, – Жастин оңой эле капастын бир тарабына түшүп барды.

– Ии, эми ачат болушуңуз керек.

– Ачам, – каалганы карап көрүп жооп берди Жастин. – Оңой эле. Бирок антип кереги жок го деп ойлойм.

– Эмнеге?

– Анткени сиздин колуңуздан келбейт, – деди Жастин. – алар аны билет. Ошондуктан шек туудурбас үчүн биз аны өзү ачыла турган кылабыз. Мен ойлогондой эле, каалганын ашык-машыгы жок экен.

Ал баштыгынан кичинекей темир таякчаны алып чыкты да, эч токтобостон иштей баштады.

– Жөн эле майда зым шакекчелер экен. Майда-чуйда саткан дүкөндүн сапатсыздыгы да. Арзан, сына берет. Алар дайыма майдаланып кетет.

Муну айтып бүтөөрү менен шакекченин бири сынып кетти, каалга кыйшайып, бир учу менен гана илинип калды.

– Мына, көрдүңүзбү? Эгерде алар сизди сынык капаска камабаганда, сиз кача албайт болчусуз. Чыга бериңиз.

Фрисби айым чыгып, капастын үстүндөгү Жастиндин жанына туруп калды.

– Эми болсо, – деди тигил. – Биз биерден чырпыкка жабышкансып түшөбүз. Сиз өзүңүз келген жол менен жабандын астындагы тешиктен кетип каласыз. Мен өзүм келген жол менен тамдын башына чыгам. Сизди сырттан тосуп алам.

– Жастин, – деп кобуранды Фрисби айым. – Мен сага бирдемени айтып беришим керек, бирдекени уктум...

– Чыккандан кийин айтасыз, – деди Жастин. – Шашуу керек. Билесизби, кышыңызды ташуу боюнча бир аз кыйынчылыктар болуп калды.

Ал алдыңкы эшикке акырын чуркап барып жоголуп кетти, ал жакта тамдын башына алып баруучу тепкичтин эки бурулушу бар болчу.

Фрисби айым жабандын астына кирип, капкараңгыда чакан тешикти издей баштады, акырында анын буту ошол жакка түшүп кетти. Чычкан түштү. Пайдубалдагы төрт чарчы тешикти табуу оңоюраак болчу, айдын жарыгында ал анын алдына кубарыңкы нурун төгүп турду.

Тордун четинен ал чыга калганда Жастин аны күтүп жатыптыр. Түн жылуу экен, чарбанын үстүндө ай калкып турууптур.

– Эми болсо, – деди Жастин. – Мага эмнени айтайын дедиңиз эле?

Жастин сүрдүү сүйлөдү, ал тигинин үнүндөгү талапты түшүндү. Эшикти айланып өтүп алар бакты карай шашылышты. Ал жакта айдын жарыгында кара дөбө болуп Ажыдаар жатыптыр, бүгүн анын эч кимге коркунучу жок эле.

– Силерди ууландырыш үчүн жан кыюучулардын тобу келет экен.

Фрисби айым мүмкүн болушунча кыскараак кылып Фитсгиббондордун дасторкон алдында сүйлөшкөндөрүн айтып берди.

– Жети келемиш, – деди Жастин. – Кутурган. Мүмкүн. Бирок, эмнеге болсо да мелдешем, ал – Женнер болчу. Адамдар качан келет?

– Бүрсүгүнү.

Аны таңгалдырып Жастин токтой калды. Ал Фрисби айымга ыраазылык менен карап:

– Билесизби, – деди, – Сизди биринчи жолу көргөндө эле бизге ийгилик апкеле турганыңызды билгем.

– Ийгилик? – берки таңыркады.

– Албетте, бу кабарлар жакшы эмес. Чынында эле ошондой. Биз тезинен жобону өзгөртүшүбүз керек. Бирок, эгерде сиз тигилердин сөзүн угуп калбаганда, баары мындан да жаман болмок деп ойлойм. Биздин айлабыз кетмек.

Алар бакка келишти.

– Никодемус ушуердеби?

– Жок. Бир пастан кийин мен барып, ага баарын айтып берем. Бирок тамды көчүрүш үчүн ириде бизге сиздин жардамыңыз керек.

– Менин жардамым? Бирок мен эмне кылалам?

– Сиз өзүңүздүн коңшуңуз менен сүйлөшүп көрсөңүз. Ал бизди силердин кышыңарды уурдап атат деди окшойт. Ал Артурдун бутун тиштеп алды.

Бактын ортосундагы чоң таштын бир учунда он келемиш күрөк эмес эле, чай кашыкка окшогон шаймандары менен ылдам казып жатышты, алар ушунчалык терең казгандыктан чуңкурга бүтүндөй эле бир там батып кетмек болчу.

Бирок экинчи тараптагы абал айласыз болуп турду.

Ал жакта дагы он келемиш тегеректин жарымысы болуп алыптыр. Алардын артында шаймандардын түркүнү жатат: кызыктуу темирлер, курамалар, шатыга окшоп жыгачтан курулган такталар, дөңгөчкө окшош башка жыгачтар. Бирок келемиштер менен Фрисби айымдын тамынын алдыңкы эшигинин тушунда бир кибиреген тайманбас сөлөкөт турат. Тигиге караганда дөө көрүнгөн келемиштер андан кыйла алыста жүрөт.

– Кокуй! – деп кыйкырып жиберди Фрисби айым. – Бу жер казгыч го!

– Ооба, – деп жооп кайтарды Жастин. – Бу өтө ашынып атат.

Келемиштердин бирөө сүйлөп жатыптыр. Фрисби айым Артурду тааный койду.

– ...бирок мен сизге айтпадымбы, айым, бизге чынында эле Фрисби айым уруксат берген. Ал тамын көчүрүп бергиле деген. Балдарынан сураңыз. Чакыргылачы аларды.

– Аны мага айтпагыла. Фрисби айымды эмне кылдыңар? Балдары укпаганы жакшы болбодубу. Алардын жүрөгү түшүп калмак экен. Эгерде Фрисби айым тамын көчүрө турган болгондо, ал өзү ушуерде турмак.

– Баары жайында, – деп чыга калды Фрисби айым. – Мен биердемин.

– Фрисби айым! – деди жер казгыч. – Сиз ырас убагында келбедиңизби. Мен ызы-чууну угуп чыга калсам, бу жырткычтар сиздин тамыңызды казып атышыптыр.

– Мен буга түшүндүрөйүн десем, мага эч ишенбейт, – деп кобуранды Артур.

– Ишенбейм дагы, – деди жер казгыч. – Сизди бу тамымды казып бер деген дейт. Каргыш тийгир уурулар!

– Булардыкы чын, – деди Фрисби айым. – Мен чын эле булардан ошентип сурангам, булар жардам бермек болушту. Алар тарабынан жакшы эле болду.

– Жакшы? – деп таңгалды жер казгыч. – Оңбогон ачкүзөндөр. Сиздин айтканыңыздын сыры эмнеде?

Фрисби айым тигини дагы бир топко чейин көндүрдү эле, жер казгыч жактырбай нары басып кетип, бир нерсе деп кобуранды:

– Мен буларга ишенбейт элем. Алар убадасын аткарабы кайдан билесиз?

Аны Фрисби айым ага түшүндүрө алган жок.

Келемиштер Фрисби айымдын кышынын үстү менен капталдарындагы жерди эми тез чукуй баштады. Жастин:

– Мен барып Никодемус менен сүйлөшүп келейин. Сиз балдарыңызды сыртка чыгара бериңиз.– деди.

Фрисби айым үйүнө шашты.

Ал балдарын коноктор бөлмөсүнөн тапты, тигилер эшиктеги окуя тууралу укпаптыр деле. Жастин айткандай эле, балдары бейкапар экен.

– Башында биз коркконбуз, – деди Тереза. – Бирок бизге анан бир келемиш келди. Ал биздикине кире алган жок, бирок бизди чакырды, ошондо Мартин экөөбүз чыктык. Ал аты Жастин экенин айтты. Сиз ага жолуккан жоксузбу? Ал өтө сылык экен.

– Жолуктум, – деди Фрисби айым. – Азыр биз эшикке чыгышыбыз керек. Тигилер тамды көчүргөнгө даяр.

– Мен даярмын, – деди Тимоти. – Мен бөкөчөдөй чүмкөнүп алдым.

Мартин менен Тереза төшөктүн үстүндөгү жылуу жууркanды алып, аны ороп салыптыр. Фрисби айым караңгыда аны көргөн эмес, бирок колун ага тийгизгенде тигилер башына калпак сыяктуу бир нерсени байлап салганын көрдү.

– Жакшы, – деди ал. – Жолубуз бар экен, күн жылуу, жаан жок.

Алар кичинекей тешик менен бакка чыгышты да, айдын жарыгында болуп жаткан окуяны чет жактагы дөңдөн карап турушту. Келемиштер жаңы аңды казып бүттү, эми болсо жыйырмасы тең тамдын жанында иштеп жатышты. Көрүнүш укмуштай болчу.

Кыштын үстү менен капталдары топурактан тазаланып бүткөндөн кийин толугу менен көрүнүп, келемиштер аспаптарына кайтты. Артурдун жетекчилиги астында шатыга окшош жыгач курамалары тосун болуп калды, кыштын төрт бурчунда төрт мунара. Алардын үстүнө келемиштер жеңил, бирок бекем темирлерди карматты, Оюнчук Чайкагычтын чүмбөтүнөн болсо керек, деп ойлоду Фрисби айым.

Ошол темирлерге тигилер курамаларды илип, бекем, ничке зымдар менен карматып салыптыр да, учтарына кайырмак тагып коюптур. Кайырмактарды сүйрү кыштын тешиктеринен өткөрүп, анан катуу бууп ташташты. Ар бир боону бештен күчтүү келемиш кармап турду. Алардын арасындагы эң чоңу Фрисби айымды байкады, ал досу Брутус эле.

– Көтөргүлө! – деп кыйкырды Артур.

Келемиштер зымды тартышты, кыш бир карышка көтөрүлдү. Ар бир келемиш өз жолун таптап салды.

– Көтөргүлө!

Дагы бир азга көтөрүлдү.

Оор кыш акырындап аңдан чыга берди да жер үстүнөн бир карыштан ашык асылып туруп калды.

– Абайлагыла, – деди Артур. – Чыгырыктарды алгыла.

Сегиз келемиш, ар бир топтон экиден тегерек жыгачтарга чуркап барышты, аларды Фрисби айым мурда эле байкаган; алар шыпыргынын жонуп жасалган сабына окшош эле, ар бир чыгырык узундугу бир карыштан ашык болчу.

Бир чыгырыкка экиден келемиш асылып, төрт жумуру темирди терезенин алкактарындай кылып кыштын алдына туурасынан койду.

– Түшүргүлө, – деп буйрук кылды Артур, ошондо кыш чыгырыктарга татынакай болуп отуруп калды. – Кантип жылат экен, көрөлү.

Келемиштер курамалардан жиптерди чечип, анын экөөнү кыштын алдына байлады. Эми ар бир жипти тогуздан келемиш тартты; экөө артында чыгырыкты карап келе жатышты.

– Тарткыла!

Чыгырыктар буралды, ошондо оор кыш дөңгөлөкчөн унаага окшоп жаңы аңды карай оңой эле алдыга жылып кетти. Ал акыркы чыгырыктан биротоло жылып бүткөн соң бир пастан кийин эки келемиш чыгырыкты артынан көтөрүп келип, кыштын алды жагына коюп жатышты.

Эшек секирмей оюнундай экен, деп ойлоду Фрисби айым. Бирок оюн жакшы даярдалган экен; келемиштер бардыгын жакшы ойлонушуптур; алар эмне кылып жатканын так билип, ар бир кыймылы эсептелүү, күчүн бекер коротпой жатышты.

Бир пастан кийин биринчи чыгырык жаңы аңга жакындады; анан экинчиси, акырында үчүнчү менен төртүнчүсү. Кышты тең салмактуу кылып, ордуна жеткиришти; аң дал өзүндөй көлөмдө экен. Келемиштер атүгүл аштымканага бир бурчунан жаңы эшик казып, эки бөлмөнү кошкон кичинекей тешик кылып коюшуптур.

Тосун менен курамаларды кайра ордуна коюп, башка иретте көтөрүп жана түшүрүштү; чыгырыктарды алып койду эле, кыш акырындан өзүнүн жаңы тамына түшүп калды.

– Бүттү! – деп кыйкырды Фрисби айым.

Сүйүнгөнүнөн анын кол чапкысы келди.

– Толук бүтө элек, – деди анын аркасынан Артур, анан калган келемиштерге кайрылды. – Күрөк менен баштыктарды апкелгиле.

Тигилерди эс алгыла деп, ал Фрисби айымга түшүндүрдү:

– Биз аны чым менен каптап коёлу дедик, анан эски аңды жаңы аңдан чыккан топурак менен толтурабыз, антпесе Фитсгиббон багын ким казды деп кызыгып жүрбөсүн. Ошондой эле биз силерге эшик казып беришибиз керек.

Кубанычынан Фрисби айым ушул майда нерсени унутуп коюптур. Ал үйгө кире албайт болчу. Эми Брутус жана Артур узун саптуу эки кичинекей, курч күрөк менен анын коноктор бөлмөсүнө кууш жол тешип жатканын ал суктануу менен карап турду. Анысы көп деле убакыт алган жок. Эски эшикти жасаш үчүн ал бир күн короткон болчу.

– Эми, – деди Артур. – Балдарды уктата бериңиз. Калганын биз камсыздайбыз.



# ЧОГУЛУШТА

Фрисби айым терең жана ширин уйкуда эле, анын өмүрүндөгү эң узак жана эң кыйын күн башынан өттү.

Эртең менен ал жылмайып турду. Анын үйүндө жылуу, анан акыры коопсуз болчу. Балдары жанында бейпил уктап жатат, Тимотинин деми жай, тегиз чыгат. Мындан ары алар үйдө каалашынча тура берсе болот. Бир аз кийинчерээк жаздын жылуу күнү Тимоти оңолуп, алар суунун боюндагы жайкы үйүнө көчүп алышат. Анын оюнча, дагы бир жакшы жаңылык: көчүп кеткенде ал кире турган тешикти жаап салат, ошондо аны эч ким таппайт; буурсун ага тийбей, алар күзгө кайтканда тамы даяр болот. Келемиштердин жардамы менен ал биротоло чычкандардын тамы болуп калат.

Келемиштер! Үргүлөп жатып ал унутуп калган турбайбы. Алар коркунучтуу абалда эмес беле. Эми эмне кылышат? Фрисби айым өзү барып, тигилерге жардамын сунуш кылышы керектигин түшүндү. Бирок кандай жардам? Кантип жардам берээрин ал таппай койду.

Ошол маалда ал үстүнөн бирөө чакырып жатканын укту.

– Фрисби айым.

Ал төшөгүнөн туруп, кире турган тешиктин астына барды.

– Ооба, бу мен? Сен кимсиң?

– Бу мен, Брутусмун. Чыгып коёсузбу?

Фрисби айым тешик менен өйдө барды да, эртең мененки күндүн нурунан көздөрүн жымшыйтып чыкты.

– Сизди биз менен баралабы деп Никодемус сурап атат. Чогулушу бар экен.

– Балдарды ойготуп, эскертип коёюн.

Бир пастан кийин ал Брутус менен кошо розанын түбүнө бара жатты.

– Никодемуска эмне керек экен?

– Жастин кечээ бизге адамдар жөнүндө айтып берди. Никодемус аларды МОУИден болсо керек дейт. Ал сизден Фитсгиббон мырза эмне деп айтканын тактап сураганы жатат.

Ошол таңы кароолдо эки келемиш турду: Фитсгиббондун үйүн аңдыган бирөө гүлдүн түбүндөгү кире бериште, экинчиси Брутус турган догоодо. Калганынын баары жыйын үчүн чоң бөлмөдө эле, аны Фрисби айым лифттен чыгып барганда көрдү. Никодемус, Жастин, Артур жана дагы эки келемиш чоң бөлмөнүн учундагы сахнада отурду. Башкалары ортосун гана ачык коюп, калган жерди бүт, бош жер калтырбай толтуруп, аларды тиктеп отурушту.

Фрисби айым эч качан мынчалык келемишти көргөн эмес. Жаштар дагы бар болчу, ал сахнаны килейген тоголок көздөрү менен тиктеп отурган Изабелланы көрдү. Кээ бир энелер балдарын колуна алып турат. Көпчүлүгү кабатыр өңдүү; айлана бүт дүмөктүү, бирок эч ким чыйпалактаган жок.

Брутус чычканды ортодогу ачык жер менен сахнага алып барды. Ал жакта, үстүндө кагаз жайнаган жозу турат, Фрисби айым үчүн бош орун таап, отургуч коюп беришти. Ал отургуча келемиштер тымтырс болуп күтүп турду.

Анан Никодемус өтө салтанаттуу сөз баштады:

– Жастин бизге бүт айтып берди. Фрисби айым, биздин жардамыбыз үчүн карыздан сиз, көрсө, толугу менен кутулуптурсуз. Бир кезде жубайыңызга окшоп сиз да бизди кырсыктан сактаптырсыз, өлүмдөнбү же туткунданбы, биз тагын али билбейбиз.

Жастин ага көзүн ымдап койду.

– Фрисби айым кечээ өзү да туткундун даамын татты го.

– Сиз бизге мүмкүн болушунча сөзмө-сөз Фитсгиббон мырзанын айткандарын баяндап бераласызбы? Келемиштер, дүкөндөгү адамдар жөнүндө?

– Эстешимче айтып берейин, – чоң бөлмөдө Фрисби айым ничке көрүндү. – Фитсгиббон мырза дөөтү дүкөнүндө кызыктай бир окуя болду деди, Хендерсондун дүкөнүндө деп тактады.

Ал бардыгын жакшы билет, Фитсгиббон мырзанын айтканын ал көңүлүн кунт коюп уккан, тигилердин сүйлөшкөнүн ал сөзмө-сөз эстей алат. Чычкан сүйлөп жатканда келемиштер тынч отурушту.

Анан Никодемус кайрадан сүйлөп, ага суроо берди:

– Сиз Фитсгиббон мырза алты-жети келемиш жөнүндө айтты дедиңиз. Канча экенин ал так айткан жокпу?

– Жок. Менимче, ал так санга анча деле маани берген жок.

– Женнердин тобунда жети келемиш бар болчу, – деди Жастин. – Бирок бу жөн эле окшоштук болушу да мүмкүн.

– Окуя болгон шаар канчалык алыста экенин айткан жокпу? Же ал шаарды атаган жокпу?

– Жок. Бирок анча деле алыс болбосо керек. Ал барып, кайра ошо күнү эле кайтып келди.

– Анын унаасы кеткенин бирөө-жарым көрдүбү? – деп сурады Никодемус калгандарынан.

– Аны мен уктум, – деди Брутус. – Мен кароолдо элем. Унаа түштөн кийин жөнөдү.

– Анан ал кечки тамакка келип калды. Кайсы багытта кетти? Эгер биз муну билсек, бирөө-жарымды жөнөтмөкпүз. Билесизби, – Никодемус Фрисби айымга түшүндүрө кетти. – Тиги кишилер ким экенин биз билишибиз керек. Эгерде алар МОУИден болсо, анда иш чатак.

– Колубуздан келбейт, – деди Артур. – Алтымыш-сексен чакырым ылдамдыкта ал каалаган багытына кетип, кайра ошо эле күнү кайтышы ыктымал. Картадан, – жозунун үстүндө карта жатты. – Сиздер тегеректе ондон ашык шаар бар экенин көрүп турасыңар. Анын ар биринде дөөтү дүкөнү бар.

– Албетте, сеники туура, – деди Никодемус. – Шаардын атын билбесең, баары бекер убара.

Ал Фрисби айымга кайрылды:

– Фитсгиббон мырза келемиштер алып кетели деп, кыймылдаткычтын жанына чогулуптур дедиби?

– Дүкөндүн ээси ага дал ушундай деди. Тиги өзү көргөн жок.

– Кыймылдаткыч болсо сайылган эмес.

– «Ал сайылган бойдон калган», – деп сөзүн кайталады Фрисби айым.

– Бирок ким сайганын биз билбейбиз.

– Бирок менин түшүнүгүмдө, – деди Фрисби айым. – Анын айтканы боюнча, дүкөндүн ээсинин өзү аны сайылган бойдон калтырыптыр. Бирок тагын билбейм.

– Аныңыз туура, – деди Артур. – Эгер ал Женнер болгондо, эгер алар өздөрү сайганда кыймылдаткычы түртпөй эле, ишин жакшыраак ойлонуштурмак. Алар билбесе керек да. Дүкөндүн ичи караңгы болчу да.

– Байкуш Женнер, – деди Никодемус. – Аттиң, биз менен кала берсе болмок экен.

– Биз байкуш болобуз, – деди жозунун жанында отурган келемиштердин бири (Фрисби айым анын атын билчи эмес), – Эгер биз айла таппасак.

– Ал дарыгердин атын айткан жокпу? – деп сурады Никодемус. – Анын кандай экени тууралу эчтеке деген жокпу?

– Жок.

– Ал чүмбөттү сүрөттөгөн жокпу?

– Жок. Болгону анын ичи ар кандай шаймандарга толо экен деди.

– Жергиликтүү гезитте «Дөөттөшкөн келемиштер дөөтү дүкөнүнө чабуул салды» дегени чынбы?

– Муну Фитсгиббон айтканы чын. Бирок ал гезитти көрдү беле, билбейм. Аны ал айткан жок.

– Кандайдыр бир деңгээлде бул окуянын эң табышмактуусу мына ушунда, – деди Никодемус.

– Эмнеге? – деп сурады Жастин.

– Анткени макаланын аты болгон окуяга туура келбейт. Кыймылдаткычтын жанынан табылгандыгы үчүн эле келемиштерди дөөттөшкөн деп атабайт да.

– Ошондой болушу мүмкүн, – деди бейтаныш келемиш. – Бирок гезитте эмнеге антип жазды экен?

– Кызык, – Никодемус ойлонуп калды. – Бу окуяда дагы бирдеме бар болду бекен? Тигилер чын эле кыймылдаткычты алып кетебиз дегенге же аны кандай колдоноорун билгенге бир олутту себеп керек эле да.

– Балким, башка кыймылдаткычтар уурдалгандыр, – Жастин ойлонуп калды. – Же бир шаймандар. Ошондо аларды дөөттөшкөн десе болмок.

– Чын эле, – деди Никодемус. – Ошондо дарыгер шаардагы текшерүүнү аякташы керек демек.

– Алар жоголгон буюмдарды издеп атышат, – деди Артур, бир маалда үнү дүмөктүү угулуп. – Алар Женнердин үйүн издешет. Анан тапса…

– Албетте, булар божомол дечи, – деди Никодемус. – Бирок ошондой болушу деле мүмкүн.

– Мунун арты жаман.

– Бу бизде башка айла жок дегенди билдирет, – деп улантты Никодемус. – Алар МОУИден экенин эсибизге алышыбыз керек. Ушу маалга алар Женнердин үйүн бир үңкүрдөн же жертөлөдөн таап алганын да эстей жүрөлү.

– Анан эми алар бизди издеши мүмкүн, – деди Артур.

– Эмнеге бизди? – деп сурады келемиштердин бирөө. – Эмнеге алар Женнер шериктери менен жалгыз болчу деп ойлобойт?

– Ойлошу мүмкүн, – деп мойнуна алды Никодемус. – Бирок мен антип ойлобойм. Алар башынан эле биздин жыйырма экенибизди билчи эмес беле, анан эмнеге жетөө калмак эле? Биз да алардын келатканын билебиз, шашып келатышат. Ошондуктан эгер алар МОУИден болсо, анда бизди издеп жүрүшөт.

– Биз бирдекени ойлоп табышыбыз керек дейм, – деди Артур.

– Ошондой, – деп колдоду аны Никодемус. – Бу өзгөчө абал, өтө чаташкан абал. Биз ойлогон нерсебиздин баарын кылалбайбыз. Убакыт жок. Тиги жан кыйгычтар келгенде аларга биз дөөттөшкөн келемиштер эмеспиз деп ынандырышыбыз керек.

– Биз Тикенектүү өрөөнгө көбүрөөк тамак-аш жеткире албай калабыз, – деп улантты Никодемус. – Биз апарганыбызга алымсынышыбыз керек, тактап айтканда, аныбыз болжолу менен он сегиз айга жетет. Үрөндү жеткирип койдук го деп ойлойм.

– Ооба, – деди Артур. – Акыркы үрөндү кечээ жеткирдик.

– Анда ишибиз оңунан чыкса биринчи түшүмдү жаз менен күздө алабыз.

– Биз болжогондой кыймылдаткыч, китеп же эмеректерди жок кылганга үлгүрбөй калабыз го. Анын ордуна биз баарын үңкүргө жеткиребиз. Анан эчтеке болбогондой кылып бүт эшиктерди жаап салабыз.

– Муну жасаса болот, – деди Артур.

– Дагы бирдеме бар: тешиктен бардык зым менен чырактарды алып коюш керек, тигилер аларды казып алышы мүмкүн. Килемди да. Дагы биз догоону бузушубуз керек. Анан баары аяктагандан кийин, бүт үңкүргө бекитилгенден

кийин биз шаты менен лифттин чуңкурун көмүп салабыз. Биз үстүңкү аштымкана менен алдыңкы жана арткы эшиктерге апарган тешиктерден башкасын бүт көмүшүбүз керек. Тигилер казганда ушу бөлмөнү гана таба тургандай болсун. Бу кадимки эле келемиштердин уясындай чоң бөлмө. Жастин, он эки келемиштен турган топту чогултуп, Фитсгиббондун акыр-чикирине баргыла. Аяктан тапканыңардын эң сасык акыр-чикирин апкелгиле. Аштымкана кадимки эле карапайым келемиштин уясы болуп калат, дөөттөшкөн эмес, маданиятташкан да эмес.

Никодемус Артур жакка бурулду:

– Сен кандай ойлойсуң?

– Биз мунун баарын кылалабыз го дейм. Бирок аз укташыбыз керек.

Жастин минтти:

– Дагы бирдеме бар. Эгер алар МОУИден болсо, карапайым ээн ууяны тапканда алар үчүн бу таңгалычтуу болбойбу?

Никодемус жооп айтты:

– Мен да ошо ойго келдим, – ал бир маалда чарчаңкы көрүндү. – Эртең таң атаары менен негизги бөлүгүбүз Тикенектүү өрөөнгө кетет. Бирок айрымдарыбыз калышыбыз керек. Жастин айткандай, эгер алар жөн эле ээн ууяны көрсө, алар чындап кызыгып, дагы каза башташат. Ошондуктан унаасы менен келгенде, алар биртике келемишти табышы керек. Оорук болот. Он чакты дейли.

Фрисби айым көлөкөгө жашынып, токойдун чети менен жай келе жатты.

Жастин дароо эле оорукка суранды. Артынан Брутус кошулду. андан кийин дагы сегизи, анан дагы элүү.

– Болду, жетишет, – деди Никодемус.

Изабелла ыйлап-сыктап чыга калды.

– Мен да калайынчы, – деп жалдырады ал, Жастинди үмүтсүз тиктеп.

– Балдардын кереги жок, – деди Никодемус, ошондо апасы тигини алып кетти. – Ушул он эр жүрөк өлүмгө да, кармалып калыш коркунучуна да учурабашы керек. Жан кыйгычтар сөзсүз ызы-чуу салат, өзгөчө розанын түбүн казганда. Келемиштер даяр турат. Адамдар уяга ис газды коё бергенде (ошондой күтүлүүдө), үйлөткүч да дарылдайт; аба дагы башкача боло калат. Муну сезгенден кийин келемиштер арткы эшиктен көмүлгөн үңкүрдү аралап катуу ызы-чуу менен карагаттын түбүнө чуркайт, жан кыйгычтарга көрүнүп коюп, анан токойго жоголуп кетишет.

– Бирок алар арткы эшикти тоспойбу?

– Же ага тор салып койбойбу?

– Биз аларга арткы эшикти тостурабыз, – деди Артур сүрдүүөң менен. – Оңой таба турганын.

– Апаке, эмнеге сиз тыптынчсыз? – деп сурады Тереза.

Алар биринчи жолу жаңы үйдө тамактанып отурушту.

– Сиз кайгылуу көрүнөсүз.

– Ошондоймун го, – деди Фрисби айым. – Анткени келемиштер кетип атат.

– Бирок бу кайгырууга себеп эмес да. Туура, алар тамыбызды көчүрүп келди, ал жакшылыгын унутпайбыз. Бирок биз аларды жакшы тааныбайбыз да.

– Мен аларды жакшылап тааныйын дегем.

– Алар каякка кетип баратышат? – деп сурады Синтиа.

– Биерден алыс, жаңы тамына.

– Качан?

– Эртең менен.

– Сиз алар менен коштошкону барасызбы?

– Барсам дейм.

– Бирок алар эмнеге көчүп баратышат?

– Анткени көчкүсү келет, – деп жооп берди Фрисби айым.

Качандыр бир кезде ал балдарына окуяны бүт айтып берет. Бирок бүгүн эмес.



# ДАРЫГЕР

Эртең менен Фитсгиббон мырза чоң тракторун, баягы күркөдө турчу, күзкүсүн түшүм терген килейген тракторун от алдырды. Пол жана Биллинин жардамы менен ал алдына бульдозердун апчымай чөмүчүн карматты да, тракторду күркөнүн дарбазасынан чыгарып, розанын түбүнө токтотту.

– Тигилердин келгенин күтөлү, – деди ал, кыймылдаткычын өчүрүп.

Фрисби айым аны карай албай турду, ошентсе да ал карабай да коё албады. Эс нерсе кыла албастыгын, эч нерсени оңдой албастыгын ал билчи. Бирок Жастин менен Брутус коштогон он келемиш жердин астында таймандай турганын билип ал үйүндө кантип отурмак эле? Отура алган жок.

Ириде ал бурчтагы мамыдагы өзүнүн көзөмөл ордун эстеди. Бирок андан айныды. Розанын түбүнө жакын токойдун четинде ачуу жаңгак өсчү, анын быдыракай кабыгы шатыга окшоп, чычканды чыгууга чакырып жаткансыды. Фрисби айым жерден үч-төрт кадам бийиктиктеги бутактан байкоочу ордун ээледи, ошол жерден ал роза түбүн эле эмес, токойду, келемиштердин уясынын арт-

кы эшиги деп болжогон карагаттын түбүн да көрмөк. Фрисби айым ыңгайлуу жерде күтүп отурду. Таң салкын эле, нымдуу шамал согуп, токойдун кырын боз туман каптап турду.

Кийинчерээк жолдо ак төрт чарчы чүмбөт көрүндү. Ириде ал тамга жакын барды. Чүмбөттөн ак кийимчен бир киши чыкты да, Фитсгиббондун каалгасын каккылады; Фрисби айым такылдакты же Фитсгиббон айым эшикке чыгып эмне деп айтканын уга тургандай эмес алыс болчу. Бирок бир пастан кийин Билли иштеп жаткан Фитсгиббон мырзага тамдан кампаны карай чуркады. Берки киши чүмбөтүнө кайтып келди да, кабинанын ачык эшигинин жанында күтүп турду. Алдыңкы орундукта дагы киши бар экенин, анын бирөөсүнүн мүйүз алкактуу көз айнеги бар экенин чычкан машиненин айнегинен көрүп турду.

Эми Фитсгиббон мырза жүк ташуучу унаага басып барды, Билли анын жанында кыйшалаңдап турду, толкундап жатса керек. Фрисби айым укпаган сүйлөшүү розанын түбүнө кол жаңсоо жана өчүрүлгөн трактордун сөлөкөтү менен коштолуп турду. Ак кийимчен киши кайра ордуна барып отуруп, чүмбөттү чөптүн үстүнөн айдап жөнөдү. Ал бульдозерин артка берип, розанын түбүнө үч-төрт кадам калганда токтотту. Фрисби айым аны карады. Трактордо бир нерсе жазылган болсо да, ал чычкан көрбөй турган наркы бетинде окшойт. Үчөө тең чыкты, ошондо ал тигилердин кебин укту.

– Ооба, бу чынында эле чоң экен, – деди кишилердин бири. – Бу тикендерин карагылачы. Келемиш мунун ичине кантип киргенин элестетиш да кыйын.

Мүйүз алкактуу көз айнекчен гүлдүн түбүн бир айланып өттү да, аны кылдат карап чыкты. Анан ал эңкейди.

– Бери карагылачы, – деди ал. – Мына эшик, ал аябай тыкан бекитилген экен. Анан карасаңар, кичинекей жол көрүнөт.

Ал Билли менен кошо аларга жакындаган Фитсгиббон мырзаны көздөй бурулду.

– Сиздин айтканыңыз туура. Сиз муну чукушуңуз керек. Биз буга бир күн кечке коротмокпуз. Бирок колуңуздан келсе, муну жердин үстүнөн кесип алыңыз. Эгер өтө терең казып жиберип, уяны бузсаңыз, анда алар качып кетет.

Анан ал кошумчалады.

– Уулуңуз алысыраак турса жакшы болмок. Биз ис газды колдонобуз, ал зыяндуу.

Бир аз каршы болгон Биллини арткы эшик жакка жөнөтүштү, ал жерде Фитсгиббон айым да карап турган.

Кишилердин бирөө түптүн алыскы тарабына Фрисби айымдын көзөмөл ордуна жакын келди.

– Дарыгер, – деп чакырды ал. – Мына, дагы бир түп бар экен, анда да уя турат.

«Дарыгер» дегени баягы Кимбилет дарыгер го», – деп ойлоду Фрисби айым. Ал жетекчиси болчу.

– Ага жете аласызбы? – деп сурады ал.

– Билбейм. Тикенеги өтө көп экен

Дарыгер жакын келип, эшикти карады.

– Жок, – деди ал. – Эмнеси болсо да, бу жашыруун эшик. Негизги эшикти биз түптүн ортосунан табабыз.

Ал тракторуна отурган Фитсгиббон мырза тарапка бурулду.

– Макул, – деди дарыгер. – Күркө тараптан ушуерди каза аласызбы?

Фитсгиббон мырза башын ийкеди, кыймылдаткыч күрүлдөп от алды. Тигил тарткычын жулкуду эле, апчыма чөмүчү көтөрүлүп, анан түбү жерге тийе турган болуп төмөндөдү. Чөмүчтүн узундугу эки кулачтай болчу. Тигил экинчи тарткычын жулкту: чоң каптамалуу, терезедей бийик дөңгөлөктөрү айланып, чөмүч алдыга умтулду.

Түп бүгөлө түштү, кыжырланып каршылык көрсөттү да, ырайымсыз болоттун алдында кычырап сынып кетти. Бир сапырганда түптүн үчтөн бир бөлүгү, тикенектери чырмалган тутам калган бөлүгүнөн алты-жети кадам алыстыкта жатты. Дөңгөлөктүн астындагы жер титиреп, Фрисби айым анын ал-

дындагы он келемиштен турган топту эстей кетти. Балким, салмактын астындагы топурак түшүп кетип, аштымкананы толтурганда, тигилер тузакка түшкөндөй кыпчылып калгандыр. Дагы бир сапырды, анан дагы. Түп турган жерде эми анын тикенектүү калдыктары эле жатты. Эшиктин алдында турган Фитсгиббон айым бетин колу менен жаба калды, ал эми Билли сүйүнүп кыйкырып жиберди.

Эки уя ачык көрүнүп турду: келемиштердин карапайым тегерек уялары. Чакан дөбө менен татынакай догоо кире беріштин изи дагы калган жок. Артур ишин кылдат аткарган экен. Фрисби айым экинчи уя тууралуу бир аз кабатырланды. Бирок анан тигинин: «Биз аларга жабууга арткы эшикти калтырабыз», – деген сөздөрүн эстей койду. Албетте! Келемиштер дагы бир жалган уяны казып койгон болушу керек, анысы эч жакка алып барбайт.

Ак кийимчен кишилер ишин баштады. Алар чүмбөттүн арткы эшигин ачып, андан узун ийилчек куурду алышты. Анысы өрт өчүргүч түтүккө окшош эле, болгону уч жагына кийгизгени эки бөлүнгөн жумшак топтой чоң айланткыч эле. Бир киши айнек көздүү, тумшугунан жонундагы кутуга кетүүчү түтүгү бар бет капти кийди. Ууланбас үчүн бет кап.

Бет капчан киши келемиштин уясын толугу менен жаап, куурду ортосуна алып барды.

Чүмбөттүн арт жагындагы экөө бир кулачтай эндүү жыгачтан куту менен зымдарды алып, аны менен экинчи уяны жапты. Анысы калдыктар менен акырын карматылган каалгалуу капас экен. Тигилер каалганын ачык бөлүгүн жердеги тешикке теңеп көтөрүп койду. Анан алар артка жылды, бирөө келемиштер ичине кире качканда каалганы чаптыра турган жипти кармап турду.

– Бүт даярбы? – деп сурады дарыгер бет капчан кишиден.

Бет капчан башын ийкеди.

– Эми качып тургула, – деп буйрук кылды дарыгер Фитсгиббон мырзага, тигил бардыгын тракторунан чыгып бай-

кап турган. Дарыгер чүмбөткө келип ичине кирди да, иштеткичти бурады. Фрисби айым үйлөткүчтүн акырын күүлдөгөнүн укту.

Ошентип...

Чычкан бурулуп, токойдогу карагаттардын түптөрүн карады. Тигилер үйлөткүчтүн үнүн угабы? Алар каерде? Чыгып кетишкен болсо экен? Бир нече убакыт өттү. Ак кийимчен кишилер тузакты карап турду. Эч кыймыл жок.

Ал анан түптүн артында жарымысын туман каптап бозала бир келемиш кулактарынан топуракты күбүп жатканын көрдү. Дагы бирөө. Анан дагы үчөө. Алар тынч күтүп отурушту. Дагы көбүрөөк. Канча? Онбу? Жети. Болгону жети. Үчөө кана? Алар дагы күтүп турду.

Андан кийин буйрук алгансып тигилер күтпөй калды. Алар чуркап жөнөштү. Жетөө тең, бирок токойго, коопсуз жерге эмес, тескерисинче, токойдон түптү карай, адамдарга. Түптүн четине барып, алар алагды болгонсуп токтой калышты, анан солго чуркашты, оңго жүгүрүштү, анан эле кайра токойду карай умтулушту. Эми кишилер аларды көргөн жок, Фрисби айым гана көрүп турду. Бир маалда тигилер карагаттын артынан башкача топтолушту да, кайрадан көрүнүштү, болгону майда топ менен: ириде экөө, кийин үчөө, анан кайра экөө. Чычкан келемиштердин эмне кылып жатканын түшүндү. Алар дегеле алдасташпаптыр, ал жетөө жыйырма же кырк, тынымсыз агым болуп көп көрүнөлү дешиптир. Туманда, улам бурулуштарда, чуркоодо, бекинүүдө ал тигилерди тааныйбы же жокпу түшүнө албай койду.

Кишилер кыйкырып жатты:

– Карагыла!

– Алар жоон топ экен!

– Алар кантип чыкты?

– Торлорду кармагыла!

Дарыгер үйлөткүчтү өчүрдү, түтүгү бар киши газдан сактагыч бет кабын чечип алды. Келемиштердин жаңы агымы

токойдун чети менен качкан маалда үчөө чүмбөткө чуркап барып, узун саптуу торлорду колдоруна ала коюшту.

Бирок Фрисби айым бутакта отуруп карагаттын түбүн карады. Ал башкалар, анын ичинде келемиштер да байкабаган нерсени көрдү. Сегизинчи келемиш чуркап чыкты. Ал жүгүрүп бара жатып, анан чалынып жыгылды, кайра тура калып чуркады, бирок бул жолу улам оңго тарта жай жүрдү. Ал кайсыл жакка кетээрин билбегенсиди. Токойдун эч ким барбаган четине жетип ал биротоло көздөн кайым болгон, анан бир маалда эле капталынан кулап түшүп, тымтырс болуп калды.

Ошол кезде берки үчөө тең торун ылдый кармап түпкө, жайнаган келемиштерге чуркап барды. Алар топко жакындаганда, тигилер жок болуп кетишти; келемиштер өз максатын аткарып коюп, туман баскан токойдо туш тарапка чачырап кетти да, бул жолу алар кайра көрүнгөн жок. Фрисби айым тигилердин бардыгы токойдун четинде, тоого чыгып, жоголуп бара жатканын карап турду. Арттагылар Тикенектүү өрөөнгө бурулуп жоголуп кетишти.

Бирок сегизинчи келемиш дагы эле кыймылдабай токойдун четинде жатты. Ал эми экөө болсо биротоло көрүнгөн жок.

– Алар жок, – деди бет кепчен киши. – Алар бизди алдады.

– Эмне болду? – деп сурады Фитсгиббон мырза.

– Оп-оңой эле, – деди дарыгер. – Алардын эки эшиги бар болчу, алар башка жагынан чыгып кетишти.

Ал карагаттын түбүнө келди да, буттары менен чырпыктарды тепкилеп эңкейди.

– Мынакей, – деди ал. – Өтө узун тешик экен. Мен көргөндөрдөн эң узуну.

Калган экөөнө ал минтти:

– Бешилик менен күрөктү алгыла.

Алар жарым сааттай казып, тешикти бойлой кууш жол салышты. Өзүнүн отурган жеринен Фрисби айым кууш жолдун

астын эмес, үстүн гана көрдү. Ошентсе да ал карап тура берди, үмүтүндө тигилердин сегизи деле жетиштүү деген ойдо калдыбы деп ойлогон.

Андан кийин күрөктүн бирөө жалт дей түштү, тигилер келемиштердин аштымканасына такалды.

– Мына дагы экөө, – деди кишилердин бирөө.

Чычкандын жүрөгү селт дей түштү. Ал ким? Чычкандын чуркап барып карагысы келди, бирок коркту.

– Абайлагыла, – деди дарыгер. – Аерде дале газ болушу мүмкүн. Чыгып кетсин.

– Өф ий! – деди бир киши. – Бу газ эмес, акыр-чикир экен.

– Дагы бир аз казгыла, – деди дарыгер.

Кишилердин бирөө дагы кичине каза түштү, анан дарыгер аңдын ичин карады.

– Акыр-чикир, – деди ал. – Кечээги тамак. Акыр-чикир менен эле эки өлүк келемиш.

Фрисби айымга тигил наараазы болгондой көрүндү.

– Экөө элеби? – деп сурады Фитсгиббон мырза.

– Ооба. Эмне болгону белгилүү да. Ушундай көлөмдөгү чоң уяда жок эле дегенде жыйырмадан ашык келемиш болушу керек эле. Бирок бу экөө тешикке эң жакын болсо керек. Алар газды жыттап алды, ошондон өлдү. Бирок андан мурда алар калган келемиштерди эскертип койду көрүнөт. Ошондуктан тигилер качып кетишти.

– Эскертип? – деп таңгалды Фитсгиббон мырза.

– Ооба, – деди дарыгер. – Алар акылдуу жаныбар болот. Айрымдары биз ойлогондон да акылдуу.

Дарыгер эркектердин бирине кайрылды:

– Бу экөөнү ала кетсек болот.

Тигил киши чүмбөттөн ак кагаз баштык менен эки кол капты алып чыкты. Аларды кийип, аңга кирди да, эки өлүк келемишти баштыкка салды. Ал Фрисби айымга далысы менен турган, ошондуктан ал тигилердин ким экенин көрө да албай койду.

– Мейли, – деди дарыгер. – Бүт көөмп салалы.

Алар кууш жолду топурак менен көмүп, чүмбөтүнө кайтып келишти.

– Эгер алар кутурган болсо, мага кабарлап коёсузбу? – деп сурады Фитсгиббон мырза.

– Кутурганынбы? – деди дарыгер. – Албетте, ооба. Бирок ишенбейм. Булар оорубагандай эле көрүнөт.

Дегеле оорубаган, деп ойлоду Фрисби айым, өлгөнү эле болбосо. Ал токойдун четине, дагы бир келемиш жаткан тарапка көз жүгүрттү. Мүмкүн, ал өлүп калгандыр? Ал келемиштин кыймылдаганын таң кала байкады. Же кыймылдаган жокпу? Туманда муну айтуу кыйын. Бирок бир нерсе кыймылдап жатты.

Чүмбөт унаа кеткенде Фитсгиббон мырза розанын түбүн эси ооп тиктеп турду. Ал өтө таңыркап жана абдан капа болду, балким, ал ушул эки келемиш үчүн мынчалык убаранын кереги бар беле дегендир, деп ойлоду чычкан. Албетте, калган келемиштердин бүт кетип калганын, эгинге зыян келтирбей алар биротоло кайтпай турган болушканын тигил билбейт. Анан Фитсгиббон мырза тескери бурулду да, үйүн карай жөнөдү.

Тигил коопсуз аралыкка жеткенден кийин Фрисби айым талдан түшүп, токойго чуркады. Жердин үстүнөн ал келемишти да, ал жаткан бадалды да башка көргөн жок, бирок багытты болжоп жүгүрдү. Кызыл карагайдын артындагы үйүлгөн жалбырактын жанында токойдун чети көрүнүп турду, ошол жердеги дүмүрдө баягындай эле бойдон келемиш жатыптыр.

Ал Брутус болчу. Аны жылдыра албай жанында Эйжис мырза турат. Ал жерге Фрисби айым энтигип жетип барды.

– Өлүптүрбү?

– Жок. Эси ооган, бирок тирүү, дем алып атат. Мен ага муну берсем, ал эсине келет деп ойлойм.

Эйжис мырза жанында жерде жаткан оймоктой эле кичинекей жабылган шишени көргөздү.

– Бу эмне?

– Ууга каршы зат. Биз ушундай болуп калаарын болжогонбуз, ошондуктан мен муну кечээ эле даярдап койгом. Брутус андан кичине дем алып, тиякка чейин жетип, анан кайра эси ооп калды. Башын көтөргөнгө жардам берди.

Эйжис мырза бир эле маалда Брутустун башы менен шишени көтөрө албайт эле. Эми Фрисби айымдын жардамы менен ал Брутустун оозун ачып, ага шишедеги бозоргон суюктуктан бир нече тамчы ичирди. Бир пастан кийин Брутус кулкулдаган үн чыгарды, оозундагысын жутуп, анан сүйлөй баштады:

– Караңгы, – деди ал. – Эчтеке көрбөй атам.

– Көзүңдү ач, – деди Эйжис мырза.

Брутус айтканындай кылды, анан эки жагын карады.

– Мен кутулдумбу? – деди ал. – Кантип кутулдум?

– Эсиңде жокпу?

– Жок. Коё тургула. Мен уяда болчумун. Алгач газды сездим, жыттуу, көңүлдү айнытып тумчуктурган жыт келди. Мен качканга аракеттенип көрдүм, бирок жерде жаткан бирөөнө чалынып жыгылдым. Газдан жутуп алсам керек. Туралбай койдум.

– Ананчы?

– Башкалар менин жаныман качып баратканын уктум. Мен аларды көргөн жокмун. Өтө караңгы эле. Анан алардын бирөө мага урунуп токтоп калды. Ал мени тургузду, мен качканга аракеттенип көрдүм. Башым өтө эле айланып атты. Улам эле жыгыла бердим. Анан мага дале жанагы келемиш жардам берди, мен дагы биртике кадам таштадым. Ал тарткылап, анан түрткүлөп отуруп мени тешиктин учуна жеткирди. Ошондо күндүзгү жарыкты көрдүм, аба таза болчу. Бирок аерде эч ким жок эле, мен башкалардын баары кетип калдыбы дедим. Ошондуктан нары чуркадым, андан башканы билбейм.

Фрисби айым сурады:

– Сага жардам берген неме эмне болду?

– Ал ким экенин билбейм. Мен аны көргөн менен, тигил мени менен сүйлөшкөн жок. Ал дем албай коёюн деди окшойт. Биз ийиндин аягына чыгып калганда, мен жарыкты көрдүм, тигил мени акыркы жолу түртүп жиберди да, артына кайрылып кетти.

– Ал кайра келдиби?

– Ооба. Билесизби, тиерде мен чалынган дагы бир келемиш калган. Менимче, ал ошого жардам бергени кайтып барды.

– Ким гана болбосун, – деди Фрисби айым. – Ал чыккан жок. Ал ошоякта өлдү.

– Ким гана болбосун, – деп кобуранды Эйжис мырза. – Ал эр жүрөк экен.



# СӨЗДҮН СОҢУ

Бир нече күндөн кийин эртең менен таң азандан бактын ичинде буурусун пайда болду. Фрисби айым трактордун дырылдаганы менен жерди акырын кырган болоттун кычыраганын укту. Ал кире берište сороюп, ириде коркуп, анан улам кайраттуурак карап турду. Үкү менен келемиштер бүт так эсептешиптир, ошондуктан эң жакын чыйыр анын тамынан бир кадамдай алыстыкта өттү.

Буурусун аңтарган жердин ылайларында кызылала сөөлжандар калып жатты, алар тыбырчылап бекинмек болуп, маланын үстүнөн секирген жазгы чыйырчыктардын үйүрү аларды качырбай чокуй башташты. Айдоо бүткөндөн кийин, сөөлжандар бүт жоголду (кай бирлери желди, дагы бирилери жердин астына кирип кутулушту), Фитсгиббон мырза маласы менен кайтып келип, багын дагы бир сыйра аралатты. Чыйырчыктардын бүгүн олжосу жакшы болду.

Малалагандан кийин Фитсгиббондор эки күн бою кетмен менен жашылча, чөп-чар, лоя, бериңгит, жүгөрү жана кычкылдыктын үрөндөрү салынган баштыктарын көтөрүнүп, үй-бүлөсү бүт келишти. Фрисби айым балда-

ры менен чыккан жок. Брутус менен Артур алардын эшигин Билли байкабай турган кылып алдынала бир тутам чөптүн аркасына жасаптыр.

Брутус менен Артур. Фрисби айым аларды Никодемус менен башка келемиштердей эле качандыр бир көрөөрүн ойлогон эмес. Брутус Эйжис мырзанын дарысын жутуп, жарым саат эс алып, анан Тикенектүүөрөөнгө кеткен үйүрүнө кошулмакка токойго жөнөдү. Эгерде келемиштер өз эгинин өстүрүп алса, анда алардын кайтуусу тууралу сөз да болмок эмес, бирок чычкан буга ишенбейт эле, алар өтө акылдуу болчу. Алардын иши оюнан чыкпаган күнү да, алар Фитсгиббондун чарбасына дегеле кайтышпайт.

Оюнда ал эптеп эле тигилерге барып, алардын жаңы тамын, кичинекей көлүн, өсүп жаткан үрөөнүн көрүп келсем дечү. Бирок өрөөн кайсыл жерде экенин ал элестете алган эмес, эмнеси болсо да ал саякат балдары менен ага өтө узак болмок. Ошондуктан ал суроолорду гана берип жатты: келемиштер да Фитсгиббондой болуп айдагандан кийин ушул маалда үрөн сээп атабы? Айрымдар Изабелланын апасындай болуп, балким, турмуштун кыйынчылыктарына күңкүлдөп отургандыр. Ошентсе да Женнер жана досторунун (эгерде ал Женнер менен достору болсо) окуялары, алардын өз тамын талкалаганды айтпаганда деле, бардыгын Никодемустун ойлору туура болчу деп ынандырат.

Фитсгиббондор үрөн себүүнү аяктады, андан соң бир-эки апта тынч болуп калды. Бирок бардыгы ошо бойдон калбайт. Көчөттөр чыгат, куш конбос өсөт, ал эми жаз менен жайда бүт чычкандарга тынч жашаганга жол бербей, бактын ичи кишиге толо болот.

Ошентип, өзгөчө жылуу май күндөрү Фрисби айым жана балдары кыштын оозун чырпык, чөп-чар, жалбырактар менен жаап, анан көрүнбөй турган кылып үстүнө топурак төгүп коюшту. Эгер иши оңунан чыкса, аларга күзүндө жаңы ооз жасап отуруштун кажети жок.

Жарым күн дегенде алар жайкы үйгө жетишти, шашпай басып, аба ырайына суктанып, жолдон токтоп жаңы өсүп чыккан калемпир чөптүн жалбырактарынан, токойдун четинде көгөргөн көктөмдөн, козу карындан жеп коюп жүрүп отурушту. Негизги оокаты кийинчерээк жолуккан күздүк буудайдын жаңы бышкан жумшак баштары болду.

Суунун боюндагы чоң талдын түбүнө жайкы үй кура турган болуп келгенде, балдары кыйкырып, күлүп, чуркап ойношту. Тимоти аларга кошулуп жүрдү, ошондуктан Фрисби айым тигинин биротоло айыкканына сүйүндү. Бакта алар өздөрү эле болчу, бирок суунун боюнда жайкысын дагы беш чычкандын үй-бүлөсү бала-чака менен жашачу. Келгенден бир пастан кийин мөндөлөйлөр сууга барып, көнөкбаштардын сүзгөнүн көрүштү.

Фрисби айым үйүн жыйыштырды: кышы менен куурап түшүп калган жалбырактарды чогултуп, жумшак жашыл чымдан төшөктөрдү ырастады. Үй татынакай болуп жер жыттанган кенен бөлмө болчу. Асты тебеленген ылайдан төшөлүп, ал эми чатыры догоо сыяктуу оролгон эмендин тамырлары менен жабылган.

Чымга бара жатканда ал коңшуларынын бири, Женис деген чычканга жолукту, тигинин да төрт баласы бар эле. Женис сүйлөшмөккө чуркап келди.

– Сиз биерге кеч келдиңиз, – деди ал. – Бирдеме болдубу дептирбиз.

– Жок, – деди Фрисби айым. – Баары жакшы.

– Бирок силер бакта жашабайсыңарбы? – деп такып сурады Женнис. – Силерди айдоодон коркот экен дегем.

– Билесизби, – деп түшүндүрдү Фрисби айым. – Биздин азыр жашаган жерибизди алар айдаган жок. Тамыбыз таштын артында.

– Силерге жакшы экен.

– Ооба.

Фрисби айым башка эч нерсени айткан жок: ал сырды айтпайм деп убада берген, анысын аткарат.

Ошентсе да ал азыркыга чейин балдарга айтсамбы деп күмөн санайт, бирок тигилерди сыр ачпагыгыла дейт. Кантсе да алар Жонатан Фрисбинин балдары эмеспи. Канчалык анын билишинче, канчалык Никодемустун билишинче, тигилер башка чычкандардан айырмаланышат, ошондуктан эмнеге экенин алар билүүгө укуктуу.

Эртеси кечинде эртерээк тамактанып алып, Фрисби айым балдарын чогултту.

– Балдарым, мен силерге бир окуяны айтып беришим керек. Ал узак окуя.

– Кандай кызык! – деп сүйүндү Синтиа. – Кайсыл окуяны?

– Чындыкты. Атаңар жана келемиштер жөнүндө.

– Келемиштер менен атабыз жөнүндө кантип болсун? – деп сурады Тереза.

– Анткени ал тигилердин досу болчу.

– Досу? – Мартин таңгалды. – Мен аны билбептирмин.

– Бу окуя силер төрөлө электе болгон.

Бардыгын таңгалдырып Тимоти минтти:

– Менимче, алар дос болгон. Эйжис мырза да болсо керек.

– Сен муну кайдан билдиң?

– Билген эмесмин. Жөн гана болжолдогом. Бир-эки жолу Эйжис мырза розанын түбүнөн чыкканын көргөм. Атам дагы мурда аларга барып турганын билем. Бирок аны мен розанын түбүнөн көргөн эмесмин.

Мүмкүн, деп ойлоп койду Фрисби айым, анткени ал бизди көрбөсүн деп дайыма карагаттын түбүнөн кетчү.

Алар тамдын босогосуна отуруп, анан ал төкпөй-чачпай өзүнүн келемиштерге биринчи жолу барганын, эмнелерди көргөнүн, эмне кылганын, Никодемус ага айтып бергенин бүт баяндады. Ал сүйлөп бүткүчө күн батып, асман кыза-

рып, тоолордун чокусу чагылышып турду, алардын артындагы бир жерде МОУИнин келемиштери жашайт.

Чычкан келемиштердин МОУИден качканын айтып бергенде балдарынын көздөрү алая түштү, өзүнүн туткундагысын, куш капасынан качкандагысын баяндаганда тигилердин көздөрү андан беш бетер чекчейди. Бирок аңгемесинин соңунда Тереза менен Синтианын көздөрү жашка толуп, Мартин менен Тимотинин кабагы бүркөлдү.

Тереза минтти:

– Бирок, апа, бу өтө жаман да. Ошо Жастин болсо керек. Ал Брутусту куткарып, кайра дагы барыптыр. Ал ушунчалык татынакай эле.

Фрисби айым жооп берди:

– Жастин болушу да мүмкүн. Бирок так билбейбиз да. Башкасы деле болушу мүмкүн.

Мартин үч катты:

– Мен муну билип келем. Эртедир-кечтир мен Тикенектүү өрөөнгө барам.

– Бирок ал өтө алыс. Анан дагы сен анын каерде экенин билбейсиң.

– Билбейм. Бирок Жереми билет деп ишенем. Эсиңиздеби, ал келемиштер тоодо бир жерди тазалап атат деген. Ошо Тикенектүү өрөөн болсо керек.

Ал бир аз ойлонуп калды. Анан кошумчалады:

– Ал сизди жеткиргендей кылып мени да жеткирсе болот эмеспи.

– Бирок биз Жереминин каерде экенин билбейбиз да. Биерден бизге каргалар көрүнбөйт, – деп эскертти ага Фрисби айым.

– Көрүнбөйт, бирок күзүндө биз бакка кайтканда мен аны табам. Жылтырак бирдемем болсо мен аны күнгө коюп коём, ал учуп келет, – Мартин ойго батты. – Апаке, ошентсем болобу?

– Билбейм. Келемиштер конокторго ыраазы болобу?

– Алар каршы болбойт. Кантсе да аларга сиз жардам бергенсиз, атам деле. Мен болсо аларга зыян апарбайм.

– Муну биз бүгүн чечпейбиз, – деди Фрисби айым. – Мен ойлонуп көрөйүн. Кеч кирип калды эми. Жатыш керек.

Күн батты. Алар үйгө кирип, Фрисби айым тамырлардын түбүндөгү бөлмөнүн астына төшөгөн жумшак чымдарга жатты. Сыртта токойдо суу жай агып, анын үстүнөн майин жел жүрүп, килейген эмен талдын жаңы ачылган жалбырактарын шуудуратты. Тигилер уктап калды.

# МАЗМУНУ

Тимоти Фрисбинин оорусу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 4
Эйжис мырза . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 13
Карга менен мышык . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 20
Фитсгиббон мырзанын буурсуну . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 27
Беш күн . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 33
Жереминин жардамы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 39
Үкү . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 45
«Келемиштерге бар» . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 53
Роза гүлүнүн алдында . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 61
Брутус . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 67
Китепканада . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 75
Изабелла . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 83
Ажыдаар үчүн дары . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 89
Базар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 97
Капаста . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 104
Баш аламан . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 112
Окуу сабагы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 120
Жел өткөрүүчүлөр . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 129
Бонифейстин ээлиги . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 142
Башкы бөлмө . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 149
Оюнчук чайкагыч . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 158
Тикенектүү өрөөн . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 166

Туткунда . . . 177
Жети өлүк келемиш . . . 185
Качуу . . . 192
Чогулушта . . . 203
Дарыгер . . . 212
Сөздүн соңу . . . 223

Көркөм-адабий басылма

**Роберт С. О'Брайен**

# ФРИСБИ АЙЫМ ЖАНА МОУИДЕГИ КЕЛЕМИШТЕР

*(повесть)*

Которгон *Т. Мадылбай*

Бишкек, «Турар» басмасы
*Кыргыз тилинде*

Редактору *Сарманбетов А.*
Корректору *Качкымбаев М.*
Компьютердик калыпка салган
жана мукабаны көркөмдөгөн *Төлөбеков Р.*

Басууга 20.11.2015-ж. кол коюлду.
Офсет кагазы. Кагаздын форматы 60x84 $^{1}/_{16}$.
Көлөмү 14,5 б.т. Заказ № 1395. Нускасы 3000.

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек ш., Горький к., 1.







Роберт С. О'Брайен (O'Brien; чыныгы аты Роберт Лесли Конли, Conly; 1918–1973). Көп жыл бою «National Geographic» журналында иштеген, бирок 45 жашка чыккандан кийин глаукома оорусунун айынан кызматын токтоткон. Бош убактысында балдар үчүн АКШда абдан белгилүү болгон чыгармаларды жазган. 1971-жылы анын МОУИде үйрөтүлгөн келемиштер тууралуу атактуу баяны чыгат, анын негизинде 1982-жылы толук кандуу мультфильм тартылат. Атасы дүйнөдөн кайткандан кийин жазуучунун кызы анын ишин улантып, 1986-жылы жана 1990-жылдары МОУИдеги келемиштер жөнүндө дагы эки китеп чыгарган.